КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИНИН
АЛДЫНДАГЫ К.ДИКАМБАЕВ АТЫНДАГЫ
ДИПЛОМАТИЯЛЫК АКАДЕМИЯСЫ

Кол жазма укугунда

УДК 321.64:321.02(575.2)(043.3)

**Темирбекова Асель Темирбековна**

# АВТОРИТАРДЫК БАШКАРУУ ТОТАЛИТАРИЗМДЕН ДЕМОКРАТИЯГА ӨТҮҮ МЕЗГИЛИНДЕГИ САЯСИЙ ПРОЦЕССТИН МҮНӨЗҮ КАТАРЫ (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИСАЛЫНДА)

23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар
саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн

**диссертация**

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору,
профессор А.А.Акунов

Бишкек

# МАЗМУНУ:


| | | |
|---|---|---|
| **Киришүү** | | 4-11 |
| **Глава I** | Авторитаризмди саясий режимдин тиби катары изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери | |
| 1.1. | Авторитаризм саясий илимдин категориясы катары жана авторитардык режимдердин заманбап түрлөрү | 12-34 |
| 1.2. | “Авторитардык инсандын башкаруусу” түшүнүгүн аныктоону изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери | 34-51 |
| **Глава II** | Авторитардык башкаруу Кыргыз Республикасындагы саясий процесстин мүнөзү катары | |
| 2.1. | Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин калыптанышы жана өнүгүшү: негизги баскычтары. | 52-64 |
| 2.2 | Коммунисттик тоталитаризмден демократияга өтүүдө сөзсүз түрдө авторитардык бийлик керек экендиги жөнүндөгү акаевдик теория жана анын парадокстары | 65-84 |
| **Глава III** | Кыргызстанда парламенттик республиканы орнотуу аркылуу демократияны куруугa багыт алуу жолу | |
| 3.1. | Кыргызстандын демократияны куруугa карай татаал жолундагы “үч ашуу” же демократиянын үч толкуну. | 85-114 |
| 3.2. | Кыргызстандын парламенттик республика башкаруу формасына карай багыт алышы авторитардык режимди алсыратуу жана демократиялык институттар менен механизмдерди бекемдөө катары. | 114-134 |
| 3.3. | 2021-жылкы жаңы Конституция: Кыргызстан мамлекеттик башкаруунун президенттик республика формасына кайтууда. | 134-148 |

Корутунду 149-156
Практикалык сунуштар 156-158
Колдонулган адабияттардын тизмеси 159-175

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Постсоветтик республикалардагы саясий процесстердин анализи коомдук аң сезимде авторитардык тенденциялардын күчөп баратканын көрсөтүүдө. Саясий атаандаштыктын азайышы, шайлоолордун формалдуулугу, көп партиялуулук системасынын алсыздыгы, коррупцияга баткан саясий элита, бизнестин мамлекеттик бийликке карата ишениминин төмөндүгү, мамлекеттик кызматкерлердин мыйзамга эмес, тескерисинче, өзүнөн жогору турган башчыларына баш ийүү адатынын кулач жайышы, район менен облус, мекеме менен ишкана жетекчилерин жамаат тарабынан шайлоо сыяктуу демократиялык элементтердин жана процедуралардын жоюлушу ж.б. көптөгөн көрүнүштөр авторитаризмдин күчтүү экендигинен кабар берет.

Борбордук Азиядагы постсоветтик республикалардын арасынан “демократия аралчасы” деп аталган Кыргызстанда да башкаруунун авторитардык элементтери кеңири орун алгандыгы тууралуу окумуштуу изилдөөчүлөр да, серепчи-аналитиктер да айтып келүүдө. Мамлекеттик башкаруунун бийликтердин үч бутакка бөлүнүшү жана алардын тең салмактуулугу, көп партиялуулук, парламентаризм сыяктуу демократиялык институттары жок өлкөдө жүргүзүлгөн саясий трансформациянын, рынок мамилелерине негизделген социалдык-экономикалык өзгөртүүлөрдүн жыйынтыгында авторитардык башкаруу саясий институттардын ишмердигинде белгилүү бир деңгээлде нормага айланып, көнүмүш эреже катары болуп калгандыгын көрүүгө болот.

Ошентип, С.Хантингтон белгилеген демократиялаштыруунун үчүнчү толкунунун [113. с.370] аякатшы менен дүйнө тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы айдыңга авторитаризм чыкканын мойнуна алууда десек туура болот. Ушундан улам демократиялык эмес саясий режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө болгон окумуштуулардын кызыгуусу акыркы жылдары кескин жогорулады десек болот.

Өзгөчө, постсоветтик республикалардагы, Борбордук Азия, анын ичинен Кыргызстандагы саясий процесстер демократиялык эмес саясий режимдердин көз карашынан алып караганда изилдөөчүлүк кызыгууну туудураары шексиз. Кыргызстанда жана анын чегинен тышкаары да, акыркы жылдары авторитаризмдин жаңы формаларына жана анын ар кандай көрүнүштөрүнө арналып жарык көргөн илимий жана илимий-популисттик макалалардын санынын көптүгү буга мисал жана далил болуп эсептелет. Бул изилдөөлөрдүн теориялык жана изилдөөчүлүк ыкмалары ды ар кылдуу жана көп түрдүү.

Бул диссертацияда авторитардык башкаруунун элементтеринин Кыргыз Республикасындагы саясий процесстерге тийгизген таасири ар тараптуу изилдөөгө алынды. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандагы саясий режимдин чыныгы табиятын таанып билүүгө өбөлгөлөрдү түзөт. Кыргызстанда мамлекеттик бушкаруунун оптималдуу моделин издөө процесси дагы деле уланып жатканын эске алсак, анда бул теманын актуалдуулугу дагы көбүрөөк айкын болот.

**Изилдөөнүн максаты.** Советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин аныктоо диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн милдеттери.**

-Авторитаризмди саясий режимдин тиби катары изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин изилдөө;

- Авторитардык режимдердин заманбап түрлөрүн ачып берүү;

-“Авторитардык инсандын башкаруусу” түшүнүгүн аныктоону изилдөөнүн концептуалдык негиздерин ачып берүү;

-Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин калыптанышы жана өнүгүшүн изилдөө жана негизги баскычтарын белгилөө;

-Кыргызстандын демократияны курууга карай татаал жолундагы “үч ашуу” же демократиянын үч толкунун мүнөздөө;

-Заманбап Кыргызстандын парламенттик башкаруу формасына карай багыт

алышынын укуктук-сасий негиздерин изилдөө.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы.** -Ата мекендик саясий илимде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөөлөрдүн бири. Анда саясий модернизация процессинде авторитардык башкаруунун элементтеринин саясий процесске тийгизген таасири иликтенген;

-“Демократия аралчасы” деп аталган эгемен Кыргызстанда башкаруунун авторитардык элементтери эгемендиктин алгачкы күндөрүнөн баштап эле орной баштаганы аныкталган;

-Кыргызстандагы постсоветтик авторитаризмдин өнүгүү өбөлгөлөрү жана логикасы изилденди;

-Аксы окуялары, 2005-жана 2010-жылдардагы күч менен бийлик алмашуулар өлкөдөгү авторитардык башкаруунун саясий процесске тийгизген терс таасиринин жыйынтыгы катары изилдөөгө алынды;

- Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин калыптанышы жана өнүгүшү алгачкы жолу негизги баскычтарга бөлүнүп иликтенди;

- Азыркы Кыргызстандын мамлекеттик башкаруунун парламенттик формасына карай багыт алышы өлкөдөгү авторитардык режимди алсыратуу жана демократиялык институттар менен механизмдерди бекемдөө маанисинде изилденди;

-Заманбап Кыргызстандагы стабилдүүлүк менен ынтымакка терс таасир берүүчү авторитардык бушкаруунун көйгөйлүү жактары иликтенди.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары, илимий айлампага киргизилген эмпирикалык маалыматтар мамлекеттик бийлик органдары тарабынан пайдаланылышы мүмкүн. Эгемен Кыргызстандын соңку жаңы саясий тарыхын жазууда, ошондой эле илимий-изилдөө мекемелеринин ишмердигинде, политология сабагын жана атайын курстар менен атайын семинарларды даярдоодо жана өтүүдө, мамлекеттик кызматкерлерди кесиптик кайра даярдоодо диссертациялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктарын пайдалануу максатка ылайык келет.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор.**

1. Тигил же бул өлкөдө авторитардык башкаруунун жана демократиянын тартыштыгынын келип чыгуу себептерин түшүнүү жана аныктоо үчүн, ошондой эле, өлкөдө калыптанган режимдин түрү кандай экендигин аныктоо үчүн, изилдөө чөйрөсүнө бийлик орундарына жана жогорку кызматтарга жетүү тармагын гана эмес, бюрократиянын сапаты жана саясий маданияттын деңгээли сыяктуу параметрлер менен байланышкан мамлекеттик башкаруунун тармагын киргизиш абзел. Мыйзамдын күчүнө (power of law) караганда күчтүүнүн укугунун (law of power) үстөмдүк кылуусунун чыныгы табиятын таанып билүү зарылылдыгы жөнүндөгү жобо;

**2.** Саясат таануу илиминде "саясий режим" термининин көптөгөн аныктамалары жана түшүндүрмөлөрү бар экендиги маалым. Эреже катары, постсоветтик авторитаризмди талдоонун изилдөө көйгөйлөрүнөн улам "саясий режим" категориясын шайлоо жараянынын сапаттык жана атаандаштыктын бир өлчөмдүү мерчемдин чегинде гана карап чыгуу аз натыйжа берчүдөй.Ошондуктан, бул изилдөөдө, саясий режим бийлик кызматтарына жетүү каналдарын жөнгө салуучу жана мамлекеттик башкаруунун моделин калыптандыруучу расмий жана расмий эмес эрежелердин жыйындысы катары аныкталат Режимдин жалпы табиятын, б.а. анын авторитардык же полиархиялык (демократиялык) мазмунун гана эмес, авторитардык тажрыйбанын мүнөзүн аныктоо үчүн башкаруу моделинин түрү жана анын расмий институтташтыруу деңгээли сыяктуу критерийлерди да эске алуу маанилүү;

3. Демократияга өтүү десе эле, анда өлкөдөгү башкы социалдык-экономикалык көйгөйлөр өзүнөн-өзү эле чечилип калбастыгын түшүнгөндөн кийин коомдун "авторитаризмге карата ностальгиясы - кусалык, каалоосу" – "ийгиликсиз" демократияга карата жооп катары чыкты. Демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мына ушул себептерден улам дээрлик бардык постсоветтик республикаларда саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки чеккеооп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине,

анын тикетүзүмдөрүнө өттү. Башкача айтканда, тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы жайыкка авторитаризм чыккандыгы жөнүндөгү жобо;

4. Түп тамырынан бери өзгөртүүлөрдү башынан кечирип жаткан коомдо, каатчылык, келечекке ишенбөө, учурдагыдан көңүл калуу өз өкүмүн сүрүп турган мезгилде "авторитардык башкарма тумоосу" маданияттын бир бөлүгү болуу менен, күчтүү абройлуу бийлик адамына болгон муктаждыкты, кадимки маданий жана жүрүш-туруш тажрыйбасын сактоо зарылдыгынын пайда болушуна жагымдуу шарттарды түзөт. Авторитардык башкаруу режиминин пайда болушу менен бирге, Кыргызстандын соңку жаңы тарыхынын мисалы көрсөткөндөй, өткөөл коомдордо, каатчылык мезгилинде да, кескин өзгөрүшүнө жана келечекке ишенбестик абалында ксенофобия (үчүнчү күчтөр коркунучу), маданий өзгөрүштөргө (көп түрдүү диндик радикализм, батыштык массалык маданияттын күстүү таасири) жана этностук азчылыктарга карата сабырсыздык (2007-жылдагы кайгылуу июнь окуялары) пайда боло тургандыгы жөнүндөгү жобо;

5. Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында орун алган Аксы окуялары менен эки жолку саясий ыңкылыптын тажрыйбалары көрсөткөндөй, буга дүйнөлүк тарыхта да мисалдар көп, 2014-жылы 20-24-февралдагы Украинадагы окуялар дагы бир жолу далилдегендей өлкөнүн башчысы өзүнүн мамлекетин, Сингапур мамлекетинин премьер-министри Ли Куан Ю сыяктуу, кыска мезгилдин ичинде гүлдөтүп, тездик менен өнүктүрүп, үчүнчү дүйнөдөн биринчиге алып чыгып, өз элинин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, бүткүл дүйнөгө атагы чыгыщы да мүмкүн экен, же болбосо, өзүнүн акылынын, көз карашынын тайкылыгынан, "кетмен сабындай" кекиртегинен, ач көздүгүнөн жана намысынын жоктугунан, Н.Чаушеску, Б.Тито, С.Хусейн, М.Каддафи, А.Акаев, К.Бакиев, В.Янукович сыяктуу, өз элинин жакшы жашоого болгон үмүтүн уурдап, мамлекеттин көз карандысыздыгынын тамырына балта чаап, коомду бөлүп-жарып, элди бири-бири менен чабыштырып, терең саясий-экономикалык жана социалдык каатчылыкка кабылтып коюушу да мүмкүн экен...

6. Мыйзамдуулук гана, атка минерлердин мыйзам алдындагы толук жоопкерчилиги гана, бийликтин толук ачыктыгы менен адилеттүүлүгү гана элдин мамлекеттик бийликке карата ишенимин кайтарып, көп улуттуу өлкөнүн ынтымагы менен биримдигин кепилдей алат. Ааламдашуунун оп тартма айлампасында руху күчтүү, маданияты бийик, биримдиктүү, жаратман улуттар гана өзү тандаган багыттан чыкпай, дүйнөлүк коомчулук менен тыкыз алакада болуп, бакубат турмушта жашап, кылымдардан бери аздектеген ата мурасын келечек муунга өткөрүп бере алат. “Авторитардык башкарма тумоосунан” коомду айыктыруунун, б.а. авторитардык чагылууну, бийликтегилерге чөгөлөп кошомат кылууну жоюунун натыйжасында бийлик менен куру барктануунун бардык түрүнүн маанисинин төмөндөшү, өзүн-өзү көрсөтө билүүнүн, саясий катышуунун, келечекке ишенүүнүн артыкчылыгы, ошондой эле жашоо-турмушунун бакубаттуулугунун, жашоо сапаты, жекече өзүн-өзү көрсөтө билүүнүн артыкчылыгы пайда болот. Бул багыттар демократиялаштырууга ыңгайлуу шарттарды түзүшөт.

7. Парламенттик башкарууга 2010- жылдан тартып багыт алган Кыргыз Республикасы - кош элдик ыңкылапты жүзөгө ашырган элдин демократиячыл мүдөөлөрү менен асыл-нарктарын жүзөгө ашырып берчү келечектүү мамлекет болсун үчүн бардык жарандар, бардык бийлик бутактары, саясий партиялар, коомдук, анын ичинде бейөкмөт уюмдар жана башка бирикмелер менен жамааттык топтор бардык демилгелүү иш-аракеттерди улантышы зарыл. Эки жолку элдик көтөрүлүштөн кийин мамлекеттик бийликтин бутактары чынында эле элдин каарынан коркуп, коомдук маанай менен эсептешип калды. Коомдук аң-сезим да кескин өзгөрүп, эркин жана глобалдуу ой жүгүрткөн, өз укуктарын коргой билген, алдына бийик максаттарды койгон, иштин көзүн билген, иштерман жана сабаттуу, коррупцияга булганбаган жаштардын мууну пайда болууда. Алардын улуттун тарыхына, тилине, салтына болгон кызыгуулары артып, аларды изилдөөгө жана жазууга болгон талаптар көбөйүүдө. Тарыхты жазууда азыр мурдагыдай коммунисттик идеологиянын кадам сайын койгон тосмолору жок. Кыргыз тарыхын изилдөө үчүн керек болгон булактардын

географиясы да бүгүнкү күндө эбегейсиз кеңейген.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги тыянактары менен жоболору изденүүчүнүн жеке илимий иликтөөлөрүнүн жыйынтыгы болуп эсептелет. Изденүүчүнүн өзүнүн илимий жетекчиси менен соавторлоштукта жарык көргөн бир илимий макаласы бар, андагы изденүүчүнүн үлүшү элүү пайызды түзөт. Илимий жетекчиси менен биргелешип жасаган илимий билдирүүлөрү бар.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары менен жоболору республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда, тегерек столдордо чыгып сүйлөөнүн жүрүшүндө апробацияланган. Изилдөөнүн материалдары автор тарабынан мезгилдүү илимий журналдарда жана эл аралык басылмаларда жарык көрдү.

**Диссертациянын натыйжаларын жарыялоодо чагылдыруунун толуктугу.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары менен теориялык жоболору ЖАКтын тизмесине кирген басылмаларда жарык көргөн 11 макалада жарыяланган. Анын ичинен үч макала чет элдик индекстүү журналдарда жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, жети бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

# ГЛАВА I. АВТОРИТАРИЗМДИ САЯСИЙ РЕЖИМДИН ТИБИ КАТАРЫ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Авторитаризм саясий илимдердин категориясы катары жана авторитардык режимдердин заманбап түрлөрү

Постсоветтик аймактагы көз карандысыз бардык жаңы мамлекеттер укукчул демократиялык коом курууну жана либералдуу рынок экономикасына өтүүнү өздөрүнүн көксөлүү максаты кылып жарыялашты. Бирок реалдуу турмушта бул максат КМШнын көп өлкөлөрүндө жалган элеске, закымга айланды.

СССР жоюлуп, саясий бийликтеги партиялык монополия жок болгон соң постсоветтик мейкиндиктегибардык көз карандысыз жаңы мамлекеттерде жаңы элитанын кайра уюткалануу процесси таасын-так көрүнгөн кош бийлик мүнөзүнө ээ болду. Дээрлик бардык жерде бийликтин карама-каршы эки борбору түзүлдү: бир уюл Жогорку Советтердин президиумдары тегерегинде пайда болуп, советтик мекемелердин бүткүл тиктүзүмдөрүнөн куралды; экинчи уюл президенттинтегерегинде жаралып, ага жалпы аткаруу бийлигининтиктүзүмдөрү кирди. Ошо кездеги кыргыз парламентинин депутаты катары мен муну өзүм көргөм жана жакшы билем – деп белгилейт профессор Ж.Сааданбеков [101, 218-225-б.]. Бийликтин эки борбору – Жогорку Совет менен Президент - ортосундагы күрөш өтө принциптүү мааниге айланды: кеп саясий кайра куруулардын эки концепциясы, бийликти уюштуруү формалары, ошондой эле реформаларды жүргүзүү ыкмалары ортосундагы кагылыш жөнүндө болду. Саясий эки корпорация бийликти жана менчикти бөлүштүрүүд чечүүчү ролго, бийлик монополиясына жетишүү учун кагылышты. Бул кармаштын социалдык мааниси мына ушунда болду [101, 218-б.].

Бул кармаштын жүрүшүндө генетикалык жактан Советтер бир партиялуу коммунисттик диктатурага жакын экени айкындалды, ушунун өзү аларды либералдык демократиянын принциптерине таптакыр төп келбеген бийлик формасына жана анын ресурсуна айлантты. Биздин Жогорку Кеңеш ошо кезде пландуу экономикадан рынокко өтүү маселелеринде ашкере консервативдүү

позицияларда турду, бийликти бөлүштүрүүнүн демократиялык принциптерин четке какты,мамлекеттижанаэкономиканы борборлоштурууну жактады. Жагдайды женгө салуунун социалдык механизми катары көбүнесе укук же мыйзам эмес, патрон-клиент мамилеси колдонулду, бийлик бөлүштүрүү иши болсо көп жагынан кландардын жана трайбалисттик топтордун бийлик үчүн күрөшүн эстетип калды. Жогорку Кеңештин аткаруу бийлигинин тикетүзүмдөрү менен өз ара мамилеси көчкө салма мүнөзгө айланды, парламентчилер "митингечил демократиянын" шарпа- шарына көмүлүп, өкмөттүн оперативдүү ишин такай камалап турушту.

Натыйжада өлкөдө анархия жана аламанчылык өкүмсүрүп, мамлекет өзүнүн маңыз-маанисин жоготуп, жок болуу коркунучуна кептелди. Балтика боюндагыларды эске албаганда постсоветтик аймактагы башка өлкөлөрдө да болжол менен ушундай эле абал түзүлдү. Ошо кездеги парламенттер кантип жоголгонун баарыбыз жакшы билебиз. Россиянын Жогорку Совети 1993-жылы танктардан атылды. Казакстанда жана Кыргызстанда парламенттер өздөрүн өздөрү таркатып, тарыхтын эски барагында калышты. Бул, албетте, парламентаризм эмес, протопарламентаризм болгон эле, эгер ал дагы биртке бийликте кармалып турса, анда көз карандысыз жаш мамлекеттерди союздун өзүндөй эле оролдо ойрон болуу жолуна түртөрү кадиксиз болчу.

Мына ушул себептен улам дээрлик бардык республикаларда саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки мөлчөргө ооп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине, анын тикетүзүмдөрүнө өттү. Башкача айтканда, тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы жайыкка авторитаризм чыкты[101, 219-б.].

Саясат таануу илиминдеги саясий режимдерди изилдөөнүн көп жылдык салты жана өнүккөн теориялык жана усулдук негздери бар. Коомдук илимдерде “саясий режим” категориясы түрдүү аныктамаларга ээ. Сунуш кылынган аныктамаларды жалпы жонунан эки багытка: минималдык (процедуралык-электоралдык) жана кеңири (саясий-коомдук) деп бөлсөк болот.

Минималисттик багыт Й.Шумпетердин [117]. эмгектеринде баяндалган

демократиянын элиталык теориясынан жана Р.Далдын [28]. “полиархия” концепциясынан башат алган. Теоретиктердин экөөсү тең режимди элитаны ротациялоонун механизми (ыкмасы) деп түшүнүшкөн. Й.Шумпетер демократиялык режимди “шайлоочулардын добушун тартууда жетишкендиктерге ээ болгон белгилүү индивиддерге саясий чечимдерди чечүү мүмкүнчүлүктөрүн берген саясий ыкма (институционалдык түзүлүш)” деп аныктаган [117, с.269]. Р. Даль саясий режимдердин типтелишин эки ракурстун: саясий жактардын (субъекттердин) атаандашуу даражасы жана массалардын саясий жараяндарга катышууга жетүү деңгээлинин негизинде түзгөн. Бул эки критерийлердин максималдуу мааниси демократиянын (полиархиянын) минималдуу белгилери болуп саналат, жана алардын баарынын же кайсы-биринин жоктугу демократиялык эмес режимдердин түрүн: көмүскө үстөмдүк (гегемония), ачык үстөмдүк (гегемония) жана атаандаштык олигархияны бардыгын белгилегенге мүмкүндүк берет [28, с.9-12].

Бул ыкмага ылайык, саясий режим *бийликке жетүү каналдарын* аныктаган эрежелердин жана жол-жоболордун жыйындысы катары түшүндүрүлөрүн белгилей кетүү жеңил болот. Режимдин минималисттик аныктамасы саясий илимдерде кеңири таралгандардын бири болуп калды.

"Саясий режим" түшүнүгүн аныктоодогу *кеңири багыт*, аны мамлекеттик кызмат орундарына кирүү канал катары гана эмес, мамлекеттик башкаруу, бийликти жүргүзүү жана мамлекеттик бийликтин коом менен өз ара аракеттенүү механизмдеринин кең спектри сыяктуу аспекттерди өзүнө камтыган көп маанилүү аныктаманы чечмелөөдөн турат. Режимди өлчөөнүн төрт ченемин: өлкөдөгү калктын саясий мобилдүүлүгүнүн даражасы, коомдук-экономикалык плюрализмдин чектери, өкүм кылган идеологиянын болгону же жоктугу жана бийликти ишке ашыруудагы конституциянын ролу сунуш кылган окумуштуулар Х.Линц менен А.Степандын түшүнүгү (концепциясы) бул ыкманын жакшы белгилүү мисалы болуп саналат [78]. Бул көз караштан алганда режимдин тиби шайлоо процедураларынын жана шайлоо жараянынын

сапатын баалоонун негизинде гана эмес, коомдук-экономикалык, бийлик-башкаруу жана маданий мүнөздөгү болушунча кеңири көрсөткүчтөрдүн негизинде аныкталат.

Айтылган эки багыттын чегинде "саясий режим" категориясын аныктоодогу айырма коом менен мамлекеттик өз ара катнашуунун тигил же бул деңгээлине басым жасоодо турат.

Ошондуктан, тиги же бул өлкөдө авторитардык режимдин жана демократиялык тартыштыгынын келип чыгуу себептерин түшүнүү үчүн, ошондой эле белгилүү режимдин түрүн аныктоо үчүн талдоо чөйрөсүнө бийлик орундарына жетүү тармагын гана эмес, бюрократиянын сапаты сыяктуу параметр менен байланышкан мамлекеттик башкаруунун тармагын киргизиш абзел. Постсоветтик өнүгүүнүн мисалында төмөндө көрсөтүлгөндөй, шайлоо практикасынын сапатынын эрозиясы бюрократиянын рациналдаштыруу жараянынын [30, с.109] аягына чыкпаганынын жана мыйзамдын күчүнө (power of law) караганда күчтүүнүн укугунун (law of power) үстөмдүк кылуусунун кесепети болуп эсептелет. Мындан тышкары, мурдагы союздук республикалардын режимдерин талдоо үчүн шайлоо жараянынын сапатын бир чендүү баалоо жана «авторитаризм - демократия» дихотомиялык чени менен гана бекитилиши таанып билүү мүмкүнчүлүгүн чектейт, себеби калыптанган постсоветтик режимдердин авторитардык табияты ачык көрүнүүдө. Өлкөлөрдүн ар бириндеги авторитардык калыптардын өзгөчөлүктөрүн баалоо, ошондой эле ар кандай демократиялык эмес түрлөрдүн чегинде режимдик өзгөрүүнү белгилөөгө мүмкүндүк берген түшүнүк картасын (типологиясын) иштеп чыгуу кыйынга турат. Бул маселелер үчүн, бийликке жетүү каналдарын баалоодон тышкары, авторитардык өкүм сүрүүнүн мүнөздүү механизмдери тууралуу кошумча маалымат бере ала турган мамлекеттик башкаруу өзгөчөлүктөрүн эске алуу маанилүү.

Постсоветтик авторитаризмди талдоонун изилдөө көйгөйлөрүнөн улам "саясий режим" категориясын шайлоо жараянынын сапаттык жана атаандаштыктын бир өлчөмдүү мерчемдин чегинде гана карап чыгуу аз

натыйжа берчүдөй. Режимдин жалпы табиятын, б.а. анын авторитардык же полиархиялык (демократиялык) мазмунун гана эмес, авторитардык тажрыйбанын мүнөзүн аныктоо үчүн башкаруу моделинин түрү жана жана анын расмий институтташтыруу деңгээли сыяктуу критерийлерди да эске алуу маанилүү. Ошондуктан, бул изилдөөдө, саясий режим бийлик кызматтарына жетүү каналдарын жөнгө салуучу жана мамлекеттик башкаруунун моделин калыптандыруучу расмий жана расмий эмес эрежелердин жыйындысы катары аныкталат.

Изилдөө үчүн негизги категорияны тактап жатып, алгач авторитаризм менен режимдин башка түрлөрүнүн ортосундагы айырманы айкындап алуу зарыл.

Саясий илимдерде демократияны теориялоонун узак салты бар, ал эми авторитаризм акыркы мезгилге чейин демократиянын негизги мүнөздөмөлөрүнө ылайык келбеген режимдин бардык түрлөрү камтылган калдыктык категория катары саналып келген. Натыйжада, авторитаризмдин элементтери жана белгилери жетиштүү түрдө тутумдаштырылбаган жана концептуалдуу негизделбеген бойдон калууда.

Заманбап саясий илиминде, азыркы мезгилге чейин авторитаризмге демократияга салыштырмалуу бир кыйла аз көңүл бурулуп келген. Чемпиондорго караганда уттургандарга аз көңүл бурулган спорттук журналистика сыяктуу, саясат таанууда авторитаризмдин белгилери бар өлкөлөргө келечекте демократия аттуу байгеге жетүү зарылчылыгы алдында турган, азырынча “ийгиликсиздер” сыяктуу көз караш кеңири жайылган. Авторитардык мамлекеттердеги демократиялашуу аракеттери аларга кызыгуу толкунуна себепкер. Бирок ага жеткенче авторитардык режимдер изилдөө кызыкчылыгынын сыртында калып жатат.

Ошого карабастан, авторитардык режимдерди изилдөө тарыхы, албетте, бар. Саясий илимдер алкагында авторитардык режимдерди изилдөө тарыхы жөнүндө сөз кылсак, изилдөөнүн бул багытынын өнүгүүсүнүн үч баскычын (үч толкунун) [118] бөлүп чыксак болот. Ар бир баскыч С. Хантингтон [113] бөлүп

чыккан демократиялаштыруунун толкундарынын аякташы менен шартталган. Иш жүзүндө, бул дүйнөдөгү демократиялык катары таанууга боло турган режимдердин санынын кыскаруусун билдирген. Өз кезегинде, демократиялык эмес режимдердин саны көбөйгөн. Дүйнөлүк контекстте демократиялаштыруу кадамдарды аяктагандан кийин болгон “авторитардык артка кетүүлөр” бул жараяндарды пайда кылган себептерин түшүнүү жана демократиялык эмес режимдердин жаңы түрлөрүн аныктоону талап кылган. Ошон үчүн, "авторитардык артка кетүү" авторитаризм кубулушуна академиялык кызыкчылыктын жарылуусун чакырган жана ушул маселе боюнча изилдөөлөрдүн саны өсүшүнө алып келгендиги таң калыштуу эмес (Кар. Тиркеме, схема 1).

Саясий режимдердин демократиялык эмес түрлөрү талдоонун басымында саясий ойдун калыптануусунун башталышында эле калган. Антикалык мезгилде эле философтор саясий түзүлүштүн тирания, олигархия, аристократия, диктатура жана башка ушул сыяктуу түрлөрүн бөлүп чыгышкан [23]. Бирок, авторитардык режимдердин бир кыйла системалуу жана эмпирикалык негизделген изилдөөсү тууралуу XX кылымда саясий илимдин өзгөчө илимий тартип катары пайда болуусу менен гана айтса болот.

Авторитардык режимди изилдөөнүн *биринчи баскычы* 1922-1942-жж. европалык мамлекеттердин көпчүлүгүндө оңчул (фашисттик) жана солчул (коммунисттик) түрлөрдөгү тоталитардык диктатуранын орношунан улам авторитардык артка кайтуунун натыйжасында болгон.

*Экинчи баскыч.* XX-кылымдын орто ченинен тарта тоталитардык режим окумуштуулар тарабынан сынга учураган, себеби демократиялаштыруунун экинчи толкунунун аяктоо жана дүйнөнүн кезектеги “авторитардык артка кайтуу” фазасына кирүү баскычында калыптанган авторитардык режимдердин жаңы түрлөрү тоталитаризм тууралуу классикалык окуулар сүрөттөгөн моделдин мүнөздөмөсүнөн кескин айырмаланган.

Дүйнө жүзү боюнча ар кандай өлкөлөрдөгү “авторитардаштыруунун” [36, p.1] жаңы жараяндары заманбап демократиялык эмес режимдердин маңызын

шайкеш түшүнүү үчүн башка теоретикалык схемаларды түзүүнү талап кылган. Бул түшүнүктүк (концептуалдык) иштеп чыгууларды авторитаризмди изилдөөнүн экинчи баскычы деп аныктаса болот.

*Үчүнчү баскыч*. Испанияда франконун режиминин кулашы менен башталган "демократиялаштыруунун үчүнчү толкуну", авторитаризм көйгөйлөрү боюнча илимий изилдөөчөлүк кызыгуунун кескин кыскарышына алып келген. Кезектеги дагы бир өзгөрүүлөр XXI кылымдын башында, дүйнө жүзү демократиялык диффузиянын [37, p.20-37] аякташынын алдында турганы айкын болуп авторитардык артка кайтуунун жаңы толкунунун башталышы тууралуу сөздөр башталганда белгиленген. 2012-жылдын маалыматтарына ылайык 195 мамлекеттердеги саясий режимдердин түрлөрү төмөнкүдөй бөлүнгөн: 90 өлкөдө бириктирилген демократия (46,1%); өткөөл режимдик өзгөчөлүктөр 58 учурда байкалган (29,7%); авторитардык режимдер 48 өлкөдө сакталып, изилденген мамлекеттердин 24,1% ын түзгөн[119].

Ошентип, Л.Даймонддун демократиялаштыруунун үчүнчү толкунунун аякташы жана дүйнөнүн авторитардык артка кайтуунун кезектеги баскычына кирүүсү тууралуу билдирүүсүн кыйла реалдуу деп кароого болот. Мунун баары табигый түрдө демократиялык эмес саясий режимдерге академиялык кызыкчылыктын жана заманбап учурда бул темага арналган изилдөөлөрдүн өсүшүнө алып келген. Авторитардык режимдердин факторлорун, мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өнүгүү логикасын талдоого заманбап кызыгуунун кайра жаралуусун авторитаризмдин жаңы формаларын саясий аңдап билүүнүн өнүгүүсүнүн үчүнчү баскычы катары белгилөөгө болот.

Азыркы учурда окумуштуулар тарабынан иштелип чыккан авторитардык режимдердин жаңы типтерин бардык диапозонун негизги классификацилык критерийлерге ылайык шайлоочулук (электоралдык), актордук жана институционалдык деп бөлүүгө болот.

Шайлоочулук (электоралдык) ыкма. Шайлоочулук ыкманын өкүлдөрү Шумпетер-Далдын салтынан түртүлүп, негизги критерий катары элиталардын атаандаштыгын пайдаланышат.

Ошол эле учурда заманбап саясат таануучулар арасында формалдуу демократиялык институттардын болушу режимдин демократиялык табияты эмес гибриддештирилиши тууралуу айтаары жөнүндөгү ой кеңири жайылган. Бул институттардын чыныгы ишердүүлүгү алардын болгондугуна караганда, режимдин мүнөзүн аныктоодо маанилүү роль ойнойт. Ошон үчүн, гибриддик режимдерди демократиялык эмес, авторитардыкка тандык кылуу туура болот саналат.

Демек, бүгүнкү күндөгү изилдөөчүлөр өткөөл режимдерди жана саясий системаларды "боз аймак"[67. с.42-65] баскычында башка таризден изилдеп, аларды демократиялык эмес деп карап авторитаризмдин жаңы түшүнүктөрүн иштеп чыгууда. Азыркы учурда академиялык чөйрөдө таанылган алардын экөөнү тандап алсак болот. Бул А.Шедлер [48] тарабынан сунуш кылынган "шайлоочулук авторитаризм" (electoral authoritarianism) теориясы жана С.Левитский жана Л. Вейдин [74] "мелдешүүчүлүк авторитаризм" (competitive authoritarianism) концепциясы.

Бул теориялар бир катар жалпы мүнөздөмөгө ээ. Биринчиден, сунуштаган эки теория тең саясий режимди аныктоо үчүн негизги критерий катары шайлоо жараянынын тазалыгы жана калыстыгы түрүндөгү шайлоо параметрлерин колдонгон.

Ошентип, А.Шедлер үчүн дал ушул критерий авторитаризмдин түрлөрүн бири-биринен жана демократиядан айырмалоонун басымдуу негизи болуп берген. Окумуштуу авторитаризмди жабык жана шайлоочулук деп бөлгөн. Режимдин биринчи түрү саясий элитаны тандоонун механизми катары шайлоону пайдаланбайт, же болбосо шайлоо жөн гана оюн катары толук атаандаштык эмес мүнөздө болот. Шайлоочулук авторитаризмдин алкагында, биринчиден, шайлоолор жүргүзүлөт жана режимин мыйзамдаштыруунун жалгыз механизми болуп саналат; экинчиден, аларда катышууга каршылаш (оппозициялык) күчтөрдүн реалдуу мүмкүнчүлүгү бар болгондуктан атаандаштык мүнөзгө ээ болот. Ошондуктан шайлоочулук авторитаризмде шайлоо тартиптеринин мааниси чоң жана бийликтегилердин саясий

атаандаштары аларды пайдаланып режимди кулатууга реалдуу коркунуч келтириши да ыктымал. Ошол эле учурда, шайлоочулук авторитаризмдин алкагында үгүттөө жана шайлоо жараянынын мүнөзү демократияларда болуп жаткан шайлоолордон кыйла айырмаланып турат. Оппозицияга шайлоого катышканга уруксат берилет, бирок мыйзамдардын тез өзгөрүлгөнүнө, ошондой эле бийликтегилердин кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланганына байланыштуу президенттин саясий каршылаштары бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ эмес жана шайлоодо жеңишке жетүүгө мүмкүнчүлүгү чектелүү. Натыйжада, шайлоо элдин эркин аныктоого мүмкүндүк берген демократиялык институт эмес, авторитардык лидерге оппозицияны жаманатты кылуу жана жалпы элдик колдоонун бардыгын үгүттүк түрдө көрсөтүүгө мүмкүндүк берген бийликтик тескөөчү башкаруу механизми болуп калат [121, p.1-23].

Өзгөчө гибриддештирилген режимдин субтүрү катары мелдешүүчүлүк авторитаризмди негиздөөдө С.Левитский и Л.Вэй шайлоочулук ыкманын методологиясына басым кылышкан. Бирок алардын режимдердин жалпы типтештирилиши Х.Линц сунуш кылган көп кырдуу сыпаттарды камтыйт. Классификациялоонун бир кыйла катуу шайлоочулук түрүн аладын жолдоочулары сунуш кылышкан.

Деген менен авторитаризмди көпучурда автократия менен чаташтырып, аны бир беткей терс мааниде сыпатташат. Бу жагынан ала-кула түстөгү, ар кыл түрдөгү либералдар өзгөчө айрымаланып жүрүшөт, бирок алар классикалык демократиянын өлкөлөрү XIX жана XX кылымдарда эчен курдай авторитаризмден демократияга жана демократиядан авторитаризмге өтүп турганын сопсонуи билет. Бул режимдер дегинкисин алганда айныксыз жакшылыктын же айныксыз жамандыктын түгөйлөшү катары эсептелбейт, ар биринде артыкчылыктары менен кемчиликтери болору ырасталат. Дал ушул өлкөлөрэле тоталитаризмдин бонапартизм жана фашизм өңдүү өнөгөлөрүн жаратканы, алардын бешиги болгону да моюндалат.

Эгер тоталитаризм менен демократия өз ара салыштыргыс көрүнүшкө

кирсе, ал эми авторитаризм менен демократиянын ортосунда ич ара табигый байланыш болот. Тээ 30-жылдары эле дүйнөлүк политологиянын классиги, либералдык демократиялык теориянын бир түркүгү катары таанылган Х.Арендттин минтип жазганы бар: "Авторитардык башкаруу деген нерсе бар. Бирок анын не тирания, не диктатура, не тоталитардык башкаруу менен эч кандай жалпылыгы жоктугу анык иш" – деп белгилейт профессор Ж.Сааданбеков [101, 219-б.]. Авторитаризмди ар жагынан жамандап жаткан радикал-либералдар өздөрүнүн абройлуу либерал-мэтринин пикирине кулак салышы керек эле, бирок андай болбой жатат. Чындыгында Х.Арендт бу жерде билимгөй авторитаризмди же биз азыр айтып жүргөн "башкарылма демократияны" эске алган. Казакстандын мисалы көрсөтүп тургандай, харизмалуу, жогорку профессионалдуу лидер менен массанын ортосунда тике байланыш түзүлгөн учур билимгөй авторитаризди билдирет [101, 220-б.].

Биз агылгалап баам салып, байкап жаткандай, президент Н.Назарбаев өзү массаны мобилизациялоо жагынан чоң мүмкүнчүлүгү бар адам, ошол массага таянып, бюрократиянын каршылыгын баса алганга жөндөмдүү лидерлердин бири десек болот. Ушундан улам Казакстанда күчтүү мамлекет сакталып турат, бу жерде **эч** качан зобун-зомбулук, аламанчылык жана криминал үстөмдүк кыла алган жок. Кала берсе реформанын эң оор жылдарында деле Казакстандын эли мамлекеттик институттарды колдоду, Назарбаевдин кадыр-баркы туруктуу түрдө жогорку деңгээлден түшпөй турду. Минтип коомду демократташтыруу ишине мамлекет лидери өзү огожо болуп, ал эми кучтуу мамлекет парламенттик демократияны өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнө башкы коридор болуп бере алган учур өтө сейрек кезигет[101, 220-б.].

Кыргызстанда, мунун тетирисинче, либералдык демократизациялоо сымактанган чүмбөт артында, "КМШнын эң либеарлдуу президенти" аталган президенттин тушунда ичкертетен билимгөй авторитаризм эмес, бюрократиялык авторитаризм орноду. Элден абдан обочолонуу, чиновниктердин чексиз бийлиги, коррупциянын шумдуктай масштабы анын мүнөздүү белгилери болуп калды [101. 221-б.].

Акаевдин режими акыркы жылдары жалаң өзүнүн гана бийлик укуктары менен түзүлгөн абалды сактап калууга баш коюп, саясий системаны реформалоо социалдык-эконимикалык өнүгүүсүз жана модернизациялоосуз жүргүзүлүп калганы кокусунан эмес эле. Мунун баары эмне менен бүткөнү жалпыга маалым.

2000-жылдар андан мурдагы он жылдыктын гана желкесинде турат. 1990-жылдары болбогон сапаттык кандайдыр бир жаңы тенденциялар акыркы он жылдыкта ныпым байкалган жок. Бакиевдин бийлиги ошол эле акаев бийлигинен өнүп чыкты, бу бийликтин түйүлдүгү 1994-жылы парламент өзүн өзү таркатып, Акаев жаңыланган, авторитардык конституциянын негизинде жаңы мөөнөткө кайра шайланганда жаралган эле.

***Актордук ыкма.*** Актордук ыкманын ичинде эң белгилүү жана айкын типтештирүү катары Б.Геддестин иштеп чыгуусун карасак болот. Элитизмдин жоболорун колдонуу менен, ал режимдерди жогорку бийлик орундарына ээ болуп жана башкы саясий чечимдерди кабыл алган негизги саясий оюнчулардын призмасы аркылуу карап чыккан [51, p.121]. Бул оюнчулардын мүнөздөмөлөрү сунушталган типтештирүүнүн алкагында аскердик (бийликте аскер хунтасы үстөмдүк кылган), партиялык (партиялык аппараттын башкармалыгынын өкүмдарлыгы) жана персоналисттик (адамга диктаторлук типтеги белгилүү бир инсандын үстөмдүгү) деп авторитаризмдин айрым түрлөрүн аныктаганга мүмкүндүк берет. Кийинчерээк Б.Геддес бул демократиялык эмес калыптагы түрлөргө бийликти өткөрүп берүүнүн мурастык принциби менен өзгөчөлөнгөн монархия түрүндөгүнү кошкон [52].

Саясий режимдерди талдоонун бурчунун үстүмдүк кылган актерлорго басым жасоо менен өзгөрүшү Б.Геддеске өз кезегинде белгилүү бир түрү менен аныкталган авторитаризмдин маанилүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өнүгүү логикасын ачууга мүмкүндүк берген. Баарынан мурда, жалпы критерийлердин негизинде талдоого болгон Б.Геддестин ыкмасы географиялык же маданий контекстен тышкары демократиялык эмес режимдердин бардык жыйындысын типтештирүү мүмкүндүгүн берген. Буга чейин, окумуштуулар режимдердин

өзгөчөлүктөрүн тарыхий жана маданий параметрлерден улам эске алып келишкен. Мунун натыйжасында, жаңы режимдин түрлөрүнүн жана субтүрлөрүнүн өтө көп түзүлгөндүгүнөн авторитардык калыптардын көп түрдүүлүгүн өзүнө камтууга жана изилденген объекттердин дискреттик картасынан качууга жөндөмдүү болгон, бирдиктүү түшүнүк (концептуалдык) картасын калыптандырууга тоскоолдук түзгөн. Б. Геддестин типологиясы ушул көйгөйлөрдү ийгиликтүү чечкен. Ал эми демократиялык эмес режимдердин бардык субтүрлөрүн камтып жана жалпы методологиясынын негизинде алардын өнүгүүсүнүн жалпы белгилеп чыгууга мүмкүндүк ачылды.

1990-жж. саясий өзгөрүүлөр мезгилинде режимдик түркүндөтүүнүн жана ар түрдүү саясий жыйынтыктардын себептери тууралуу суроого алынган жооптун такталышы Б. Геддестин дагы бир маанилүү жетишкендиги болгон.

Б. Геддес, бул суроого жоопту сунуштоодо, ар бир өлкөнүн тарыхый жана маданий өзгөчөлүк маселесин козгобостон, элиталык ыкманы пайдаланат жана элиталык даражаны, ошондой эле элиталык атаандаштыктын маанисин талдоого багыт алган. Окумуштуу өзгөрүү жараяндарында каатчылык абал шарттарына мүнөздүү саясий чечимдерди тандоо көп учурда жогорку бийлик абалдарын ээлеген саясий оюнчулардын түрлөрү менен шартталарын аныктаган.

Латын Америкасында жана Түштүк Европа мамлекеттериндеги окуялар көрсөткөндөй, саясий белгисиздик шартында бийликте аскерлердин үстөмдүк кылуусунда көбүнчө элитанын жарылышы жүрөт да, өткөөл режимдин белгилүү бир модели менен шартталат. Авторитаризмдин персоналисттик жана партиялык түрлөрүндө саясий лидерлерге алдын ала атаандаш элиталык топторду жок кылуу жана режимдин бир борбордугун сактап калуу жеңил болгондуктан, аларда элитанын бөлүнүү мүмкүндүгү аз. Бул мындай шарттарда тынчтык "келишим" сценарийинин дээрлик мүмкүн эместигине жана режимдин өзгөрүшүнүн көбүнчө калктын кеңири катмарынын жапырт тартылышы жана көчө наразылыгынын деңгээлинин жогорулашы менен байланышканына алып келет. "Тегерек стол" түрүндө сүйлөшүү аянтчасынан жана башкаруучу топ

менен "келишим" түзүү мүмкүндүгүнөн ажыраган оппозициянын өкүлдөрү бийликке кысым көрсөтүү максатында жалпы элге кайрылуу жана массалык нааразычылыктарга таянууга аргасыз болушат. Ошондуктан Африка жана мурдагы СССРдин өлкөлөрүндө таралган партиялык жана персоналисттик режимдер, бийлик менен оппозициянын ортосундагы "келишим" жана сүйлөшүү жараянынын натыйжасында эмес, массалык нааразычылык жана ар кандай тышкы жана ички коркуулардын толкунунун негизинде жок болушкан [51, p.121-123].

Мындан тышкары, Б.Геддес ар кандай авторитардык бийликтин түрлөрүнүн шарттарында саясий лидерлердин сарамжалдуу себептери саясий өнүгүүнүн мүнөздүү жүрүшүнө олуттуу таасир тийгизет деп ойлойт. Оюн теориясы жана сарамжалдуу тандоо теориясынын өзгөчүлүктөрүн түшүндүрүү логикасына басым коюп, изилдөөчү, партиялык же персоналисттик режимдердин саясий лидерлерине караганда аскерлер бийликти сактап калуу жана күч колдонуу үчүн шыктануусу аз экенин көрсөткөн.

Ушул себептен улам аскердик режимдер көп учурда тынчтык жолу менен өзгөрүлсө, бөлөк демократиялык эмес режимдердин өзгөрүүсү бийлик жана оппозициянын күч колдонуп драмалык кагылышуусу менен коштолот [51, p.125-130].

Б. Геддестин табылгасынын зор мааниси, анын типтештирүүсүнүн негизинде сандык талдоону колдонуп, демократиялык эмес режим түрлөрүнүн ар биринин жашоо мөөнөттүнүн узактыгынын айырмасын өлчөөгө мүмкүндүк түзүлдү. Сандык өлчөөнүн жыйынтыгы катары саясий туруктуулук жана узактык бир партиялуу режимдерге көбүрөөк мүнөздүү экендигинин такталышы болду.Аз туруктуулукту персоналисттик режимдер көрсөтөт, эреже катары саясий лидер каза болуп же кеткенден кийин тез эле жок болот. Саясий туруктуулук көз карашынан аскердик режимдер эң туруксуз жана кыска мөөнөттүү деп таанылат. Алардын жашоо мөөнөтү орточо жети жылдан ашпайт, ошол эле учурда персоналисттик режимдердин орточо узактыгы он сегиз жылдан ашык болсо, бир партиялуу режимдер дээрлик кырк жылга узайт

[51, p.125-130].

Институттук ыкма. М. Вэхмэн, Дж. Теорелл и А. Хэдениус режимдерди классификациялоо үчүн саясий партиялардын жана шайлоо институтунун режимдин ишке ашуусундагы ролу жана бийликти мурастап берүүнүн бар же жок экендиги сыяктуу кошумча өзгөрмө киргизүү аркылуу Б.Геддестин типтештирүүсүн институттук өлчөм менен толуктады [133, p.20]. Бул авторлор иштеп чыккан типтештирүү монархиялык, аскердик жана шайлоочулук режимдерди өзүнө камтыган. Алар негизги болуп саналат. Мындан тышкары режимдин гибриддик түрлөрү өгөчөлөнүп турушат. Шайлоочулук режимдер институттук өлчөөнүн критерий боюнча үч түргө: көп партиялуу, бир партиялуу жана партиялык эмес болуп бөлүнүшөт.

Патерналисттиук режимдердин категориясын илимпоздор өз типтештирүүсүнүн сыртына чыгарган, алар бардык авторитардык режимде инсандын ролу өтө эле жогору жана персоналисттик белгилер демократиялык эмес режимдердин бардык калыптарынын өзгөчөлүгү болуп саналат ошондуктан атайын бөлүп коюуну талап кылбайт деп ырасташкан.

Бирок, постсоветтик авторитардык бийлик түрлөрүн талдоонун көз карашында расмий жана бейрасмий режимдик институттарды эсепке алууга басым жасоо менен институттук ыкма кыйла келечектүү деп кабылданат. Бейрасмий тажрыйбалардын ролун эске алган классификациялоону иштеп чыгуунун алгачкы аракеттеринин бири болуп саясий режимдерди талдоо жүргүзүү үчүн кошумча өлчөм катары саясий институтташтыруунун мүнөзүн жана уюмдардын басымдуу түрү сыяктуу критерийлерди колдонууну сунуштаган Г.О’Доннеллдин типтештирүүсү саналат [88, p.112-126]. Илимпоз неоинституционализм духун пайдаланып, «институт» категориясын негизги саясий акторлордун ишмердүүлүгүн тескеген расмий жана бейрасмий «оюн эрежелери» катары чечмелеген. Г.О’Доннелл классикалык Батыш демократияяларынан айырмаланып азыркы КМШ өлкөлөрүндөгү расмий институттар бейрасмий саясий тажрыйбалар тарабынан бурмаланганын, акыркылар ишке ашыруунун мүнөзүн аныктоочу "оюн эрежелеринде" үстөмдүк

кылаарын баса белгилейт [89, с.21].

Постсветтик саясий режимдерди баалоо критерийлерин иштеп чыгууда бейрасмий мекемелерди эсепке алуунун мааниси тууралуу тезис чет өлкөлөрдө да, орусиялык окумуштуулар арасында кеңири таанылган. Мисалы, орус саясат таануучу В.Гельман расмий жана бейрасмий институттардын үстөмдүгү жана өз ара байланышы критерий катары пайдаланган постсоветтик саясий режимдердин типтештирилишин иштеп чыккан [123, p.87-104]. Демек, "саясий режим" категориясынын маңызын түшүнүүнү алмаштыруу сунуштап, саясий оюнчулардын ишмердүүлүгүндө мүмкүнчүлүктөрдү жана чектөөлөрдү аныктаган негизги саясий оюнчулардын жана институттардын стратегияларын талдоого басым жасаган.

Бул логикага ылайык, автор тарабынан 1990-жж Орусия жана Украинадагы постсоветтик режимдер "бейрасмий институттардын үстөмдүк кылган атаандаштыгы" деп аныкталып мисал катары Беларусь жана Казакстан кызмат кылган бейрасмий институттар басымдуулук кылган атаандаштык эмес режимдерден айырмаланганы айтылат. Бул ыкма демократияны "акыркы жыйынтыгы белгисиз расмий процедуралык аныктык" деп "акыркы натыйжалары белгилүү расмий процедуралык аныксыздык" катары таанылган демократиялык эмес режимден айырмалаган А.Пшеворский боюнча демократиянын аныктамасын конкреттештирүү жана өнүктүрүү болгон [96, с.288]. Ошондой эле, В.Гельман демократиялаштырууну "расмий институттардын алкагында саясий атаандаштыкка өтүү" катары аныктаган [32, с.19]. Ошентип, саясий режимдин мүнөзүн аныктоо үчүн негизги критерийлер болуп, биринчиден, саясий атаандаштыктын деңгээли жана түрү, экинчиден, үстөмдүк кылган институттардын сапаты таанылат. В.Гельманга ылайык, өткөөл саясий режимдердин типтештирилиши өзүнө төмөнкү түрлөрдү киргизет: демократиялык, авторитардык жана гибриддештирилен. (Караңыз: табл. 1.2).

Постсоветтик авторитардык режимдик калыптарды талдоодогу жана классификациялоодогу азыркы учурдагы өзгөчө таасирлүү багыт катары

башаты М.Вебердин саясий социологиясынын усулдук жоболору менен байланышкан неопатримониализм парадигмасы орногон.

М.Вебер саясий өкүмчүлүктүн патримониалдык (латын тилинен "patrimonium" - мурастык, уруктук менчик) түрүн биринчи жолу теориялык негиздеп чыккан.

Жеке жана коомдук башкаруунун тыгыз синтези, мамлекеттик башкаруудагы сарамжалдуу бюрократиянын идеалдуу модели катары өнүкпөгөндүгү мындай өкүмчүлүктүн мазмунун түзөт. Бул бийлик системасында саясий жетекчилик башкаруучу тарабынан жеке чарбасы катары эсептелет, ал эми саясий ыйгарым укуктары коомдук жыргалчылык пайда кылуу эмес, жеке менчик алкагында иштейт. Патримониалдык башкарууну М. Вебер кожоюндан экономикалык көз карандуулукка негизделген салттуу өкүмчүлүктүн бир түрү катары түшүнгөн. Кол алдындагыларга кожоюндун мүлкүн пайдалануу боюнча айрым бир укуктар менен камсыз кылуу бул ыйгарым укуктарды жеке максаттар үчүн пайдаланууга каалоолордун пайда болушуна алып келген. Ошол эле учурда, кызмат адамдарынын башчынын эркинен экономикалык көз карандылыгы алардын акыркыга карата толугу менен укуксуздугун билдирген. Мындай режимде башкаруучу өзүм билемдүүлүгүн чектөө салттуу ченемдер тарабынан жүзөгө ашырылат. Бирок, алар жок болгон учурда, башчынын бийлиги таптакыр чексиз жана деспоттук болуп калат. Патримониализмдин бул түрүн М.Вебер "Султанизм" деп белгилөөнү сунуш кылган [29, с.156].

Салттуу өкүмчүлүктүн жана анын классикалык патримониализм жана султанизм түрлөрүнүн концепциясы кийинки изилдөөчүлөрдүн теориялык иштеп чыгууларында өнүккөн. Ошентип, жогоруда айтылган Х.Линц менен А.Степандын типтештирүүсүндө султанизм режимдин түрү катары андан ары концептуалдаштырууга дуушар болгон. Режимдерин баалоо боюнча сунуш кылынган төрт критерийлерге ылайык султанизм идеологиянын, конституциянын жоктугу, бийлик жана мүлктүн ажырагыстыгы менен шартталган плюрализмдин минималдуу деңгээли, саясий тартылуунун төмөн

деңгээли менен мүнөздөлөт[76, p.116]. Султанизм харизма жана идеологияга эмес, кол алдындагылардын коркуу жана паракорлугунун синтезине негизделген жеке бийлик режими катары аныкталган. Бул режимде бийликтин идеологиялык же нарктык чектөөлөргө ээ эмес[124, p.7].

Патримониализм, султанизм жана персоналисттик үстөмдүктүн концепциясы пост-колониялык Африка жана Азиянын саясий реалдуулугун талдоодо, популизмдин ар кандай түрлөрүн талдоо үчүн өтө жемиштүү болгон [125, p.29-52]. Мындай иштердин катарында үчүнчү дүйнөнүн көп өлкөлөрүнүн чындыгын талдоодо патримониализмдин вебердик концепциясынын актуалдуу экендигине биринчилерден болуп көңүл бурган Г.Роттун теориялык жоболорун өзгөчө белгилесе болот. Ал патромониализмдин эки: салттуу жана заманбап түрүн аныктаган. Биринчиси монархиялык мурастоо салттары жана ченемдерге таянган башкаруучунун жеке бийлигине негизделген. Экинчи түрү, бул салттуу чектөөлөр менен байланышкан эмес, экономикалык үстөмдүк жана башчы менен кол алдындагылардын ортосунда өз ара пайдалуу материалдык ресурстар менен алмашууга гана негизделген.

Ошол эле учурда, Г.Рот боюнча патримониализм - бул режимдин өзгөчө бир түрү же болбосо авторитаризмдин аналогу эмес, режимдин бардык калыптарында тиги же бул мерчемде боло турган мамилелердин тутуму [126, p.196]. Патримониализмдин заманбап түрүн ушундай чечмелөөнү Г.Хигер жана башка бир катар теоретиктер өз эмгектеринде келтиришкен[92, с.166-176].

Ш.Эйзенштадт азыркы заманда патримониалдык үстөмдүктүн таза түрлөрүнүн сейрек кездешүүсүн баса белгилеп, «неопатримониализмдин» ар тараптуу теориясын иштеп чыккан.

"Нео" салттуулук жана бюрократтык аппарат түзүмү бар мамлекеттин заманбап түрлөрүнүн синтезине негизделген борборлоштурулган бийлик тутумунун жаңы калыптарын белгилөөгө арналган. Бул саясий көрүнүштү окумуштуу лидер жана кол алдындагылардын ортосунда өз ара байланыш катары эмес, борбордун чет жактардын үстүнөн болгон материалдык үстөмдүгү жана салттуу байланыштардын кландык, субэтностук, этностук жана башка

түрлөрүнүн заманбап бюрократиялык институттарга киргизилиши катары түшүнгөн. Ошол эле учурда, бюрократия жана укуктук ченемдер түрүндөгү мамлекеттүүлүктүн тышкы атрибуттарынын болгонуна карабай, бейрасмий мекемелердин ролу жана экономикалык ресурстардын үстүнөн монополиялык көзөмөлдүн элита топторунун чектелген чөйрөсү тарабынан белгиленүүсү мамлекетти жеке менчик башкаруу катары кабыл алуу, жана дагы коомдук аткарымдарды жана мамлекеттик институттарды элиталык менчиктештирүү мүмкүнчүлүгүнө алып келген.

Натыйжада, мамлекет коомдук жыргалчылыктарды өндүрүүнүн булагынан үстөмдүк кылган элиталык топтор тарабынан жеке керектөө үчүн пайдаланылган экономикалык ресурстарга жетүү механизмине айланат[127, p.5].

М. Браттон жана Н.Ван де Валл неопатримониалдык түшүнүгүн 1990-жж башында Африкадагы режимдик өзгөрүүлөрдү талдоо үчүн колдонушкан. Алар ошондой эле салттуу мамилелер элементтерин сактоодо жаңыртуунун таасири салттуу патримониалдык тажрыйбалар расмий институттардын ичине кирип жана акыркылардын таасирин жөн гана көрсөткүч аткарымына чейин азайтып "кыйраткан" саясий тутумдун калыптанышына алып келээри тууралу корутунду чыгарышкан[128].

Акыркы учурда мурдагы СССРдин мамлекеттердеги саясый өзгөрүүлөрдү түшүндүрүү жана саясий өнүгүү логикасын сүрөттөө үчүн изилдөөчүлөр тарабынан неопатримониалдык ыкма ийгиликтүү колдонулууда. Ошентип, Г.Хейл "колдоочулук президенттик" институту жана "бийликти мурастоо каатчылыгы" көйгөйү башкы элементтери катары көрсөтүлгөн “шайлоочулук ыңнкылаптарынын” себептерин түшүндүргөн схемасын сунуштаган. Колдоочулук президенттикти изилдөөчү эки негизги өзгөчөлүктөрү бар институт катары түшүнгөн: 1) саясий тутум түзүмүндө кеңири расмий ыйгарым укуктарга ээ болгон, түз жана жалпы эл тарабынан шайланган президенттин болуусу; 2) бутакталган патрон-клиент тармагына жана мамлекет менен менчиктин ортосундагы өз ара байланышка негизделген [129, p.137-138].

Президенттин кубаттуулугу, анын ыйгарым укуктарынын расмий жана укуктук контекстти гана эмес, тандап жана өзү каалагандай бөлүштүрүү, күчтүү патронаждык тармактарды түзүүгө мүмкүнчүлүк берген экономикалык ресурстардын болушу менен шартталган.

Президентке кеңири ыйгарым укуктарынын расмий түрдө бекитилиши анын саясий тутумдун борбору катары кызмат ордун калыптандырып, президенттик патронаждык тармагына кошулган элитанын колдоосун өзүнө байлаган. Бирок, келечектеги жеңүүчү белгисиз болгон жаңы шайлоо кырдаалы элита арасында президенттин патронаждык тармагынын туруктуулугун солгундатууга жана элитанын уюшулушунун бузулушуна алып келген “аксак өрдөк синдромун” жаратат.

"Бийликти мурастоо каатчылыгы" мезгилинде элита "титиреген" бул учур ички саясий чыр-чатактарды курчутуп, элиталык топтордун массаларды тартууну саясий күрөштүн ресурсу катары пайдалануу стимулдарын жогорулатат жана келечектеги шайлоо жыйынтыгынын белгисиздигин пайда кылат. Тажрыйбада бул 2003-2005-жж. Грузия, Украина жана Кыргызстанда болуп өткөн шайлоочулук ынкылаптары катары чагылдырылат. Белгисиздиктин аяктоосу бийлик кызматтарын президенттин сактап калуусу же болбосо оппозициянын жеңиши менен байланышкан. Бирок, кандай болсо дагы белгисиздик мезгили өткөн соң президенттик патронаж институту патрон-клиент тармагын кайрадан өзүнө байлап, кезектеги "мурастык каатчылыктын" кийинки баскычында гана жок боло турган жаңы саясий салмактуулукту орнотот. Демек, Г.Хейл постсоветтик өнүгүүнүн саясий динамикасын авторитаризмден демократияга карай бир сызыктуу-келечектүү өнүгүү катары эмес, "нөл суммалуу оюн" [75, с.3-24] катары колдоочулук президенттиктин логикасы жана "мурастык каатчылык" [129, p.140-143] учурунда белгисиздиктин чакырыктарынан таасирленген элитанын жүрүм-турум жараяндары менен шартталган президентти бекемдөө же алсыздантуунун циклдик жараяны катары түшүнгөн.

Н.Робинсон, постсоветтик саясий тутумдарды, атап айтканда Орусиядагы

мамлекет менен режимдин ортосундагы өз ара аракеттенүүнү, ошондой эле бийлик жана менчиктин өз ара көз карандылыгын талдап жатып, заманбап орусиялык режимди неопатримониалдык деп билдирет [99, p.136-145]. Анын көз карашын боюнча, президент Путиндин тушунда саясий партиялардын жана башка расмий институттардын ролунун жогорулашы заманбап Орусияда мамлекеттик башкаруунун неопатримониалдык мүнөзүн өзгөртүү жана жеке мамилелердин алсызданышы билдирген эмес [100, p.298-309]. Мындай жыйынтыкка башка изилдөөчүлөр да келип, постсоветтик режимдердин бейрасмий тажрыйбалардын советтик калдыгы, президенттик институт аркылуу жарым-жартылай калыбына келтирилиши, мамлекет менен режимдин биригиши, "экилтик мамлекет" логикасынын кайра өндүрүү, президенттин жакынкы айланасынын расмий эрежелерден тышкары иштөөсү сыяктуу неопатримониалдык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүшкөн [93, p.193-211].

Расмий жана бейрасмий институттардын элиталык өз ара аракеттенүүнүн түзүлүшүнө тийгизген таасирин эске алуу [131, p.581-617] жана неопатримониализм логикасы аркылуу постсоветтик режимдик өзгөрүүлөрдү карап чыгуу, постсоветтик режимдерди түркүндөтүүнүн [33] себеп-натыйжа байланыштарын жана факторлорун тереңиреек түшүнүү жагынан саясий илимди байыткан. Неопатримониалдык ыкма постсоветтик режимдердин классификациялык жаңы схемаларын иштеп чыгуу жана тактоонун булагы болуп калды. Алардын катарында эң белгилүү типтештирүүнү украин окумуштуусу А.Фисун иштеп чыккан.

Жогоруда каралган патримоналдык үстөмдүк жана неопатримониализм түшүнүктөрүнөн түртүлүп, постсоветтик саясий чындыктын алкагында ал саясат, экономика жана бюрократияны неопатримониалдык бөлүштүрүүнүн үч мүмкүн болгон жолун: бюрократия, олигархия же жеке инсандын үстөмдүгүн айырмалоону сунуштады [111, c.172].

Андыктан, өкүмдарлыктын үч мүмкүн болгон түзүлүшү болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Бюрократтык неопатримониализм. Анын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү

катары мамлекеттик бюрократия тарабынан бизнес жана саясатты контролдоо, укук коргоо органдарынын маанилүү ролу, ошондой эле популисттик жана мекенчил риторика түрүндө идеологиялык клишенин маанилүү ролу белгиленет.

2. Олигархиялык неопатримониализм. Бул экономикалык же чөлкөмдүк барондордун"мамлекетти тутукундоо жана бөлүүнү" ишке ашыруусун билдирет.

3. Султандык неопатримониализм. Бул режимдин өзгөчөлүгү катары бийликтин өтө кескин жеке инсан менен байланышуусу, башкаруучунун коомдун экономикалык жана саясий чөйрөсүндөгү жеке тескоёсү, ошондой эле заманбап гана эмес, уруучулук сыяктуу салттуу бейрасмий, саясий режимдин түркүгү боло турган институттардын болгондугу[111].

Саясий режимдерди бириктирүүнүн саналып кеткен ыкмаларына ал экинчи критерий катары саясий режимдин атаандаштыгынын: минималдык, орто, жогорку даражасын кошумчалаган. Бул эки критерийлердин негизинде А.Фисун постсоветтик саясий режимдердин ар тараптуу типтештирүүсү курат[111, с.173]. Бул учурда изилдөөчү бирдиктүү типтештирүүнүн ичине шайлоочулук (Шумпетер жана Далдын салтында) жана неопатримониалдык (Вебер менен Роттун духунда) ыкмаларды бириктиргенин байкабай коюу кыйынга турат. Постсоветтик саясий режимдердин типологиясын куруудa мындай синтезди Ф.Гулиев дагы колдонот [132, р.575-601]. Ушу сыяктуу теориялык стратегия мына ушул эмгекте постсоветтик авторитаризмдин түрлөрүн типтештирүүнү жүргүзүү үчүн теориялык негиз катары кабыл алынган.

Акыркы жылдары окумуштуулар тарабынан сунуш кылынган авторитардык саясий режимдердин жаңы классификациясы демократия жана авторитаризм түрүндөгү эки өлчөмдүү бөлүнүүнү колдонгон мурунку типтештирүүнүн айрым кемчиликтеринен ийгиликтүү арылды деп тыянак чыгарса болот.

Саясий теоретиктердин жаңы иштеп чыгуулары артыкчылыктарга ээ,

анткени алар радикалдуу демократия гана эмес, ошондой эле өткөөл режим түрлөрүн, авторитардык субтүрлөрдүн алкагында кыймылдарды жана режимдердин демократиялык эмес бир түрүнөн авторитаризмдин башка түрүнө өзгөрүүнү эске алуу менен режимдик өтүүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет.

Бул режим түрлөрүнүн жаңы классификациясы, ошондой эле, кемчиликсиз эместигин жана илимий талкууларга себеп болгонун да моюнга алуу керек [133]. Ошентсе да, концепциялык ыкмалардын жана классификациялык схемалардын көп түрдүүлүгү заманбап демократиялык эмес режим түрлөрүн изилдөө милдетин жөнөкөйлөштүрөт деген тыянак чыгарса болот.

Демократияга өтүү десе эле, анда өлкөдөгү башкы социалдык-экономикалык көйгөйлөр өзүнөн-өзү эле чечилип калбастыгын түшүнгөндөн кийин коомдун “авторитаризмге карата ностальгиясы - кусалык, каалоосу” – “ийгиликсиз” демократияга карата жооп катары чыкты. Демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мына ушул себептерден улам дээрлик бардык постсоветтик республикаларда саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки чеккеооп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине, анын тикетүзүмдөрүнө өттү. Башкача айтканда, тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы жайыкка авторитаризм чыкты.

Ошентип, С.Хантингтон белгилеген демократиялаштыруунун үчүнчү толкунунун [113] аякатшы менен дүйнө тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы айдыңга авторитаризм чыкканын мойнуна алууда десек туура болот. Ушундан улам демократиялык эмес саясий режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө болгон окумуштуулардын кызыгуусу акыркы жылдары кескин жогорулады десек болот.

Өзгөчө, постсоветтик республикалардагы, Борбордук Азия, анын ичинен

Кыргызстандагы саясий процесстер демократиялык эмес саясий режимдердин көз карашынан алып караганда изилдөөчүлүк кызыгууну туудураары шексиз. Кыргызстанда жана анын чегинен тышкаары да, акыркы жылдары авторитаризмдин жаңы формаларына жана анын ар кандай көрүнүштөрүнө арналып жарык көргөн илимий жана илимий-популисттик макалалардын санынын көптүгү буга мисал жана далил болуп эсептелет. Бул изилдөөлөрдүн теориялык жана изилдөөчүлүк ыкмалары ды ар кылдуу жана көп түрдүү. Ошентсе да алардын ичинен бул параграфта рационалдык тандоо теориясын, неоинституционализмди жана актордук ыкманы негизги теориялык парадигмалар катары көргөзүүгө басым жасадык.

## 1.2. "Авторитардык инсандын башкаруусу" түшүнүгүн аныктоону изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери

Саясий режимдерди изилдөө саясат таануу илиминдеги негизги маселелердин бири болуп эсептелинет. Эгемендик жылдарында демократия жана демократташтыруу жараянына, башкача айтканда позитивдерге көп көңүл бурулуп, ал эми авторитаризм жана аны пайда кылган өбөлгөлөргө, башкача айтканда негативдерге окумуштуулар тарабынан аз көңүл бурулуп келгендиги байкалат.

Авторитардык башкаруунун табиятына байыркы дүйнөнүн ойчулдарынан тарта көңүл бурулуп келгени менен демократиялык эмес режимдердин илимий анализи XX кылымдан гана башаталганы белгилүү. Х.Линц, А.Степан, Х.Чехэби, Г.О'Доннелл сыяктуу окумуштуулар «авторитаризм» терминин алгачкы жолу илимий айлампага киргизишкен [79]. Ал эми тоталитардык режимдердин пайда болуу себептерин К.Поппер, Х.Аренд, К.Фридрих жана З.Бзежинскийлер [94] анализдеп чыгышкан.

Демократияны бутага алган мамлекеттердеги негизги көйгөйлөргө С.Хантингтондун оюу боюнча төмөнкүлөр кирет: жакырчылык, нааразычылык кыймылдары, этностор жана диндер аралык кагылышуулар, социалдык-экономикалык теңсиздик, өнөкөткө айланган инфляция, эбегейсиз көп тышкы карыз, терроризм, экономикадагы мамлекеттин чоң ролу. Авторитаризмдин

кыйрашы жарандардын арасында эйфорияны – балкыган сезимди жана энтузиазмды – шыктанууну жаратты. Бирок, жаңы пайда болгон демократиялык өкмөттөр чече албаган же чечүүгө мүмкүн болбогон өзөктүү көйгөйлөрдүн көптүгүнөн жаңы демократиялык коомго болгон ишеним жоголду, кайдыгерликке алып келди, демократиялык өкмөттүн ишмердигинен көңүл калуу жана фрустрация – бузулуу, айнуу күчөдү[113. С.273-275].Мындай көрүнүш алгачкы жолу 1979-жылы Испанияда байкалып «el desencanto» - көңүл калуу – деп аныкталган.

Демократияга өтүү десе эле, анда өлкөдөгү башкы социалдык-экономикалык көйгөйлөр өзүнөн-өзү эле чечилип калбастыгын түшүнгөндөн кийин “авторитаризмге карата ностальгия - кусалык, каалоо” – демократияга карата жооп катары чыкты. Демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мындай көрүнүш Испания, Португалия, Аргентина, Уругвай, Бразилия, Перу, Турция, Пакистан, Филиппиндер жана диктатура кыйрагандан кийинки Чыгыш Европада кеңири тараган. “Репрессия жөнүндө эскерүү” унутулуп, анын ордуна авторитаризм мезгилинде тартип, гүлдөп өсүү жана экономикалык өнүгүү болгон деген сыяктуу образдар пайда болот деп жазат С.Хантингтон [113, с.276].

Постсоветтик мамлекеттердеги саясий өнүгүүнү салыштырма анализ усулу менен изилдеген окумуштуулардын көрүнүктүүлөрүнө төмөнкүлөр кирет: Е.Б.Григорьева [34], В.Банс, С.Волчик, Р.Бова, В.Буренко, А.Вильсона, О.Гаман-Голутвиной, В.Гельмана, Гилева, Г.Голосова, Ф.Гулиева, В.Ледяева, К.Давиши, Б.Пэрротт, О.Поповой, Е.Коргунюка, Е.Мелешкиной, Г.Михалевой, Т.Куцио, К.Оффе, М.Макфола, К.Рогова, Д.Сельцера, А.Скиперских, А.Сковикова, Дж.Хеллмана, Лукова, А.Фисуна, С.Фиша, Т.Фрайа, В.Фритца, Д.Фурмана, Г.Хейла, О.Шаброва, Дж.Ишиямы, Х.Китчелта, Н.Робинсона, К.Дарден, А.Грзима-Бюссе, К.Монтгомери, Т.Ремингтона, К.Давиши, А.Щербака [21].

Борбордук Азия жана Кавказдагы постсоветтик республикалардагы саясий өнүгүүнүн ой-кырларын С.Н.Шкель [116], Н.А.Борисов, Э.МакГлинчей, С.Есенова, П.Лунг, Л.Коллинс, Е.Шатз, Д.Гуллетте, А.Трейчер [134],[24]

сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринен тапса болот.

Тажикстандагы постсоветтик саясий өнүгүүнүн проблемаларын И.Тункер-Киловуз, И.Звягельская, А.Ниязи, М.Аткин, Х.Ширази, Х.Емади, С.Акбарзадех, А.Хетманек, Дж.Ингвалл, Р.Смит, Л.Марковитц, С.Акинер [108] сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринен көрүүгө болот.

Казакстан Республикасындагы саясий процесстерди изилдегендердин катарына Н.Амеркуловдун, А.Хазановдун, Дж.Мерфи, М.Олкотт, А.Сарсембаевдин, М.Ларюэль, С.Пейроз, Е.Ертысбаевдин, Д.Фурман, Р.Исаакс, А.Куртовдун, И.Бреммер, К.Вельт, Р.Помфрет, П.Ипек, Е.Шатц, Е.Мальтсевал, Б.Джунисбайдын [135],[135, p.365-368],[137], [106] эмгектерин кошууга болот.

Тоталитардык саясий режимден демократияга өтүүнүн көптөгөн теориялары менен концепциялары бар экендиги белгилүү. Алардын ичинде “өнүгүүнүн авторитаризми” же болбосо “башкарылма демократия” [3, 14-б.] теориясы да бар. Бул теорияны жетекчиликке алган Казакстандын тажрыйбасы жөнүндө профессор Ж.Сааданбеков терең изилдөө жүргүзүп, көлөмдүү монография жазган [102, с.144-145]. Кыргыз окумуштуусу Ж.Сааданбековдун авторитардык режимдер, дегеле постсоветтик республикалардагы орун алган демократиялык эмес башкаруу формалары боюнча жазган эмгектери [103] саясат таануу илиминин теориясы менен практикасына кошкон салым катары эсептелинет.

Постсоветтик Өзбекстандагы саясий режимди изилдегендерге В.Фиерман, Ш.Акбарзадех, Дж.Муртазашвили, Э.МакГлинчей, П.Верме [110] сыяктуу окумуштуулардын эмгектери кирет.

Түркмөнстандагы саясий режимдин өзгөчөлүктөрүн изилдегендерге Ш.Кадыровдун, М.Очза, Н.Добронравиндин, А.Кур, А.Грозиндин [66] эмгектерин кийирүүгө болот.

Е.Хаскей, Г.Искакова, Дж.Флетчер, Б.Сергеев, Н.Добронравин, А.Князев, Дж.Андерсон [138] ж.б. окумуштуулар өздөрүнүн эмгектерин Кыргызстандагы саясий процесстерди изилдөөгө арнашкан. Эгемендүү Кыргызстан дүйнө

коомчулугуна “демократия аралчасы” деген ат менен таанылып, Борбордук Азиядагы башка мамлекеттерге салыштырганда көбүрөөк демократиялуу республика катары каралганы менен авторитардык башкаруунун элементтери боюнча алардан кем калышкан эмес. Башкы айырмасы кыргыз коомчулугунун режимге каршы күрөшүнүн курчтугунда, саясий бийликтин эки жолу күч колдонуу менен алмашышында болгон. Балким ушундай жагдайлардан улам кыргыз окумуштуулары, асылдары, серепчилери ж.б. авторитардык башкаруунун ой-кырларын ар тараптан изилдөөгө алышкандыгы аныктыр.

Постсоветтик өлкөлөрдөгү, анын ичинен Кыргызстандагы, саясий процессти жалпысынан, ал эми саясий режимди түздөн түз изилдеген, саясат таануу илимине салым кошкон окумуштуулардын көрүнүктүүсү профессор Ж.Сааданбеков[102, 103, 104] болуп эсептелет.

Ата мекендик саясат таануучулар А.А.Акунов [6, 7, 8], М.Т.Артыкбаев [10,11], Ж.Ж.Жоробеков [54, 55,56], К.И.Исаев [61, 62, 63, 64, 65], А.Б.Абдрашев [2], А.Д.Дононбаев [44, 45, 46, 47], Н.А.Омуралиев [90], Б.М.Торогелдиева, Т.О.Ожукеева, К.М.Жумалиев [57], А.Б.Элебаева [141] ж.б. эмгектеринде аталган маселе саясат таануу илиминин чөйрөсүндө изилдөөгө алынган.

Кыргызстандагы авторитардык башкаруу, үй-бүлөлүк жана кландык башкаруу системасынын коомдогу саясий процесстерге болгон таасири тарыхчылардын эмгектеринде да кеңири камтылган: А.Джуманалиев, Дж.Малабаев, Дж.Джунушалиев, А.Какеев, В.Плоских, В.Воропаева, З.Курманов, Ч.Чотаева, Г.Джунушалиева, С.Плоских, Л.Дьяченко, Е.Озмитель, Г.Джунушалиева, А. Табышалиева и ж.б. [39а.].

Кыргыздын чыгаан жазуучулары, публицистери, дегеле асыл адамдары да четте калбай, өлкөдөгү саясий турмуш боюнча өздөрүнүн ачуу чындыктарын айтып турушкан. Алардын катарына Т.Ибраимов [59], И.Абдуразаков [1], А.Токтомушев [107], Д.Садырбаев [105], С.Жигитов [53], К.Акматов [5] ж.б. кийирсе болот.

Авторитардык инсандарды алгач теориялык жана эмпирикалык

изилдөөлөр XX кылымдын 20-жылдарынын аягында Германияда башталган. XX кылымдын алгачкы эки он жылдыгынын ичинде дүйнөдөгү ири коомдук-экономикалык, саясий жана маданий өзгөрүүлөр, илимпоздорду авторитаризмдин пайда болуу себептерине, шарттарына жана кандай түрдө өкүм сүргөнүнө өзгөчө көңүл бурганга мажбур кылган. Орусиядагы большевиктик ынкылап, бир катар европалык өлкөлөрдөгү ынкылаптардын акырына жетпегендиги, Италия менен Германияда фашизмдин акырындык менен бийликке келиши бийликке баш ийдирүү, тоталитаризм жана этностук борбордоштуруу менен байланышкан маселелер боюнча изилдөөлөргө шыктанткан[42].

Чет элдик адабиятта ар кандай илимий мектептердин алкагында “авторитардык инсан синдрому” түшүнүгүн изилдөөгө арналган классика болуп калган бир катар эмгектер бар. Авторитардык инсан кубулушун изилдөөнүн ар кандай ыкмаларын эске алуу менен, болгон изилдөөлөрдү төмөнкүдөй бөлүүгө болот: кээ бир авторлор авторитардуулукту өзүнчө алган инсандын когнитивдүү өзгөчөлүктөрүнүн мүнөздөмөлөрү (В.Райх [97], Э.Фромм [112], А.Маслоу [81], Т.Адорно [42] и его коллеги, М.Рокич, Х.Габениш, Б.Альтмейер, С.Филдман, Д.Остеррих, Ф.Пратто, Дж.Сиданиус) деп тааныса, башкалары – коомдук топтун мүнөздөмөсү (Дж.Дакит, К.Фишер, Дж.Стеллмахер, Т.Петзел) деп билишкен.

Ошентип, авторитардуулукту коомдук топ же топтук аң-сезимдин мүнөздөмөлөрү катары кабыл алууда топтук биримдик тууралуу көз караштар, инсандын индивид жана топтун ортосунда боло турган ченемдик мамилелер, адамдын иш-аракеттери канчалык индивиддин жеке кызыкчылыгы менен аныкталат жана жамааттын кызыкчылыгы жана ченемдерине ылайык болушу керек тууралуу ой-пикирлер билдирет.

Дж. Дакит, топтук авторитаризм теориясынын автору, авторитаризмди жеке коопсуздукту камсыз кылуучу шарттын бири катары гипотезаны сунуш кылган. Буга окшош ойлор авторитардык көрүнүштөр бийликке муктаждыгы жогорку болгон ички кооптуулугу көп адам үчүн мүнөздүү экенин белгилеген

психоанализдин классиктери тарабынан айтылган [112].

Авторитаризм жана демократияга чет өлкөлөрдө жана КМШ өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда дагы миңдеген эмгектер арналган. Акыркы жыйырма жыл ичинде бул тема өзгөчө актуалдуулукка ээ болду. Кыргызстан кайда баратат? Кыргыз коомунун демократиялуулугу көбөйүп, авторитардуулугу азайдыбы? Саясий жараяндын өнүгүүсү азырынча биздин өлкөдө пост-коммунисттик өзгөрүүнүн келечеги менен байланышкан бир катар теориялык-усулдук жана тажрыйбалык саясий суроолорго жооп берүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Бул негизги суроолорго жооп бербесек дагы авторитаризм маселесине тактык киргизүүгө аракет кылабыз.

Демократиялашуу жараянынын, авторитаризмден демократияга өтүүнүн көйгөйлөрү, демократиянын саясий баалуулуктары, улуттук саясий институттар жана учурдагы саясий маданияттын бири бири менен катышы тууралуу маселени белгилейт. Саясий режимдер жана өткөөл мезгилдин көйгөйлөрүнө арналган учурдагы илимий изилдөөлөр, институттук компоненттер (саясий институттар) гана эмес, саясий тутумдун коомдук-маданий компоненттери болгон жарандардын саясий жүрүм-турумунун белгилүү бир даражасы жана үстөмдүк кылган баалуулуктар дагы өтүүнүн шарты болот деген корутунду чыгарышкан [78]. Коомдук-маданий компоненттер бийликти жүзөгө ашыруу үчүн арналган түзүлүштөрдүн жана механизмдерин өтө маанилүү фактору болуп саналат.

Орус социологу В.А.Ядов изилдөөчүлөр Р.Инглхарт и Х.Вельцель World Values Survey берген 60 улутту камтыган маалыматтардын негизинде кылдат статистикалык эсептөөлөрдү жүргүзүү менен маанилүү ири масштабдуу изилдөө өткөрүп, ар кандай ыкмалар менен, анын ичинде регрессиялык модель камтылган статистикалык талдоо жүргүзүшкөнүн белгилеген. Изилдөөнүн натыйжалары демократиялык институттардын өнүктүрүүнүн башкы доминанттары экономика тармагындагы жакшыртуу жана жарандардын "либералдык умтулуулары", өзүн-өзү ишке ашыруу үчүн инсандын эркиндикке болгон аракеттери экендигин көрсөткөн [143].

Акыркы он жыл аралыгында, пост-коммунисттик өзгөрүүлөр башталгандан бери, көптөгөн изилдөөчүлөр радикалдуу өзгөрүүлөр жараянын теориялык түшүнүү үчүн аракет кылышкан. Алардын алгачкылары транзитологиянын теоретиктери болсо, андан соң болуп өткөн өзгөрүүлөрдү баяндоо жана талдоого багытталган модерндештирүү теориясынын жактоочулары чыккан. Бирок, убакыт өткөн соң илимий коомчулук барган сайын модерндештирүү жана транзит теориясынын терминологиялык кемчиликтери, шектүү негизги өзгөчүлүктөрү жөнүндө айтып, болуп жаткан өзгөрүүлөрдү татыктуу түшүнүү жана түшүндүрүү үчүн аларды пайдалануунун шектүүлүгүнөн кооптонууну жараткан. Бул жагынан алганда, автор орус изилдөөчүсү В.А.Ядовдун Орусиядагы пост-коммунисттик саясий өзгөрүүлөрдү талдоого карата, болуп жаткан өзгөрүүлөрдү түшүндүрүү үчүн кайра калыбын өзгөртүү, анын ичинде жалпысынан коомдук кайра калыбын өзгөртүү, атап айтканда саясий өзгөрүү түшүнүктөрүн пайдалануу туура болот дегенине кошулат [144].

Ата мекендик жана чет өлкөлүк саясий илимдерде саясий маданиятты изилдөөнүн негизги багыттарын карап чыгуу изилдөөнүн усулдук принциптерин аныктоого, саясий маданияттын компоненттерин тактоого, саясий маданияттын абдан мүнөздүү багыттарын жана таасир көрсөтүү механизмдеринин авторитардык синдромдун бир бөлүгү катары пост-коммунисттик Кыргызстандын саясий жараянына тийгизген таасирин аныктаганга жардам берет.

1990-жылдар күчтүү коомдук жана саясий кайра калыбын өзгөртүүнүн мезгили катары мүнөздөлөт. коомдо жана мамлекетте болуп жаткан саясий жараяндарды биздин түшүнүүбүзгө көбүрөөк даражада төп келген аттын жумушчу версиясы катары автор кайра калыбын өзгөртүү (транформация) деген терминди колдонууну мүмкүн деп эсептейт. Саясий кайра калыбын өзгөртүү кеңири түшүнүктө айлана-чөйрөнүн өзгөрүп жаткан шарттарына саясий, коомдук жана маданий тутумдардын ылайыкташуусунун ар кандай жаңы түрлөрүнүн жана коомдун мындан аркы өнүгүүсү үчүн ички

сигналдардын пайда болушуна байланыштуу, ошондой эле жаңы талаптарды эске алуу менен тутумдун элементтеринин түзүмдүк-функционалдык кайра курулушу менен шартталат. Өзгөрүүлөр баскычы “өткөөл” же “өткөөл жараяндар” деп аталат, өз кезегинде ар бир өткөөл жараяны өздүк институтташтырылган жана саясий-маданий бөлүкчөлөрдөн турат.

Биздин изилдөөбүздүн баалуулуктук жагы маанилүү. Баалуулуктардын каатчылыгы, алардын так эместиги көбүнчө пост-коммунисттик Кыргызстандын саясий маданияты жана саясий жараяндарында болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн мүнөзүн жана багытын аныктайт.

Саясий изилдөөгө карата баалуулук өлчөмү кайра түзүүлөрдүн жана институтташтырылган өзгөрүүлөрдү кабылдоо даражасын, кайра калыбын өзгөртүүнүн динамикасын, бийликти кабылдоону мыкты түрдө аныктоого мүмкүндүк берет. Бийликти кабылдоо жана жарандын бийликке болгон мамилеси саясий жараянды мүнөздөөчү абал-шарт катары таанылышы мүмкүн. Саясий жараянды саясий-маданий талдоо үчүн усулга негизделген, коомдук ишмердүүлүктү уюштурууну камсыз кылууга, улуттук кызыкчылыктарды жана жарандардын укуктарын коргоону ишке ашырууга багытталган институт катары жарандардын мамлекетке болгон баалоо мамилеси зор илимий мааниге ээ.

Саясий маданиятты изилдөөнүн оптималдуу моделин издөө саясий жараянды изилдөөдөгү илимий “жабдыктарды” аныктоого мүмкүндүк берет. Кайра түзүүлөрдүн ийгиликтүү жүрүшү көбүнчө саясий чечимдердин сапатынан жана коомдогу үстөмдүк кылган баалуулуктардын тутумунан көз каранды болот. Өткөөл мезгилдин саясий-баалуулук компонентин изилдөөнүн артыкчылыгы айкын болуп турат.

Саясий өнүгүү көйгөйлөрү менен байланыштуу саясий маданиятты талдоо, жаңы жараяндардын кабылданышына жана багытталышына таасир тийгизген саясий баалуулуктардын жана багыттардын даражасын так аныктоого, батышчыл эмес коомдун негизги өзгөчөлүктөрүн мүнөздөөгө, каалаган багытта абалды өзгөртүш үчүн кандай саясий чечимдер жана

ресурстар керектигин сунуштоо мүмкүндүгүн берет .

Коомдук-саясий жаатындагы баалуулуктун калыбын өзгөртүүлөргө совет мезгилин изилдөөлөрдө да көңүл бурулган [25]. Коммунисттик системанын кулашы жана демократиялаштыруу жараянынын башталышынын алкагында саясий маданияттын түшүнүгүнө болгон кызыгуу күч алган. Демократиянын түзүмдүк шарттарынын катарында жарандардын демократиялык принциптерге берилгендигин, негизги саясий институттарга саясий ишенүүчүлүгүн, жарандардын саясий катышуусун, өнүккөн жеке саясий натыйжалуулук сезиминин болуусу аталган. Коомдогу кеңири баалуулуктук колдоонун болгондугунан демократиянын өкүм сүрүүсү көз каранды деген ой-пикир үстөмдүк кылат [82, с.13-17]. Бирок, изилдөөчү О.Ю.Малинова белгилүү саясий маданияттын өзгөчөлүктөрү демократияны бекемдөөнүн "себеби" эмес, бул жараянды камсыз кылуучу же жүргүзүүгө тоскоолдук болуучу фактор экенин белгилейт [80, с.22].

Баалуулуктук багыттардын динамикасын изилдеген изилдөөчүлөрдүн кыйла бөлүгү, саясий маданиятты изилдөө жүрүм-турумдук салттарга таянган. Алардын арасында "үчүнчү толкундагы өлкөлөрдүн" мисалында демократиялык өткөөлдүн саясий-маданий себептерин изилдеген Л.Даймонд бар. Анын айтымында, экономикалык өнүгүүнү деңгээли коомдогу сабырдуулукту, эркиндикти баалай билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырганга таасир этет, ал эми жаңы демократиялык институттардын ийгиликтүү иштөө тажрыйбасы баалуулук багыттарынын динамикасына таасир тийгизип, демократиянын баалуулуктарын жана аны менен байланышкан жүрүм-турум тажрыйбасын жайылтууга жардам берет [41, p.249-307], [98].

Бул ыкманын маанилүү илимий эмгектерине П. Эстер, Л. Халман жана В.Рукавишниковтерден турган изилдөөчүлөрдүн жамаатынын Орусия менен Батыш өлкөлөрдөгү саясий маданиятты “кансыз согуштан кансыз дүйнөгө?” делген салыштырмалуу изилдөөсүн кошсок болот.

Орус изилдөөчүсү Е.В.Морозова Г.Алмонд, С.Верба, Е.Вятр, Р.Такер, А.Браун, А.Вилдавский, С.Уайттын эмгектерин талдап, саясий маданиятты

изилдөөдө үч негизги усулдук ыкманы бөлүп чыккан.

Биринчиден, жүрүм-турум ыкмасы так илимдердин ыкмаларына таянат, саясий талдоонун маселеси катары саясий жүрүм-турумду эмпирикалык өлчөө кабыл алат. Экинчиден, субъективдик ыкма саясий маданияттын тарыхый-коомдук изилдөөнү өзүнө камтып, маданий багыттардын жана каада-салттардын маанилүүлүгүн эске алат.

Үчүнчү, чечмелөөчү ыкма, саясий маданияттын көңүлүнүн фокусун саясий тутумду саясий жүрүм-турумдун чагылышы катары талдоодон, кандайдыр бир белгиленген жагдайларда саясий маданияттын кубулуштарын кароо менен саясий тутумдарды чыныгы жана идеалдуу маданий үлгүлөрдүн комплекстери катары кабылдоого бурган [84].

Саясий маданиятты изилдөөнүн чет өлкөлүк усулдук жабдыктарын карап келгенде, түшүнүктү чечмелөөдө эч кандай биримдик жок экенин, саясий маданияттын компоненттерин бөлүүдө жана анын аткарымдарын аныктоодо ар түрдүү ыкмалар бар экендигин белгилей кетүү керек.

Изилдөөчү П.Шаран саясий маданиятты аныктоодо, биринчи кезекке адамдардын саясий системага субъективдүү багыт алганын коюп, саясий маданият "саясий системанын касиеттерин же психологиялык критерийлерин" чагылдырарын баса белгилеген [115, с.46]. Бул басымга көңүл буруу керек, анткени ал саясий жараяндарга көрсөткөн саясий маданияттын таасиринин багыттары жана механизмдери тууралуу суроого жооп бергенин белгилей кетүү керек. Саясий маданият саясий системанын элементи катары анын иштешин аныктап, саясий жараяндын өнүгүшүнүн жана багыт алышынын себептеринин бири болгон чыгат.

Изилдөөчү Е.Вятр саясий маданиятты “бийлик менен жарандардын ортосундагы мамилелерге таасирин тийгизген ойлордун, баалуулуктардын жана жүрүм-турумдардын жалпылыгы” деп аныктаган. Саясий маданияттын түзүлүшүн сүрөттөп, Е.Вятр: “Саясат тууралуу билимдерди, маалыматтар менен таанышуу, аларга кызыгуу; саясий окуялардын баалоо, бийлик кандай болушу керектиги жөнүндө баалоо пикирлери; Мекенди сүйүү, душмандарды

жек көрүү сыяктуу саясий абалдардын эмоциялык чагылуусу; саясий турмушта кандай жүрсө болот жана эмне кылыш керектигин аныктаган, ошол коомдо таанылган саясий жүрүм-турумдун үлгүсү" деп айтат [31, с.259-260].

Жалпысынан алганда, өзүнүн иш-милдеттерин жүзөгө ашырууда саясий маданият саясий жараяндарга жана институттарга үчилтик таасир тийгизиши мүмкүн. Биринчиден, анын таасири астында коом үчүн салттуу саясий жашоо-тиричилигинин жана ишмердүүлүктүн калыптары пайда болот. Өзгөрүү жүрүп жаткан мезгилде коомдун көптөгөн катмарлары эски саясий тартипти колдоп, жаңы баалуулуктарга каршылык көрсөтөт. Экинчиден, саясий маданият саясий турмуштун жаңы түрлөрүн пайда кыла алат. Ал субъекттеринин абалын өзгөртүп, абалдардын кайра калыбын өзгөртүп же алардын жүрүм-турумунун жашыруун себептерин жигерилетип, саясий жараянга таасирин тийгизет. Үчүнчүдөн, саясий маданият эски жана жаңы саясий тартиптердин элементтерин аралаш пайдаланууга жөндөмдүү. Калк үчүн үстөмдүк кылган баалуулуктарды жана жүрүш-туруш тажрыйбасын сактап, саясий маданият, саясий каада-салттардын түзүмүн кайра калыбына келтирип, саясий өз ара аракеттешүүнүн жаңы механизмдерин өзүнө камтыйт.

Саясий маданияттын, анын курамдык элементтерин сунуш кылган түшүнүктөр, адамдын жүрүм-туруму менен саясий тутумдун ортосундагы байланышы, саясий маданияттын саясий жараянга тийгизген таасири тууралуу сөз кылууга мүмкүнчүлүк берет. Ата мекендик жана чет өлкөлүк саясий илимди изилдөөчүлөрдүн сунуш кылган көз карашында саясий маданият айрым бир жеке саясий багыттар жана мамлекеттик ченемдер менен институттардын ортосундагы байламта катары көрсөтүлөт.

Саясий илимде саясий маданиятты изилдөөдөгү негизги илимий-изилдөө салттары менен тааныштырып, бул саясат таануучулук категориянын түшүнүгүн аныктап жатып, усулдук биримдиктик көз караш менен саясий маданиятка саясий билим, мамиле, баалуулуктар, жүрүш-туруш жана иш-чаралардын топтому деген аныктама берсе болот.

Азыр саясий жараяндын мазмунуну жана саясий аткарымдарынын

түшүнүгүн калыптандырабыз. Саясий жараяндарды карап чыгууда саясий маданияттын жана анын курамдык бөлүктөрүнүн ортосундагы өз ара аракеттенүүсүн тактоо үчүн илимий-усулдук ыкмаларды аныктоо өтө маанилүү. Азыркы Орусиянын саясий жараянын өзгөчөлүктөрү, коомдук-экономикалык, саясий-маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуучу дисциплина аралык ыкманы пайдаланууну талап кылат.

"Саясий жараян" деген түшүнүктүн бир маанидеги чечмелөөсү жок. Саясий илимдерде аны түшүнүү үчүн ар түрдүү өз логикасы жана талдоо усулу бар чечмелөөлөр жана ыкмалар атаандашат.Шарттуу түрдө илимий адабиятта "институционалдык", “түзүм-аткарымдык”, “кагылышуучулук”, "жүрүм-турумдук" жана "саясий-маданий" аттуу саясий жараянды изилдөөнү мүнөздөгөн бир нече каада-салттарды бөлүп чыкса болот.

Институционалдык ыкманын (С.Хантингтон) жактоочулары саясий жараяндын мүнөзүн бийликтин ченемдери жана институттарынын иш жүргүзүүсү жана кайра калыбына өзгөрүүсү менен байланыштырат. Саясаттын жол-жоболук мүнөзү биринчи кезекте институттардын ишмердүүлүгүн, аларга таандык ишмердүүлүк ченемдери жана эрежелерине ылайык расмий түзүмдөр жана уюмдардын аракеттенүүсүн көрсөтүшү керек болгон.

Түзүмдүк-аткарымдык талдоо түзүмдүн ар бир элементи өз милдетин аткаруучу тутум катары кубулуштар жана жараяндарды изилдөө принциби болуп саналат. Түзүмдүк-аткарымдык ыкманын негизги өкүлдөрү Т.Парсонс жана Р. Мертон болуп саналат. Изилдөөдөгү түзүмдүк-аткарымдык ыкма ар бир өз ара аракеттенүүчү себептердин ар биринин ролун аныктоого жана коомдук жана саясий жараяндарды илимий жетектөөнү жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берет. Бул ыкманын артыкчылыгы анын милдетинин түшүнүгү (концепциясы) болуп саналат. Түзүмдүк-аткарымдык талдоонун максаты түзүмдүк өзгөрүүлөрдү сандык баалоодо, каралган тутум ылайыкташтырылышып жана өзүнүн негизги милдеттерине зыян келтирбестен ага көнүүдө турат [115, с.201-219].

Кагылышуучулук ыкма саясий жараянды субъекттердин бийликтин

макамы жана ресурстары үчүн атаандаштыгынын түрү катары чечмелейт. Р.Дарендорф боюнча саясий жараянды карап чыгуунун кагылышуучулук ыкмасынын мазмуну саясий жараян ачык же жашыруун күрөш, кагылышуу, чыр-чатактар жана жакшы аныкталган материалдык ресурстар жана коомдук макамдар боюнча келишүү, кызматташтык катары каралат [83, р.33-34], [38].

Р.Дарендорф: “бардык коомдук чыр-чатакты түзүмдүк жалпы түшүндүрүү мүмкүн эмес болгондуктан, түзүмдүн белгилүү бир абалдарынан кагылышууну жайылтуу жараянын алардын ар кандай түрлөрүнө карата колдонуу мүмкүн ... Коомдук чыр-чатактар үстөмдүктүн союзу болгон жана дайыма уюшкан тараптардын ортосундагы чыга турган кагылышуулар коомдун түзүлүшүнөн өсүп чыгат”деп белгилеген [39, с.142-143]. Ал эми мындан ары, Р.Дарендорф: “Чыр-чатактар бардык нерсенин атасы, б.а. өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчү, коомдук чыр-чатактарды эстүү түрдө чектөө саясаттын борбордук максаттарынын бири болуп саналат” деп тактаган [39, с.47]. “Кагылышуучулук” ыкмасынын автору саясий жараянды эки түшүнүккө - тирешүү жана бекемдөө алып келген. Саясий жараяндын мазмунун ачыкка чыгарууну изилдөөчүлөр саясый тирешүү жана саясаттын субъекттеринин биригүү абалынан улам аныкташкан.

Жүрүм-турумдук ыкманын ыкчам өнүгүүсү бир катар илимий жана коомдук-саясий мүнөздөгү себептер менен байланышкан. Ч.Мерриам 1925-жылда: “Убакыт келгенде, башка илимдер сыяктуу эле, биз дагы формалдык ыкмадан өзгөчөлөнгөн ыкма менен куралданып, саясий жүрүм-турумду изилдөөнүн маанилүү объектилерин бири деп моюнга алабыз”, - деп билдирген [115, с.157]. Жүрүм-турумдук ыкма саясат дүйнөсүнүн негизги субъектиси катары топторду жана жеке адамдарды аныктайт, жана саясий жараянды акторлордун макамынын жана бийликке таасир тийгизүү мүмкүндүктөрүнүн өзгөрүүсүнө алып келген жүрүм-турумдук аракеттердин жыйындысы катары карап чыгат. Изилдөө объектиси катары адамдардын саясий жүрүм-турумун белгилөө менен бул ыкма байкоо, классификация жана маалыматтарды өлчөөнүн так ыкмаларын колдонуу туура көрөт.

Саясий-маданий ыкманын артыкчылыгы деп ал өзүнө социологияны, социомаданият таанууну, улуттук психологияны жана башка соңку коомдук жана саясий көрсөтмөлөрдү бирдиктүү дисциплина аралык ыкмага бириктирүүсү эсептелет. Бул саясий жараяндардын ишке ашырылышынын айкын механизмдерин жана мыйзам ченемдүүлүгүн жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Саясий кайра калыбын өзгөртүүнү, атап айтканда демократиялык кайра калыбын өзгөрүүнү изилдеп, изилдөөчүлөр Ф.Шмиттер, Р.Патнэм, В.Меркель, А.Круассан, А.М.Салмин институттук эмес жагдайлар көбүнчө болуп жаткан саясий жараяндардын табиятын аныктай турганына көңүл бурушкан. Саясий институттардын өзгөрүшү менен бирге, элита менен калктын баалуулуктары, көрсөтмөлөрү жана жүрүм-турум тутумунун деңгээлинде өзгөрүүлөр жүрсө ийгиликтүү демократиялаштыруу тууралуу айтсак болот.

Саясий жараянды талдоонун ар бир усулдук багыты өзүнүн күчтүү жактарына ээ болуп, белгилүү саясий салттардын өнүгүүсүнүн даражасын чагылдырып, бири-бирине карама-каршы келбендигин белгилей кетүү керек. Шарттуу түрдө, бардык бул изилдөө ыкмаларын саясий жараяндарды изилдөө үчүн саясат таануучулук жабдыктын “көп тараптуу фигурасынын” тараптары катары кабыл алсак болот. Теориялык жана колдонмо саясат таануу саясий жараянды изилдөөдө усулдук куралдардын жыйындысынын бардыгы колдонулганын далилдейт.

Ошентип, демократияга өтүүдө чечүүчү ролду ойногон саясий кайра калыбын өзгөртүүлөр мезгилиндеги өз алдынча себеп катары маданий факторго болгон көз караш жетектөөчүлөрдөн эмес. Ушуга байланыштуу, диссертациялык эмгекте көңүл терең кайра калыбын өзгөртүү жүрүп жаткан коомдордо маданият жана саясаттын ортосундагы маанилүү өз ара аракеттенүү көйгөйүнө бурулган.

Автордун көз карашынан алып караганда, авторитардык синдром өткөөл коомдордун маданиятынын ажырагыс бөлүгү катары жаңы саясий тутумду калыптандыруунун келечегин аныктоодо олуттуу себеп болуп саналат. Өткөөл

коомдордо маданияттын волатилдүүлүгү (туруксуздугу, өзгөрүүчүлүк) көптөгөн эндогендик жана экзогендик себептерден улам айрыкча айкын чагылдырылат [60].

Коомдогу кескин өзгөрүүлөр терең туруксуздукка алып келет, мындай жагдайларда коомдо мазмуну авторитардык синдром, же, тескерисинче, жаңы баалуулуктарды “жалпы элдик таануунун” жарылуусу болгон ресентименттин (таарыныч) көтөрүлүшү сыяктуу кубулуштар тез тез байкала баштайт.

С.Хантингтондун ою боюнча, өтө кедейлик, козголоңчу кыймылдар, этностук-диний чыр-чатактар, терең коомдук экономикалык теңсиздик, өнөкөт баанын түшүшү, ири тышкы карыз, терроризм, экономикада мамлекеттин ролунун чоңдугу демократиялык өткөөлдүн негизги контекстуалдык көйгөйлөрүн түзөт. Алгач авторитаризмдин кыйрашы жарандардын арасында шайдооттукту жана толкундануу пайда кылган, бирок жаңы демократиялык өкмөттөр чечпеген же чече албаган контекстуалдык көйгөйлөр, жаңы демократиялык коомчулукка болгон иллюзиялардын жоголушуна жардам көрсөтүп, демократиялык өкмөттүн ишмердүүлүгүнө кайдыгерлик, үмүтсүздүк жана көңүл калгандыкка алып келген [113, с.273-275; с.276].

Алгач бул көрүнүш 1979-жылы Испанияда байкалып, «el desencanto» - “көңүл калуу” деп белгиленген.

Мындай "авторитаризмди сагынуу" – демократияга жооп катары, өзүн-өзү аңдап билүүнүн өсүшү менен пайда болуп, демократияга өтүү өлкөдөгү негизги коомдук-экономикалык көйгөйлөрдүн чечилиши дегенди билдирбейт. Демократиялаштыруу тууралуу шайдооттукту көңүл калуу, капалануу, ачуулануу, кайгыруу жана капалануу алмаштырган. Мындай көрүнүштөр Испанияда, Португалияда, Аргентинада, Уругвайда, Бразилияда, Перуда, Түркияда, Пакистанда, Филиппинде жана диктатура кулагандан кийин Чыгыш Европада кеңири таралган. Сэмюэл Хантингтон “репрессиялар тууралуу эскерүүлөр эскирип, кайсы-бир деңгээлде авторитардык мезгил учурунда болгон делген тартип, гүлдөп өнүгүү жана экономикалык өсүштүн элесин алмаштырган”,- деп жазган.

Ошентип, коомчулуктун жаңы демократиялардан күтүлбөгөн жерден чечилбеген маселелер үчүн көңүл калуусу өткөөл мезгилдин мүнөздүү белгилери болуп эсептелет. Буга байланыштуу биринчи планга элитанын жана жарандардын демократиялык тутумдун баалуулугуна ишенүүсүнүн даражасы чыгат. Саясий маданият темасы көңүлдү жаңы демократиялык өкмөттүн натыйжалуулугу жана мыйзамдуулугунун ортосундагы өз ара байланышына басым жасайт. Бул өз ара байланышты изилдеген окумуштуулар Л. Даймонд [40, p.231], Х.Линц жана С.Липсет жаңы демократиялар көбүнчө бир айлампага кармалат деп эсептешкен: мыйзамдуулук жок, алар натыйжалуулукка жете албайт, натыйжалуулугу жана аткарымдуулугу жок мыйзамдуулукка жетүү мүмкүн эмес [113, с.277].

Сэмюэл Хантингтон жүрүм-турум жагынан жаңы демократиялык тутумдардан көңүл калуу саясий катышуунун төмөндөшү, саясатты кайрадан бийликке келгендердин өлкөдөгү үстөмдүк кылган коомдук пикирге ылайык жүргүзүшү, жарандардын демократиялык чечим кабыл алуучулардын дарегине терс жооп берүүсү түрүндө көрүнөт деп белгиледи [113, с.285-290].

Авторитардык башкаруучуларды сагынуу жана демократиялык башкаруучулардан көңүл калуу С.Хантингтондун ою боюнча демократияга өтүүнүн ажырагыс өзгөчөлүгү болуп саналат, демократиялык түзүлүштү бекемдөө жараянындагы алгачкы кадам болуп саналат. Стабилдүүлүк жана демократиянын иштеши үчүн чечүүчү маани демократияны саясий тутум катары колдоо жана тиги же бул демократиялык өкмөттөрдүн көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдүүлүгүнө ишенүүнүн ортосундагы айырманын элита сыяктуу жарандар тарабынан дагы аңдап билүүсүндө жатат. “Демократия өкмөт ийгиликке жетпей калышы мүмкүн деген жыйынтыкка негизделет жана аны алмаштыруу боюнча институтташтырылган ыкмалар болушу керек”[113, с.283].

Сэмюэл Хантингтон демократияны жана ага мүнөздүү демократиялык баалуулуктарды колдоону өстүрүү жараяны жай, эки он жылдыктын ичинде жүргөнүн баса белгиледи. Мисалы катары аталган өлкөлөр - Германия, Япония.

Кайсы жерде демократиялык негиздерди түзүү жараяны муундардын алмашуусунун натыйжасында ишке ашса, демократиялаштыруунун кайра калыбына келүүсүнүн ыктымалдуулугу төмөнболот; экинчи жагынан, ой-пикирлердин өзгөрүүлөрүнүн натыйжасында капысынан демократиялык өзгөрүүлөр жүрсө, демократиялашуу жараяны каршы багытта мүмкүн болушунча тез болуусунун ыктымалдуулугу жогору.

Р.Инглхарт баалуулуктардын заманбаптан постмодернге өзгөрүүсүн изилдеп, жыйынтыгында бир катар түрдүү коомдук өзгөрүүлөр болорун белгилеп, авторитардык чагылуу деп атаган кубулушту баяндап кеткен. Анын айтымында, коомдук каатчылыкты башынан өткөрүп жаткан өлкөлөрдөгү ыкчам өзгөрүүлөр, ишенимсиздик сезимин жана алдын ала айта билүүгө муктаждыкты жараткан.

Р.Инглхарт авторитардык чагылуунун эки түрүн сүрөттөгөн. Биринчи түрү - тез экономикалык жана саясий өзгөрүшүнөн улам келип чыккан фундаменталисттик реакция. Бул жаңылыкты тануу жана эски маданий моделдердин ырастуулугун коргоо түрүндө чагылдырылган өзгөрүүлөргө жооп кайтаруу болуп саналат. Авторитардык чагылуунун экинчи түрү - бул күчтүү лидерлердин көзүнүн агы менен тең айланып сыйынуу. Терең ишенимсиздик жана алдын ала айта билүүгө мүмкүнсүздүктө темир эркине ээ жана көйгөйлөрдү чечүүгө, тартипти калыбына келтирүү жана коопсуздукту камсыз кылууга жөндөмдүү күчтүү лидерлерге ишенүүгө даярдык жаралат.

Ошентип, авторитардык чагылуу, маданияттын бир бөлүгү болуу менен, каатчылык, коомдук кайра калыбын өзгөртүү абалында болгон коомдо, келечекке ишенбөө, учурдагыдан көңүл калуу күчтүү абройлуу бийлик адамына болгон муктаждыкты, кадимки маданий жана жүрүш-туруш тажрыйбасын сактоо зарылдыгынын пайда болушуна салым кошот.

Р. Инглхарт, авторитардуулуктун рекциясынын пайда болушу менен бирге, өткөөл коомдордо, каатчылык мезгилинде да, кескин өзгөрүшүнө жана келечекке ишенбестик абалында ксенофобия, маданий өзгөрүштөргө жана этностук азчылыктарга карата сабырсыздык пайда боло тургандыгын белгиледи

[60].

Авторитардык чагылууну жоюунун натыйжасында бийлик менен кадыр-барктын бардык түрүнүн маанисинин төмөндөшү, өзүн-өзү көрсөтө билүүнүн, саясий катышуунун, келечекке ишенүүнүн артыкчылыгы, ошондой эле жашоо-турмушунун бакубаттуулугунун, жашоо сапаты, жекече өзүн-өзү көрсөтө билүүнүн артыкчылыгы пайда болот. Бул багыттар демократиялаштырууга жөндөмдүк түзүшөт.

Демократияны бутага алган мамлекеттердеги негизги көйгөйлөргө С.Хантингтондун оюу боюнча төмөнкүлөр кирет: жакырчылык, нааразычылык кыймылдары, этностор жана диндер аралык кагылышуулар, социалдык-экономикалык теңсиздик, өнөкөткө айланган инфляция, эбегейсиз көп тышкы карыз, терроризм, экономикадагы мамлекеттин чоң ролу. Авторитаризмдин кыйрашы жарандардын арасында эйфорияны – балкыган сезимди жана энтузиазмды – шыктанууну жаратты. Бирок, жаңы пайда болгон демократиялык өкмөттөр чече албаган же чечүүгө мүмкүн болбогон өзөктүү көйгөйлөрдүн көптүгүнөн жаңы демократиялык коомго болгон ишеним жоголду, кайдыгерликке алып келди, демократиялык өкмөттүн ишмердигинен көңүл калуу жана фрустрация – бузулуу, айнуу күчөдү. [113, с.273-275]. Мындай көрүнүш алгачкы жолу 1979-жылы Испанияда байкалып «el desencanto» - көңүл калуу – деп аныкталган.

Ошентип, өзүнчө алынган инсандын авторитардуулугун мүнөздөөдө анын догматизм (сенектик), башка ойго жана ар башкалалыкка чыдабастыгы, авторитардык баш ийдирүү, авторитардык агрессия, конвенционализм (макулдашуу) сыяктуу таанып билүү, кабылдоо, билгенин пайдалануу сыяктуу жөндөмдөрүнүн жыйындысы түшүндүрүлөт. Ал эми авторитардуулуктун өзүн социалдык топтун же топтук аң-сезимдин мүнөздөмөсү катары түшүндүргөндө топтук ынтымак жөнүндөгү түшүнүк, топ менен индивиддин ортосундагы мамлелердин ирети жөнүндөгү индивиддин түшүнүгү, индивиддин аракеттери канчалык анын жеке кызыкчылыктары менен аныкталууга жана топтун кызыкчылыктары жана нормалары менен эсептешүүгө тийиш экендиги менен түшүндүрүлөт.

## Глава II.АВТОРИТАРДЫК БАШКАРУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ САЯСИЙ ПРОЦЕССТИН МҮНӨЗҮ КАТАРЫ

### 2.1. **Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин калыптанышы жана өнүгүшү: негизги баскычтары.**

Авторитардык режимдин көптөгөн түрлөрү бар экендиги жөнүндө биринчи бапта кеңири баяндаган элек. Негизинен алар Азия, Африка, Латын Америкасы материктериндеги өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде таралган. Буларда олигархиялык типтеги салттуу авторитардык режим жана жаңы олгархтардын авторитаризми деген эки түрү тараган. Биринчисине ылайык бийлик саналуу гана бай үй бүлөлөрдүн колунда топтолуп. Алар өлкөдөгү экономикалык жана саясий турмушту толук көзөмөлдөп турушат. Бийлик алмашуу, эреже катары, төңкөрүш аркылуу, же таза эмес, жыйынтыгы алдын ала белгилүү болгон шайлоолор аркылуу жүрөт. Мындай өлкөлөрдө элдин бийликке болгон ишеними төмөн болот. Ал эми жаңы олигархтардын авторитаризми, эреже катары, армиянын колдоосу менен, аскер төңкөрүшүнүн жыйынтыгында пайда болот. Көп учурда согуштук диктатура орнотулат.

Демократиялык авторитаризм же авторитардык демократия деп аталган аралаш жана өткөөл режимдер да кездешет. Буларга либералдык идеологиянын айрым өзөктүү элементтерин кабыл алган аторитардык башкаруудагы өнүгүп келе жаткан  өлкөлөр кирет. Полиэтникалык, поликонфессионалдык, түндүк-түштүк же чыгыш-батыш болуп бөлүнгөн дүйнөнүн ондогон өлкөлөрүндө консоциативдик демократия же болбосо келишим демократиясына негизделген саясий система кабыл алынган. Мындай келишим башкаруучу элитанын ичинде да (мисалы Бакиев-Кулов тандеми), элита менен жалпы эл массасынын ортосунда да болушу мүмкүн.

Кандай түрү болбосун, батыштыкпы же азиянын тажырыйбасына негизделгенби, кандай формада болбосун, демократиялык коомду куруу жаңы эле эгемендикке жетишкен Кыргызтан үчүн стратегиялык максат болгон. Бул

алыскы келечектин иши эле, маяк сыяктуу жол көрсөтүп турган ориентир катары деп кароо туура болоор эле.

СССРдин курамында кезинде эле Кыргыз Республикасынын башкаруу тутумунда өтө оор кырдаал түзүлгөн. Башка бир да союздук республикада мындай кош бийлик жок эле. 1990-жылы октябрда болгон Жогорку Советтин сессиясында президентти шайлоо учурунда тагдыр А.Масалиевге канчалык каршы болсо да, Акүйдөгүлөрдүн А.Масалиев эле президент болот - деп күтүшкөнү билинип эле турган. Жада калса шайланган президент А.Акаевди салтанаттуу түрдө отургуза турган мурдатан даярдалган иш кабинети да жок болгон. Планга ылайык А.Масалиев эле шайланып, анан ал өзүнүн, Компартиянын 1-катчылык иш кабинетинде отуруп кала бермек. Бардык кошуна республикалардагы бийлик алмашуу ушундай ирээтте жүргөн. 1990-жылы 27-октябрда Кыргыз ССРинин Жогорку Совети А.Акаевди Кыргыз ССРинин президенти кылып шайлаган.

Президент болуп шайланганга чейин деле А.Акаев демократ болгон эместиги, демократиялык кыймылдарга да катышпагандыгы тууралуу бир-эки мисал келтире кетели. А.Акаев 1990-жылы 26-майда Бишкектеги Кыргыз драмтеатрынын имаратында өткөн КДКнын уюштуруу конференциясына катышуу үчүн Москвадан атайын чакыртылып, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин тапшырмасы менен конференциянын делегаттарынын алдына чыгып сөз сүйлөгөн. 24 өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүн бириктирген бул чогулушта “көздөрүнөн от жанган, кыргыз тили үчүн, кыргыз эли үчүн, кыргыз жери үчүн” - деп күйүп-жанган кыргыздын кыраан улан-кыздары менен мекенчил атуулдары отурушкан. “Зал эки жолу Акаевди угууну каалабаганын билдирип (атайын кол чаап, уу-дуу болуп), мындайды күтпөгөн Акаев башын кайта-кайта ийкегилеп, кызарып трибунадан түшүп кеткен” [13].

А.Акаев Москвага кайтып келгенден кийин бул шаардагы борбордук ЖОЖдордо окушкан кыргыз студенттери түзүшкөн “Акыйкат” уюмунун активистери менен жолугуу учурунда алардын: “Кыргызстанды барып жетектеңиз” - деген суроолоруна “Жоок, - деп, кадимки күлкүсүн салды - мен

да акыркы жылдары БКда иштедим, аздыр көптүр анын камчысын чаптык. Биздин иштей турган участок башка, илимди өнүктүрүүгө көп эмгек кылышыбыз керек. Жаштар өссө деген ойдомун” [13] - деген жообун бергенден эки-үч айдан кийин эле, 1990-жылы октябрда, өзүн коммунисттик партократ катары мүнөздөгөн, коммунистердин “камчысын” чаптым – деген А.Акаев эми демократияны курууну көздөгөн, жаш Кыргыз өлкөсүнө башчысы болуп калган...

А.Акаевдин президенттик мезгилиндеги авторитардык саясий режимдин пайдубалынын түптөлүшүн төрт кадамга бөлүп кароого болот:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин мамлекеттин да, өкмөттүн да башчысы катары бийлик –укуктарга ээ болушун өлкөдө авторитардык бийликтин пайдубалын куруунун биринчи кадамы кароого болот.Президенттик институттун киргизилиши менен эле коомдун саясий системасы, мамлекетти башкаруунун модели өзүнөн өзү эле өзгөрүп кеткен жок. Мындай өзгөрүүлөр болуш үчүн, албетте, күчтүү саясий эрк, кажыбас кайрат, турмуштук тажрыйба, ар тараптуу терең билим жана убакыт керек эле. Мына ушундай тарыхий милдеттердин адам көтөргүс оор жүгү Кыргызстанда жаңы эле пайда болгон президенттик бийлик институтунун мойнундагы тагдыр чечүүчү тарыхий жүк болгон.

Кыргыз мамлекетин башкаруунун жаңы, президенттик моделинин негизи катары системалык кайра түзүүлөрдүн жергиликтүү шарттарын эске алган, улуттук, диндик жана салттык өзгөчөлүктөрдүн таасири аркылуу бааланууучуу жана түшүндүрүлүүчү, дүйнөлүк практикада текшерилген жана көптөгөн өлкөлөр тарабынан кабылданган демократиялык баалуулуктар менен базар экономикасы кабыл алынган.

Ошол көз ирмемдеги, 1990-жылы октябрдын аягындагы, Кыргыз ССРинин мамлекеттик башкаруу системасы, анын конституциясына ылайык, үстүртөн караганда, төмөнкүдөй көрүнөөр эле: иш жүзүндө бирин бири тең салмактап жана кармап турган бийликтин үч бутагы жок болсо да, бул бутактардын көлөкөсү, скелети бар болчу. Алсак:

– Жогорку Совет – мыйзам чыгаруучу бийликтин жогорку органы. Бийликтин бул бутагына облсовет, шаарсовет, райсовет, поссовет, сельсовет жана алардын ар биринин алдындагы аткаруу комитеттери кирчү;

- Министрлер совети – өкмөт - аткаруу бийлигинин жогорку органы. Өкмөттүн курамында 30дан ашык министрликтер, комитеттер, агентстволор, ведомстволор болгон жана булардын ар биринин облустарда, шаарларда, райондордо, поселоктордо, совхоз менен колхоздордо эбегейсиз көп сандагы башкаруу түзүмдөрү болгон;

- Жогорку сот - сот бийлигинин жогорку органы. Жергиликтүү соттор.

“Совет бийлиги”, “совет өкмөтү” - деп мыйзамдарда жазылып, эл оозунда айтылганы менен, марксизм-ленинизмдин негиздөөчүлөрү элестеткендей жана алардын жазып калтырган осуяттарында сүрөттөлгөндөй социалистик түзүлүштүн өзү СССРде дегеле жок болгон сыяктуу эле, Совет өлкөсүндөгү мамлекеттик бийлик советтердин колуна эч качан тийген эмес. В.И.Ленин дүйнөдөн кайткандан кийин Советтер Союзундагы мамлекеттик бийлик толугу менен И.Сталин башында турган Коммунисттик партияга өтүп, анан ал партия мамлекеттик бийликтин үч бутагынын үстүнөн карап, мамлекеттеги бардык бийликти өзүнө топтоп алган. 1990-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин жазгы сессиясында КПССтин башкаруусун кепилдикке алган Конституциянын 6-беренеси жоюлганынан бери алты ай убакыт өтсө дагы, 1990-жылдын 27-октябрына карата, советтер бийликти өз колуна ала алышкан эмес, жада калса аларда, башкаруу тажрыйбасы да жок эле. Бийлик советтердин жана алардын аткаруу комитеттеринин башына асмандан “дүп” этип келип түшкөндөй эле болгон.

Ушул конституциялык өзгөртүүлөргө чейин иштеп келишкен мамлекеттик бийликтин эң жогорку кызматтагылары өз орундарында эле калышкан: Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы менен Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы кызматтарын тең ээлеген – А.Масалиев, өкмөт башчы – министрлер советинин төрагасы – А.Жумагулов. Мамлекеттик бийлик пирамидасынын ылдыйкы тепкичтеринде деле ушундай

эле абал сакталып калган. Мурдагы компартиянын обкомунун биринчи катчысы эми облаткаруу комитетине, ал эми райкомдун биринчи катчысы райаткаруу комитетине төрага болуп калышкан. Саясий система өзгөрсө да партократтар бийликте кала беришкен.

Анан буларга кошумча эми жаңы эле шайланган президент А.Акаевдин бийлик институту да бар эле, бирок анда реалдуу бийлик жок болчу, азыр анда бийликтин "эки тизгин, бир чылбыры" жок эле, бирок анда коомчулуктун, элдин эбегейсиз колдоосу менен ишеними бар болгон.

Жаңыдан пайда болгон президенттик институтту Кыргызстандын мамлекеттик башкаруу системасына кантип кийирүү керек? Мамлекетти башкаруу реформаларынын башталыш шарттары укмуштуудай оор болгон. 20-кылымдын акыркы декадасында системалык кайра түзүүлөрдүн биздин өлкөдөгүдөй ойго келбеген кесепеттерин катуу азаптанып баштан кечирген өлкөлөр дүйнөдө аз болгон.

Президент А.Акаевдин алдында эки мүмкүнчүлүк, эки жол бар эле ал мезгилде:

- Биринчиси, 1990-жылы жазында башталып, алты айдан бери уланып келаткан мамлекеттик жана жергиликтүү бийликтерди советтерге өткөрүү процессин андан ары улантуу, жергиликтүү советтердин материалдык-каржылык негиздерин бекемдөө жана күчөтүү, кадрлык курамын бекемдөө, укуктук негиздерин иштеп чыгуу... Жогорку Советтин (парламенттин) бийлик - укуктарын күчөтүүгө багыт алуу, депутаттар тарабынан сессияда шайлангандан улам президент Жогорку Советке баш ийерин, ага отчет берерин, президенттин бийлиги чектелгендигин, номиналдуу гана экендигин моюнга алуу. Эки же көп партиялык системаны орнотуу – буга толук шарттар бар эле. Тез арада партиялык тизменин негизинде, учурдагы коомдук, прогрессивдүү күчтөргө таянуу менен парламенттик шайлоолорду өткөрүү... Кыргызстанда мамлекетти башкаруунун парламенттик республика формасын кийирүү жолу.

- Экинчи жол, өкмөттү - аткаруу бийлигин колго алуу, президентти - мамлекеттин эле эмес өкмөттүн да башчысы кылуу. Жогорку Советке баш

ийбөө, аны алсыратуу. Тез арада бүткүл эл тарабынан президенттик тикелей шайлоону өткөрүү. Президенттин бийлик-укуктарын көбөйтүү, күчөтүү, ал эми анын жоопкерчиликтерин, тескерисинче, азайтуу... Кыргызстанда мамлекетти башкаруунун чала президенттик республика формасын кийирүү жана андан ары авторитардык саясий режимди курууну көздөй багыт алуу.

Биринчи жол канчалык даяр, улуттун кызыкчылыктарына, кыргыздардын көп жылдардан бери топтоп келген башкаруу тажырыйбасына дал келип турса да, улап кеткенге ылайык келген реалдуулук болуп турса да, президент А.Акаев экинчи жолду тандап алган.

Ошентсе да, өлкөдөгү демократиялык күчтөрдүн үмүтү катары эсептелген А.Акаевдин саясий бийликке келиши менен мамлекеттеги курч саясий кырдаал жумшарып, коом демократиялык өнүгүү жолуна багыт алгандай маанай калтырган.

Тандап алынган экинчи жолду ишке ашыруу багытында ойлонулган пландарды ишке ашыруу үчүн А.Акаев биринчи кезекте мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен келечектеги кайра түзүүлөрдүн укуктук негиздерин тактап алуу керектигин түшүнгөн. Ушул максатта он экинчи шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советтинин 3-сессиясында кабыл алынчу маанилүү документтерди даярдоо кызуу жүргөн. Сессия 1990-жылы 11-декабрда өз ишин баштаган. Депутаттар А.Масалиевди Кыргыз ССР Жогорку Советтинин Президиумунун Төрагалык кызматынан алып, анын ордуна М.Ш.Шеримкуловду шайлашкан. Ошентип Төрагалык кызматка Кыргызстан КП БКнин биринчи катчысынын ордуна ошол эле БКнын идеологиялык иштер боюнча катчысы келген. Бир караганда анча деле өзгөрүү болбогондой көрүнөт.

...Ал эми чын-чынына келгенде абдан чоң өзгөрүү болгон, бир жагынан, учурда бийлик-укугу эң көп болгон Жогорку Советтин Президиумунун Төрагалык кызматына А.Акаевге ыңгайлуу, ич-ара ымалашып иш алып барганга ийкемдүү адам келген, керектүү мыйзамдарды парламенттен өткөрүү эми президент А.Акаев үчүн бир кыйла жеңил болмок. Ал эми экинчи жагынан, А.Акаев А.Масалиевге окшогон өтө чынчыл, чарба иштерин өзгөчө жакшы

билген, куудуң-шуудуңу жок, М.С.Горбачевду карап жүрүп иши алга жылбай, запкы тартканы болбосо, Кыргызстандын бардык региондорунда аброю күчтүү саясий оппонентти бийликтен четтеткен.

1990-жылы 14-декабрда “Кыргыз ССРин облустарга бөлүүнү өркүндөтүү жана жаңы облустарды түзүү жөнүндө” деген мыйзам кабыл алынып, анын негизинде Нарын менен Талас облустары кайрадан калыбына келтирилип, Чүй менен Жалал-Абад облустары жаңыдан түзүлгөн. Ош менен Ысык-Көлдү кошкондо Кыргызстан эми алты облус жана борбор калаадан туруп калган.

Жаңы түзүлгөн Чүй облусунун губернатору кызматына А.Жумагуловдун дайындалганынан улам, ал буга чейин ээлеп келген Кыргыз ССР министрлер советинин төрагасы - өкмөт башчысы - кызматы бошоп, ваканция болуп калган.

Ошол эле күнү, 1990-жылы 14-декабрда, Президенттин позициясын бекемдөө үчүн Жогорку Совет “Кыргыз ССРиндеги мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын системасын реорганизациялоо жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Негизги Мыйзам) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийирүү жөнүндөгү” [91] мыйзам кабыл алган. Бул мыйзамга ылайык президент А.Акаев жалаң эле мамлекет башчысы макамын албастан, аткаруу бийлигинин да башчысы болуп [17, с.187-188], анын позициясы бир топ бекемделген. Мыйзам чыгаруу демилгеси укугу, парламенттин ишине катышуу, өлкөнүн вице-президенти кызматына жана Жогорку соттун төрагалыгына талапкерлерди көрсөтүү, шаарлык жана облустук деңгээлдердеги советтердин төрагаларын дайындоо жана иштен алуу эми президенттин компетенцияларынан болуп калган.

Жогорку Советтин 3-сессиясы 1991-жылы 22-январда президенттин сунушуна ылайык “Кыргыз Республикасынын министрлер кабинети жөнүндө” мыйзамды кабыл алган. Бул мыйзамга ылайык Кыргыз ССР министрлер советинин төрагасы кызматы жоюлуп анын ордуна премьер-министр, вице-президент, ал эми министрлер советинин төрагасынын орун басарларынын ордуна мамлекеттик катчылар кызматтары киргизилген. Бул мыйзам боюнча премьер-министр эми өкмөт башчысы болбой калган, ал болгону биринчи

министр макамын алган, анын бийлик-укуктары бир кыйла азайып, ал эми жоопкерчиликтери мурдагыдай эле көп боюнча кала берген. Өкмөт башчылык бийлик-укуктары эми толугу менен президентке өткөн. Министрлер кабинети президентке баш ийип, эми өкмөт анын жетекчилиги менен иштей турган болуп калган.

Мамлекеттин президентин парламент шайлаган өлкөлөрдө №1 мамлекеттик эң жогорку кызмат катары премьер-министрдин кызматы эсептелет. Бийликти бөлүштүрүүнүн логикасы боюнча деле, дүйнөлүк практиканын тажрыйбасы боюнча деле ошол мезгилдеги Кыргызстандын реалдуу бийлиги премьер-министрде болуш керек эле. Президент А.Акаев эми өкмөттүн да башчысы болуу менен өз колуна парламенттик республика башкаруу формасынын философиясына ылайык келбеген эбегейсиз көп бийликти топтоп баштаган

А.Акаевдин саясий карьерасындагы авторитардык бийликтин пайдубалын куруунун биринчи кадамы мына ушул “Кыргыз Республикасынын министрлер кабинети жөнүндөгү” мыйзамды ишке ашыруудан башталган. Эгерде 1990-жылы 14-декабрда эле Чүй облусун түзүп, анын башчылыгына А.Жумагуловду дайындаганын эске алсак, анда А.Акаевдин өлкөдө авторитардык башкарууну орнотуу пландары ал президент болуп шайлангандан кийинки биринчи айында эле, 1990-жылы ноябрь айында эле, дыкаттык менен иштелип чыкканы ачык айкын болуп турат жана мунун чындыгына Акаевдин кийинки он беш жылда жүргүзгөн үй-бүлөөлүк-авторитардык бийлиги толук жана так далил болуп эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын биринчи премьер-министри болуп Жогорку Советтин 3-сессиясында, 1991-жылы 22-январда, жашыруун добуш менен, Н.Исановдун талапкерлиги бекитилген. Жаңыдан эле президент болуп шайланган А.Акаев премьер-министрлик кызматка түштүктүн өкүлү болгон Н.Исановдун талапкерлигин колдоо менен өзүн демократ катары, жаңы толкундун өкүлү катары көрсөтүүнү максат кылган, эл көзүнө “мына Масалиев кетсе Исанов келди” дегендей ишараат кылган. Белгилүү болгондой, жаңы

мыйзам боюнча, премьер-министр болгону биринчи министрдин гана бийлик-укуктарына ээ эле. Бирок, иш кызуу башталгандан эле, өзүнүн кумири А.Масалиевге окшоп, Н.Исанов дагы чынчыл, сөзү менен иши дал келген, өлкөдөгү абалды абдан жакшы билген, өз укугун билген, “шефтин” көзүн карабаган жетекчи катары иштей баштаган. Ошентип, авторитардык режимди курууну өзүнө максат кылып койгон А.Акаев үчүн Н.Исанов дагы, А.Масалиев сыяктуу эле, ыңгайсыз кадр болуп чыга келген.

2.1991-жылы 31-августундагы Жогорку Советтин токтому менен Кыргызстан компартиясынын жоюлушу, республикадагы компартиянын обком, райком жана башка көптөгөн тармактык, өндүрүштүк жана жергиликтүү партиялык комитеттеринин бийлик-укуктарынын толугу менен президенттик бийлик тарабына, тактап айтканда, А.Акаевди колдоо тарабына өтүшүн – өлкөдө авторитардык бийликтин пайдубалын куруунун экинчи кадамы катары кароого болот.

1991-жылы апрелде Кыргызстан КП БКнын 1-катчылык кызматына А.Масалиевдин ордуна Ж.Аманбаев шайланган. Ошол эле учурда Ж.Аманбаевдин Президенттик кеңешке да мүчө болуп киргизилиши А.Акаевдин ага жана ал жетектеген партияга карата болгон “колдоо алуу” саясатынын белгиси болгон. 1991-жылы 19-23-августагы ГКЧПдан кийин гана коммунистердин тагдырын толук жана биротоло чечүүгө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Москвада ГКЧП жеңилгенден кийин союздук республикаларда КПССтин уюмдарын жоюу чагылгандай тездик менен жүргөн. 1991-жылы 23-августа Литвада, Молдавияда - 24-августа, Белоруссияда - 25-августа, Грузияда - 26-августа, Түркмөнстанда - 28-августа, Украинада - 30-августа компартиянын республикалык уюмдары толугу менен биротоло жоюлган. Ошентип, бир жуманын ичинде алты союздук республикада компартиялар жоюлуп, көз карандысыздык декларациялары кабыл алынган. Кыргызстанда 1991-жылы31-августаКыргызстан Республикасынын Жогорку Совети “Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы

жөнүнүндөгү декларациясын” кабыл алуу менен бирге Кыргызстан коммунисттик партиясын жоюу жөнүндө токтом кабыл алган.

1991-жылы 4-сентябрда борбодук гезиттердин беттеринде Кыргыз Республикасынын президенти А.Акаевдин билдирүүсү жарыяланган [70]. Анда “Коммунисттердин басымдуу көпчүлүгү КПССтин жана Кыргызстан Компартиясынын жогорку партиялык-бюрократтык жетекчилигинин иш-аракеттери жана саясаты үчүн, алардын соңку кылмыш - мамлекеттик төңкөрүшкө көмөктөшкөндүгү үчүн жоопкерчилик тартышы мүмкүн эмес”, - деп айтылган. Ушундан кийин буга чейинки партиялык бийлик-укуктар, партиялык кызматкерлер иш ордулары менен кошо эми аткаруу бийлиги бутагына, иш жүзүндө президенттик башкаруу түзүмүнө расмий да, расмий эмес да өтө баштаган. Алар президентке мурдагыдай тең-ата деңгээлде эмес, тескерисинче, ага толук баш ийүү шарттарында иштей башташкан. Ушул көрүнүш Акаевдин авторитаризмди карай жолундагы экинчи орчундуу кадам болгон.

Постсоветтик республикалардын башкаруу системаларына салыштырганда Кыргызстандын жаңы саясий системасында авторитардык режимге жагымдуу укуктук негиздер түзүлө баштаган. И.Каримов, Н.Назарбаев, Б.Ельцин ж.б. бир катар республикалардагы президенттик башкаруу институту жалпылап айтканда буга чейинки партиялык башкаруунун ордуна келген. Жогоруда аталган лидерлердин бири да бир эле учурда мамлекеттин да, өкмөттүн да башчысы бийлик-укуктарына ээ болгон эмес. А.Акаев алгач мамлекет башчысы катары парламент тарабынан шайланган, анан тез эле өкмөт башчысы бийлигин колго алган, эми бир жылга жетпей бүткүл партиялык башкарууну да де-факто өзүнө алган.

3.1991-жылы 12-октябрдагы жалпы элдик президенттик шайлоону – өлкөдө авторитардык бийликтин пайдубалын куруунун үчүнчү кадамы катары кароого болот.Президент А.Акаевдин демилгеси менен, алдыга коюлган авторитардык режимди куруу максаттарына толук жетүү үчүн, 1991-жылы 12-октябрда өлкөдө жалпы элдик президенттик шайлоо өткөрүлгөн. Кыргыз

Республикасынын Жогорку Советинин 1991-жылдын 31-августундагы токтому менен А.Акаев Кыргыз Республикасынын президенттигине талапкер болуп көрсөтүлгөн [70]. “Кыргыз Республикасынын президентин шайлоо” жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамы да ошол күнү кабыл алынган. Буга чейин Кыргызстандын калкынын түздөн-түз президентти шайлоо практикасы болгон эмес. Президентти шайлоо мыйзамын кабыл алган күнү эле Жогорку Совет өз токтому менен ал кызматка талапкер кылып А.Акаевди көрсөткөнү мыйзамдуу болгон эмес. Ал эми “Кыргыз Республикасынын президентин шайлоо” жөнүндөгү мыйзамдын тексти коомчулук үчүн А.Акаевдин талапкерлиги көрсөтүлгөндөн 10 күндөн кийин жарыяланган[70].

А.Акаевдин талапкерлигинин Жогорку Совет тарабынан атайын токтом менен көрсөтүлгөнү да мыйзамга ылайык келген эмес[71]. “Кыргыз Республикасынын президентин шайлоо” жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 8-беренесине ылайык “Кыргыз Республикасынын президенттигине талапкерлер мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасындагы саясий партиялар, кесиптик союздар жана массалык кыймылдар тарабынан көрсөтүлөт”. Ушул эле беренеде дагы бир ченем бекитилген: “Эгерде Кыргыз Республикасынын президенттигине бир дагы талапкер көрсөтүлбөсө же бардык талапкерлер өз кандидатураларын алып салса, талапкерлер Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин заседаниелеринде көрсөтүлөт” [71]. Мыйзам жарыя боло электе эле Жогорку Советтин токтому менен А.Акаевдин талапкерлигинин көрсөтүлүшү жогорудагы мыйзамдын чектерине туура келген эмес.

Ансыз деле чукулунан өткөрүлгөн бул шайлоодо А.Акаевдин талапкерлиги жалгыз коюлуп, ал катышкан 89,03% шайлоочулардын 95,30% добушун алып (4,6% каршы), ушул эле 1991-жылдын 11-декабрында салтанаттуу ант берип, жалпы эл шайлаган президенттик кызматка киришкен. Эми А.Акаев мандатты Кыргызстан калкынан алган болуп, Жогорку Советтин көзөмөлүнөн чыгып, ага баш ийбей калган макамга жетишкен. Мыйзам чыгаруучу жана сот бийликтеринин ошол кездеги жетекчилеринин президентке

карата толук баш ийүү мамилелерин эске алсак, анда өлкөдө А.Акаевдин жеке бийлигин чектей же көзөмөлгө ала турган реалдуу күч жок болгон. А.Акаев мамлекеттин да, өкмөттүн да башчысы, парламентке да отчет бербейт, бийликтин мынчалык көп көлөмү постсоветтик бир дагы республикада болгон эмес. Ошентип, 1991-жылдын аягына карата жаш, эгемендүү Кыргызстан Республикасында Акаевдик авторитаризмдин пайдубалы толугу менен курулуп бүткөн.

4.Акаевдик авторитаризмдин саясий жана укуктук негиздеринин андан ары бекемделиши.1991-жылы 29-ноябрда, республиканы кыдырып жүрүп, жол кырсыгына кабылып, тунгуч премьер-министр Насирдин Исанов каза тапкан. Бул жогорку кызматта ал болгону он ай гана иштегенге үлгүрүп, элдин башына түшкөн кыйын кезеңде улуттун келечеги үчүн деген көптөгөн максаттарын ишке ашыра албай калган. Ушундай чукул өзгөргөн шарттарда “Кыргыз Республикасынын өкмөтү жөнүндө” мыйзам долбоору тезинен токулуп, 1992-жылы 26-февралда Жогорку Советтин 8-сессиясы тарабынан кабыл алынган. Ушул эле күнү сессияда жашыруун добуш менен жаңы премьер-министр болуп Т.Чынгышевдин талапкерлиги бекитилген. Жаңы мыйзамга ылайык мурунку 5 мамкатчылык жоюлуп, 3 вице-премьер-министрлик кызматтар киргизилип, ал орундарга Г.С.Кузнецов, А.Эркебаев, Р.Отунбаева дайындалышкан. Өкмөттүн түзүмү да өзгөргөн. Эми 15 министрлик, 7 мамкомитет, 6 мамагентство, 5 маминспекциялар түзүлгөн.

Жаңы мыйзамга ылайык президент - өкмөттүн төрагасы, премьер-министр анын орун басары болгон. Өкмөттүн түзүмүн жана анын алдындагы мамлекеттик жана административдик ведомстволор менен агентстволордун курамын аныктоо укугу толугу менен президентке берилген. Теория боюнча да, башкаруунун президенттик формасын кабыл алышкан дүйнө мамлекеттеринин практикасында да, президентке мынчалык көп бийлик-укуктар берилгени учурабайт.

“Күчтүү өкмөт, -дейт А.Акаев, -бул эмне кылышты, кантип кылышты билген, так-даана иш программасы бар жана аны аткаруунун жолдорун ачык

көрүп турган өкмөт. Мындай өкмөт эки-үч жылда өлкөнү оор социалдык абалдан, экономикалык жана саясий кризистен алып чыга алат, элди багат, алдыңкы тармактарды, биринчи кезекте – кайра иштетүү, тоо-кен, электрондук өнөр жайды – тездетип өнүктүрүүгө жетише алат” [145]. Бул 1992-жылы 26-февралда Жогорку Советтин 8-сессиясында айтылган сөз эле. Үч жылдан кийин, 1995-жылы, А.Акаев убада кылган өсүүнүн ордуна Кыргызстан социалдык-экономикалык оор абалдын эң төмөнкү чегине жеткенин расмий статистикалык маалыматтар далилдеп турат.

Премьер-министр Т.Чынгышев Н.Исановго салыштырганда А.Акаев үчүн жетиштүү түрдө ыңгайлуу кадр болгон. Ошол мезгилдердеги парламенттин спикери М.Шеримкулов менен Премьер-министр Т.Чынгышевдин Президентке карата жылуу мамилеси, опурталдуу учурларда А.Акаевди көрүнөө да, көмүскө да, алдарынын жетишинче колдоп турушу өлкөдө пайдубалы түптөлгөн авторитардык бийликтин дефакто жана деюре негиздерин бекемдөөгө жагымдуу шарттарды түзгөн. А.Акаев бул эки кадрды өз максаты үчүн, авторитардык режимдин пайдубалын орнотуу жана бекемдөө үчүн толугу менен пайдаланганга үлгүргөн.

## 2.2 Коммунисттик тоталитаризмден демократияга өтүүдө сөзсүз түрдө авторитардык бийлик керек экендиги жөнүндөгү акаевдик теория жана анын парадокстары

А.Акаев 1992-жылы 29-октябрда «Асаба» гезитинин башкы редактору М.Эшимкановдун суроолоруна жооп берип жатып төмөнкүдөй көз карашын билдирген: «Демократтардын сунушун өзүң билесиң. Бирок, жумуриятыбызга азыркы тапта парламенттик республика деген жарашпайт… Ошондуктан демократия - аткаруучу күчтүү бийликтин арты менен жашаарын унутпасак… Мыйзамдарды чыгарып тим болбой, парламент аткаруучу бийликке кийлигише баштаса, анда бүттү, иш жылбайт… Парламенттик башкарууга жамынымыш болуп жасаган иштерибиз жакшылыкка алып барбайт. 1995-жылы шайлангандардын көбүн азыркы депутаттардын эле өзөгү түзөт. Эки жылда

психологияны өзгөртүш кыйын. Бөлүнүп-жарылган оорудан кутулалбай жатсак аң-сезим анан каяктан өзгөрөт? Айтор, Президентке англиялык королеванын кейпин кийгизип, Сарыбагыш, Солтолугубузду териштирип, парламентте Түндүк-Түштүк болуп акыйлашып отурсак-жакшылыкка алып келбестир. Кеч боло электе, ушул маселеге айрыкча дит койсок жакшы болоор эле» [14, 4-б.].

А.Акаевдин президенттик бийликке келгенден баштап эле авторитардык режимди орнотууга аракет кыла башташына анын улуттук саясат боюнча мамлекеттик кеңешчиси Л.И.Левитиндин таасири күчтүү болгон. А.Акаев өзүнүн кеңешчисинин өтө опурталдуу көз карашын эл алдында жымсалдап, сылыгыраак формада эле кайталап турган. Алсак, 1992-жылы ноябрда, жаңы конституциянын Ө.Текебаев, Т.Тургуналиев ж.б. сунуштаган варианттары массалык маалымат каражаттарында кызуу талкууланып жаткан учурда, конституциянын президентке жаккан долбоорунун негизги авторлорунун бири Л.И.Левитин “Президент монарх өңдүү болуш керек” деген аталыш менен “Асаба” гезитинде жарык көргөн интервьюсунда: “Президент деген монарх өңдүү бирөө гана болуш керек. Эмне монархия жаман бекен? Мен эки монархиялык өлкөдө - Швецияда, Бельгияда болгом. Аякта бизге караганда демократия көбүрөөк... - Билесизби, бул көрсө жакшы экен да. Эч ким бийлик талашпайт, умтулбайт... Бизге кандайдыр символикалык-протоколдук фигуранын кереги жок да” [15, 4-5-б.] - деген .

Коммунисттик тоталитаризмден демократияга өтүүдө сөзсүз түрдө авторитардык бийлик керек экендиги жөнүндөгү жаңы теориясын А.Акаев 1993-жылы 20-22-январда Израиль өлкөсүнө болгон расмий сапар учурунда, эл аралык мамилелер боюнча Израиль Кеңешинин жыйынында жасаган докладында, биринчи жолу, кенен-чонон “божурап” берген. Өлкөдөгү жалпы кырдаалды (менчик мамилелеринин, саясий партиялардын, орто таптын ж.б. жоктугун) аянычтуу, уккан адамдын боору ооругандай мүнөздөп келип: “...Тоталитардык режимден демократияга өтүү бизде мындай схема менен жүрүп жатат. Алгач – маалымат эркиндиги, басма сөз эркиндиги, пикирлешүү эркиндиги. Байкаңызчы, саясий маданият жок туруп. Эми – саясий эркиндик.

Саясий партиялар, орто тап, менчиктөөчүлөр табы жок туруп. Анан, алардан кийин гана – экономикалык эркиндик. Өнүккөн менчиктештирүү мамилелери, өзгөчө, жеке менчик мамилелери, жок туруп... Мына ушулардан улам мындай жыйынтыкка келем: руханий жана экономикалык тармактарда жарандык коом калыптанганча саясий чөйрөдө күчтүү бийлик сакталышы керек, бул өтө маанилүү. Харизматикалык лидери болсо – жакшы болот. Бул бийлик демократия менен кантип жалгашышы керек? Мындай суроого жооп социологиялык парадокстар чөйрөсүнө алып келет.

Биринчи парадокс. Тоталитардык коммунисттик режимден өтүү мезгилинде демократияны убактылуу чектөө зарылчылыгы жөнүндөгү чындыкты авторитардык бийлик элге айтуусу, элди буга ишендирүүсү керек.

Бул мезгилде авторитардык бийлик жарандык коомдун ар түрдүү институттарынын өкүлдөрүн тартуу менен демократиялык саясий механизмдерди түзүүнүн үстүндө иштеши керек, экинчи парадокс мына ушунда.

Дагы бир парадокс. Авторитардык режим армия, полиция (милиция), улуттук коопсуздук кызматы сыяктуу коомдун күч түзүмдөрүн бекемдөө жолу менен демократиялык институттарды бекитет. Ушунусу менен авторитардык режим өзүн танат, айдыңдан өзүнүн кетишин өзү уюштурат.

Өткөөл мезгилдин белгилүү бир, убакыт жагынынан жакшы эле узакка созулган учурларында, мамлекеттик бийликтин күч менен басым көрсөтүүсүн ишкерлердин кеңири чөйрөсү да, жана алардын каршысындагы – жакырлар массасы да колдойт, белгилүү өлчөмдө бул да парадоксалдуу. Коомдук тартип, укук тартиби мындай учурларда саясий турмуштун түрдүү кездемесин бир бүтүн оромо кылуудагы бекем жиптер болуп эсептелет. Чыныгы укук тартиби адамдардын жашоосун коркунучтан эркин кылат, кеп ушунда. А бул, ооба деңиздер, адамзаттын негизги керектөөлөрүнүн бири” [16, л.548.]

Бул парадоксторду угуп отурушкан израилдик жөөттөр да ооба деп, баш ийкешкендир, анын үстүнө, Кыргыз мамлекетинин Израиль өлкөсүндөгү элчилигин Иерусалим шаарында ачам деп А.Акаев бүт дүйнөгө жарыя кылып

жатса, анан кантип жөөттөргө жакпасын. Иерусалим шаары палестиналыктар менен талашта болгондугуна байланыштуу чет мамлекеттердин элчиликтеринин бардыгы, эреже катары, Тель-Авив шаарында жайгашкан.

1994-жылы июндун баш ченинде А.Акаев Париждеги Француз эл аралык мамилелер институтунда баяндама менен чыгып, 1993-жылы 5-майда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциянын алгач ирээт, чет өлкөлүк аудиториянын алдында ачык сынга алган. Негизги мыйзамды кабыл алуу убагынан эрте болгонун жана өлкөнүн кризистен чыгуусу үчүн Президент башында турган күчтүү аткаруучулук бийликтин болушу зарылдыгын белгилеп кеткен, муну менен ал жаңы Конституцияны кабылдабай турганын ачык көрсөткөн.

Ал эми 1994-жылдын июлунда А.Акаевди колдогон топтун көрсөтмөсү менен эки палаталуу Жогорку Кеңешти түзүү тууралуу идея демилгеленген. А ага чейин, жаңы Конституцияны иштеп чыгууда А.Акаев эки палаталуу парламент идеясын унитардуу мамлекеттер үчүн мүнөздүү эмес катары четке кагып келген эле. Эми болсо, парламенттин позициясын начарлатуу үчүн бул идея зарыл болуп чыга келген.

Кабыл алынган Конституциянын өзгөртүлбөстүгүн жакташкан оппозициянын, бир катар саясий партиялардын жана коомдук уюмдардын каршылыктарына карабастан, 1994-жылдын 22-октябрында референдум өткөрүлгөн, анын натыйжаларына ылайык, Жогорку Кеңеш эки палаталуу болуп калган: курамы 35 депутаттан турган, туруктуу аракетте болуучу жана республиканын бүткүл калкынын кызыкчылыктарынын өкүлчүлүктөрүнүн негизинде шайлануучу Мыйзам чыгаруу жыйыны жана сессиялык тартипте иштөөчү, 70 депутаттан турган Эл өкүлдөрүнүн жыйыны.

Андан кийинки конституциялык өзгөртүүлөрдүн вектору президенттик ыйгарым укуктарды түздөн-түз күчөтүү тарабына багыт алган. 1996-жылдын 3-январында А.Акаев күтүүсүздөн эле элге Кайрылуу жасап, анда Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана кошумчалоолорду киргизүү боюнча кезектеги референдумду өткөрүү тууралуу демилгени көтөрөт. Өзүнүн позициясын ал

төмөндөгүдөй түшүндүргөн: «убагында мурдагы Жогорку Кеңеш бардык бийликти Кеңештерге өткөрүп берүү тууралуу ал учурга карата эскирип калган ураандын туткунунда калып, бийлик бутактарынын ыйгарым укуктарын ушунчалык кайра бычкандыктан, Президент, сөздүн анығында англиялык королеванын абалында калыптыр. Анын кескиленген ыйгарым укуктары жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдиги, мамлекеттик бийликтин бардык бутактарынын координатору катары өзүнүн функцияларын жетиштүү эффективдүү жана толук жүзөгө ашырууга жана да бийликтерди бөлүштүрүү системасында чындап баш коштуруучу органдын конституциялык ролун аткарууга мүмкүндүк бербейт» [85].

Референдум 1996-жылдын 10-февралында болуп өткөн. Жалпысынан Конституциянын 97 статьясынын ичинен 49 статьясына өзгөртүүлөр жана кошумчалоолор киргизилген. Алардын негизги бөлүгү бийликтик мамилелерге тийиштүү болгон. Мамлекет башчысынын ыйгарым укуктары түп тамырынан кеңейтилип, бекемделген. Эми Президент Өкмөттүн түзүмүн өзү билип аныктап калды жана аны Жогорку Кеңеште бекитүү үчүн алып чыкпай турган болду. Ал Премьер-министр менен кеңешип Өкмөттүн мүчөлөрүн жана административдик ведомстволордун жетекчилерин дайындап калды, мурдагы Конституция боюнча Өкмөттүн курамы парламенттин макулдугу менен дайындалган, ал эми административдик ведомстволордун башчыларын дайындоону Премьер-министр жүзөгө ашырган. Мурда Өкмөттүн ыйгарым укуктарын президенттик демилге боюнча мөөнөтүнөн мурда өткөрүп берүүсү Жогорку Кеңештин макулдугу менен жүзөгө ашырылчу. Референдумдан кийин мыйзам чыгаруучулардын макулдугу талап кылынбай калган.

Облустардын, райондордун жана шаарлардын мамлекеттик администрацияларынын башчыларын дайындоо жана бошотуу ыйгарым укуктары Премьер-министрден Президентке өткөн.

Мына ушинтип, А.Акаев Конституциянын 1992-жылы жазылган өзүнө таандык долбоорунда камтылган, бирок кийин «легендарлуу» парламент

тарабынан четке кагылган, бардык ыйгарым укуктарды кайрып алып, саясий реваншка жетишкен.

1998-жылы сентябрда А.Акаев Кыргызстандын элине кезектеги референдумду өткөрүү демилгеси менен кайрылган. Өзүнүн Кайрылуусунда ал Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттарынын санын көбөйтүүнү, анда депутаттык орундардын 20 пайызын саясий партияларга берүүнү, Эл өкүлдөрүнүн жыйынына шайлануу үчүн отурукташуу цензин киргизүүнү, парламентарийлердин кол тийбестигин депутаттык ыйгарым укуктарды түздөн-түз аткаруу убактары менен чектөөнү, жерге карата жеке менчик киргизүүнү, парламенттин бюджеттик саясаттагы ыйгарым укуктарын чектөөнү жана өз оюн ачык айтуу жана басма сөз эркиндигин чектөөчү мыйзамдарды кабыл алууга тыюу салууну сунуштайт[86].

Референдум 1998-жылдын 17-октябрында болуп өткөн. Конституцияга толуктоолор жана өзгөртүүлөр кабыл алынган. Ага ылайык, жер менчиктин мамлекеттик, коммуналдык, жекече жана дагы башка формаларында боло алган; Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттарынын саны 60 депутатка чейин көбөйтүлдү, ал эми Эл өкүлдөрүнүн жыйыны, тескерисинче, 70тен 45 парламентарийге чейин азайтылды (чынында бул палатанын санын кыскартуу тууралуу алдын-ала эч сөз болгон эмес); мыйзам чыгаруучулардын палатасындагы 15 орун саясий партияларга берилген; республиканын жашы 25ке толгон, шайлоолорго катышууга укугу бар жана депутаттыкка талапкерликке көрсөтүлүү алдында өлкөдө 5 жылдан кем эмес туруктуу жашаган жарандары Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты боло алган, ал эми Эл өкүлдөрү жыйынынын депутаты болуп жашы 25ке толгон, шайлоолорго катышууга укугу бар жана депутаттыкка талапкерликке көрсөтүлүү алдында өлкөдө 5 жылдан кем эмес туруктуу жашаган жарандар шайлана алган, мунун 3 жылдан кем эмеси тийиштүү облустун же Бишкек шаарынын аймагына тиешелүү болушу керек; палаталардын экөөсүнүн тең депутаттары ыйгарым укуктарынын бүткүл мөөнөтү ичинде айтып чыккан пикирлерине же депутаттык ыйгарым

укуктарын жүзөгө ашыруу учурунда добуш бергенине байланыштуу жооптуу болуп же куугунтуктоолорго алынышпаган; республикалык бюджет тууралуу мыйзамга өзгөртүүлөр, салыктарды киргизүү же жокко чыгаруу, аларды төлөөдөн бошотуу тууралуу, мамлекеттин каржылык милдеттенмелерин өзгөртүү тууралуу мыйзамдардын долбоорлору, анын киреше бөлүгүнүн эсебинен жабылуучу чыгымдарынын көбөйтүлүшүн көңүлгө алуучу мыйзамдардын башка да долбоорлору өкмөттүн макулдугу менен гана кабылданышы мүмкүн, сөз жана басма эркиндигин чектөөчү мыйзамдарды кабыл алынышына жол берилбеген.

Мына ошентип, Конституцияга президенттик ыйгарым укуктар менен түздөн-түз байланышпаган оңдоолорду киргизүү менен, А.Акаев өзүнүн бийлигин бекемдеген. Парламенттик иммунитетти чектөөнүн жардамы менен ал көңүлүнө туура келбеген депутаттарды куугунтуктоо мүмкүнчүлүгүн алган, ал эми өкүлчүлүктөр палатасынын сандык курамын кыскартуу палатанын үстүнөн көзөмөлдү жеңилдеткен. Мындан тышкары, аткаруучулук бийликтин бюджеттик-каржылык саясатын монополизациялоо парламенттин позициясын алсыздантты, ошол эле учурда А.Акаев булчөйрөдөгү артыкчылыктарын сактап калган.

Жыйынтыгында, президенттик бийликти бир тараптуу бекемдөө эң бир терс кесепеттерге: коом менен бийликтин ортосундагы ажырымдын өсүүсүнө, Президент менен оппозициянын ортосундагы каршылашуунун, айрыкча адамдардын өлүмү менен бүткөн Аксы окуяларынан кийин бөтөнчө күчөшүнө алып келди. Натыйжада А.Акаевдин дарегине өлкөдө үй-бүлөөлүк башкарууну орноткондугуна, анын үй-бүлөө мүчөлөрүнүн жана тегерегиндеги жакындарынын өздөрүнүн абалынан кыянаттык менен пайдалангандыгына күнөөлөөлөр, анын мөөнөтүнөн мурда кызматын таштап кетүүсүнө чакырыктар улам тез-тезден жана катуураак чыга баштаган. Жарандык коомдун көпчүлүгү акаевдик башкарууга карата наразылыгын ачык билдирип, ал эми оппозициянын иш-аракеттери улам көбүрөөк радикалдашып баштаганы анык болуп калган (аксылыктардын Бишкекке жүрүшү, Бишкек–Ош

автомагистралын тосуу, бийлик органдарына ачык баш ийбөө актылары, укук коргоочулук түзүмүдөр менен кагылышуулар, А.Акаевдин кызматтан кетүүсү үчүн кыймылын түзүү).

Трагедиялуу Аксы окуялары жана коомдук наразылыктын улам өсүшү А.Акаевди 2002-жылдын 26-августунда конституциялык реформа боюнча кезектеги референдум тууралуу жарыялоого мажбурлады. Ага экинин бирин тандап алуу: бийлигин бөлүшүүсү же өзүн элдин көз алдында биротоло баркы түшүүсүнө жол бериши керек болду. А.Акаев кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүүсүнүн биринчи этабында бийликтин президенттик деңгээлде концентрацияланышы керек болгонун[87], ал эми бул реформанын маңызы ыйгарым укуктарды бийлик жүргүзүүнүн «үч бурчтугуна» (президент–парламент–өкмөт) кайрадан бөлүштүрүүдө, парламентти жана өкмөттү президенттин ыйгарым укуктарынын айрым бөлүгүн өткөрүп берүү жана да токтотуп калуу жана каршы коюу системаларын тең салмакташтыруу жолу менен күчөтүүдө турганын эл алдында ачык мойнуна алды[26].

Бүткүл элдик добуш берүү 2003-жылдын 2-февралында болуп өткөн, анда Конституциянын жаңы редакциясы кабыл алынган. Бирок, кезектеги саясий маневр жасоо менен, А.Акаев бул жерде да өзүнүн көнгөн адатына салган. Өзүнө карата улам өсүп бараткан жагымсыз коомдук мамилени басаңдатуу максатында Конституциянын жаңы редакциясы менен бирге ал референдумга өзүнүн президенттик ыйгарым укуктарын 2005-жылдын декабрына чейин бекитүү тууралуу маселени алып чыккан жана колдоого алынуусуна жетишкен.

Анткен менен парламенттин жана өкмөт башчысынын бийлик жүргүзүүчү ыйгарым укуктарынын күчөтүлгөнүнө карабай, конституциялык реформа жарым-жартылай болуп калган. Президент мурдагыдай эле аткаруу бийлигинин үстүнөн көзөмөлдү жана сот системасына таасирин өзүндө сактап калып, өзүнүн суперпрезиденттик ыйгарым укуктарынын айрым бир бөлүгүн гана бөлүштү. Ошол себептүү ал Акаевге каршы маанайдын чыңалышын аз гана убакытка төмөндөткөнү менен, өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаалды турукташтырууну камсыз кыла албады. А.Акаевдин Көз каранды эмес

мамлекеттердин шериктештигинде Кыргызстан биринчилерден болуп жаңы доордун – туруктуу өнүгүү доорунун - Конституциясынын негизинде жашаары тууралуу айткан жарыясы иллюзиялуу болуп чыкты [27].

1993-жылкы жаңы Конституциянын жана ага киргизилген төрт жолку конституциялык өзгөртүүлөрдүн илимий талдоосу Кыргыз Республикасынын биринчи Баш мыйзамы өлкөдө башкаруунун аралаш президенттик-парламенттик формасын орнотуп, мамлекеттик бийликти монополизациялоо жолунда тоскоолдук катары болгон деген жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет. Мына ушул себептүү А.Акаевге авторитардык түзүлүшкө алып келген кийинки конституциялык реформалар керек болгон, ал үчүн төмөндөгүлөр мүнөздүү:

– А.Акаевдин, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана тегерегиндеги дос-жакындарынын эсебинен реалдуу бийликти алып жүрүүчүлөрдүн саны жагынан көп эмес бей формалдуу топтун пайда болушу. Бул, өз кезегинде, үй-бүлө мүчөлөрүнүн мамлекеттик чечимдерди кабыл алуудагы ролунун өсүүсүнө жана “үй-бүлөлүк башкарууга” алып келген;

– А.Акаевдин бийлигинин эл тарабынан иш жүзүндө көзөмөлдөнбөстүгү. Бийлик элдин кызыкчылыктарына кызмат кылаары тууралуу көп сандаган жарыя айтууларга карабай, иш жүзүндө бийлик бийлөөчү элитанын жана чиновниктердин керектөөлөрүн жана амбицияларын канааттандыруу үчүн гана иштеп калган. Өкүлчүлүк органдын – парламенттин, саясий партиялардын, коомдук бирикмелердин коомдун жашоосундагы ролун конституциялык деңгээлде чектөөгө умтулуу, мына ушундан улам жарандык коомдун көптөгөн институттарынын келип чыгышы бул саясатка жооп катары, элдин протестик маанайынын бир көрүнүшү болуп калган;

– саясий конкуренцияга (атаандаштыкка), саясий күрөштүн цивилизациялуу формаларына жол бербөө. Пропорционалдык система боюнча шайлоолорду болтурбай коюу, оппозицияны кысымга алуу, көңүлгө туура келбеген депутаттарды, коомдук ишмерлерди, алардын жакындарын жана туугандарын куугунтуктоо - так мына ушуну менен түшүндүрүлөт.

Кыргызстанда өлкөнүн келечеги үчүн жоопкерчиликти өзүнө алууга жөндөмдүү күчтүн, түзүмдүн, саясий аянтчанын, күчтүү саясий партиялардын жоктугу тууралуу ой коомдо активдүү талкууланып келген;

– маалыматтык мейкиндиктин үстүнөн толук көзөмөлдөөгө карата аракеттер. Радио жана телекөрсөтүүнүн мамлекеттик каналдары, газеталар А.Акаевдин, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн оң имиджин сактоо, анын саясатын пропагандалоо, алар жүргүзүп жаткан багыт коом тарабынан колдоого ээ болуп жаткандай кылып көрсөтүү менен алектенишкен. Жооп катарында көптөгөн мамлекеттик эмес массалык маалымат каражаттары пайда болуп, булар ачык айтылбаган цензурага, соттук куугунтуктоого жана бийлик тарабынан кысым көрсөтүүлөргө туштугушкан;

– дискуссиялардан, консенсуска жетишүүдөн баш тартуу жана жарандык коомдун бийликке каршы турган бөлүгү менен өз ара мамилелеринде күч колдонууга көбүрөөк маани берүү. А.Акаев бир нече ачык тегерек үстөлдөрдү, оппозиция менен жолугушууларды өткөргөн, бирок макул эместерди баш ийүүгө келтирүү үчүн күч колдонуу багытынын маңызы мурдагы боюнча калган;

– экономикалык чөйрөгө кийлигишүү, мында А.Акаевдин үй-бүлө мүчөлөрү жана туугандары иш жүзүндө бардык кирешелүү ишканаларды жана чарбалык ишмердүүлүктүн түрлөрүн өздөрүнүн көзөмөлүнө алышкан. А.Акаевдин башкаруусунун акыркы жылдары алар объекттерди, банктарды, жер участокторун ж.б. рейдердик басып алууларды ачык колдонууга алышкан. Максат жеке баюуда гана эмес, ошондой эле кубаттуу каржылык-экономикалык ресурстардын жардамы менен бийлигин сактап калууда турган;

– туруктуу өнүгүү үчүн зарыл болгон саясий элитаны түзүү жогортон дайындоо жолу менен жүргүзүлгөн, кадрларды дайындоо жана алмаштыруу, шайлоо жараянындагы атаандаштык тандоо таза жана адилет өткөрүлбөстөн, тескерисинче, бийлик тарабынан таасирдүү колдоо, тууганддык, уруулук белгилери боюнча, мыйзамды одоно бузуу менен жүзөгө ашырылган. А.Акаевге каржылык ресурстардан тышкары коомдо бюрократиялык катмар

түрүндөгү өзүнүн электоралдык таянычынын турганы керек болгон. Мына ушул себептен улам ал өкмөттүн, административдик ведомстволордун, күч түзүмдөрүнөн жана бийликтин жергиликтүү органдарынын үстүнөн болчу көзөмөл үчүн парламент менен өзгөчө жанталашып күрөшкөн. Кадрдык маселелерде өзгөчө ролду А.Акаевдин үй-бүлө мүчөлөрү ойношкон.

Жогорку мамлекеттик кызматтарга дайындоо маселелери боюнча маанилүү архивдик документтер бүгүнкү күндө да жашыруун тамгасы астында кармалууда [58, с.201], - деп белгилейт Г.Д.Жунушалиева өзүнүн докторлук диссертациясында. Изилдөөлөрдү жүргүзүү ЖМК материалдарын пайдалануу аркылуу гана мүмкүн болууда. Мисалы, Д.Климентов 2000-ж. 1-июндагы маалыматында Майрам Акаеванын дайындоолорго түздөн-түз катыштыгы бардыгын жана конверттеги төмөнкү сумма 10 миң АКШ долларын түзөөрүн айткан [68]. Көп миллиондогон батыш өлкөлөрүнүн насыялары Адил Тойгонбаевдин долбоорлоруна келээри, бизнес-коомчулуктун пикири боюнча энергетика, транспорт, байланыш, арак-шарап өндүрүшү, “Манас” аэропорту сыяктуу кирешелүү тармактар “күйөө баланын” көзөмөлү астында болгондугу жоромолдонуп жүрчү [68]. Белгилүү коомдук жана мамлекеттик ишмер Касым Исаевдин эки эскермесине токтололук. Биринчиси, “1998-жылы мени өкмөттүн КМШ өлкөлөрү боюнча бөлүмүнө башчы кылып, ал эми менин орун басарым катары Президенттин кеңешчиси Ж.Ибраимовдун карындашын, референт катары мурунку премьер-министр А.Жумагуловдун келинин дайындашып, анан менин макулдугум жөнүндө кол коюп берүүмдү талап кылышкан. ...Албетте мен баш тарткам” [65]. Экинчи эскермесинде окуя “А.Муралиев премьер-министр (апр.1999-ж.-дек.2000-ж.) учурунда болгон дейт. Өкмөттүн эл аралык кызматташтык боюнча башкармалыгынын башчысын документтерге виза койдуруш үчүн да кызмат ордунан тубуу мүмкүн эмес эле. Бул ушундай кызмат болчу...Президенттин уулу Айдар Акаев үйлөнөрүү менен келиндин эжесин ушул кызматка дайындашты. Татыктуулар канчалаган жылдардан бери иштешип, бул кызматка жетпей жүрүшөт. [65]”

Саясий карьерасынын алгачкы бир жылында авторитардык бийликтин пайдубалын куруп, 1993-жылы кабыл алынган демократиялык Конституцияга 1994-96-98-2003-жылдары өтө орой, ачык эле авторитардык мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү кийирүү жолу менен үй-бүлөөлүк бийлигин бекемдегени башынан эле ойлонулган иш экендигин А.Акаевдин жогорудагы, өз өлкөсүндө эмес, чет өлкөдө жарыя кылган, кеңири кыргыз коомчулугу үчүн учурунда сыр боюнча калган, Кыргызстанда авторитаризмдин зарылчылыгы жөнүндөгү теориясы ачык-айкын далилдеп турат.

Жогоруда айтылган акаевдик-авторитардык режим, 2002-ж. 17-марттагы кайгылуу Аксы окуялары, 2003-ж. 31-декабрдагы Кумтор менен болгон саткын макулдашуу, анан бир жумадан кийин, 2004-ж. 9-январдагы Кыргызалтындын 17,34% акцияларынын сатылышы, 2005-ж. 27-февралдагы жана 13-марттагы Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоодогу одоно мыйзам бузуулар, экономикалык жана социалдык адилетсиздиктер 2005-ж. 24-марттагы элдик революцияга алып келген.

Көз карандысыз Кыргызстандагы авторитардык режимдин калыптанышы жана өнүгүшүнүн негизги баскычтары ар бир президенттин тушунда ар башкача болгон. Ушундан улам алардын ар бирине өзүнчө, кыскача токтоло кетүү туура болот.

**Бакиевдик кландык жана үй-бүлөлүк-кылмыштуу башкаруу системасынын пайда болуу жана бекемделүү тарыхын үч баскычка бөлүп кароого болот.** Президент К.Бакиев 2005-жылы 24-марттагы ынкылаптан кийин кыргыз коомунун саясий системасында эгемендиктин он беш жылы аралыгында бекем орноп калган акаевдик-авторитардык саясий режимди эч өзгөрткөн эмес. Саясий режим авторитардык бойдон кала берген, андагы кызмат орундарын ээлеген адамдар гана алмашкан: Акаевчилер кетип, алардын ордун толугу менен эми бакиевчилер басышкан. Бакиевдик жарым-криминал саясий режимдин пайда болушун жана бекемделишин негизинен төмөнкүдөй үч баскычка бөлүп кароого болот.

1-баскыч. 2005-жылдын 24-мартынан 2007-жылдын 16-декабрына чейин-жогорку мамлекеттик кызмат орундарына саясий төңкөрүштө “эмгеги сиңгендердин”, негизинен түштүк кландын өкүлдөрүнүн жана Бакиевдердин ишенимине киргендердин келиши.

2-баскыч. 2007-жылдын 16-декабрынан 2009-жылдын 26-октябрына чейин-президент К.Бакиевдин бир туугандары тарабынан өлкөдөгү бардык кызматтардын жана бизнестин үстүнөн толук бийлөөчүлүктүн орношу, күч органдарынын оппозициялык көз карашка карата басымынын күчөшү. “К.Бакиевди бийликке биз алып келгенбиз” дегендердин, дегеле 24-марттан баштап жогорку бийликти бөлүшкөндөрдүн эми  Бакиевдин бир туугандары тарабынан сыртка сүрүлө баштаганы байкалган.

Бакиевдин бир туугандарынан жана аларга өтө берилген адамдардын кичине тобу тарабынан 2007-жылдын 16-декабрында өткөн кезексиз парламенттик шайлоонун жыйынтыктарынын тарыхта болуп көрбөгөндөй жана акылга сыйбагандай бурмаланышы, анын жыйынтыгында “чөнтөк” парламенттин пайда болушу аларды эрдемсинтип, бийик дымак берип, мындан ары мамлекетти бир туугандар эле башкарсак болот экен да деген алардагы ишенимди бекемдеген. А.Акаевдин учурунда шайланган Жогорку Кеңешти таркатуу менен бир далай саясий оппоненттерин алсыратып, референдум аркылуу Конституцияга өзгөртүүлөрдү кийирип президенттин бийлик-укуктарын кескин көбөйтүп, бийликтин үч бутагына тең жалаң эле өзүнө берилген адамдарды кызмат орундарына дайындоо менен президент К.Бакиев өзүнүн жана өз үй-бүлөө мүчөлөрү менен жакын тууган-досторунун бийлигин мамлекетте толук орнотконго жетишкен.

3-баскыч. 2009-жылдын 26-октябрынан 2010-жылдын 7-апрелине чейин-Максим Бакиевдин ӨИИБА же ЦАРИИнин жетекчилигине дайындалышы менен мамлекеттик бийликтин негизги рычагдарынын жана акча агымдарынын анын колуна өтүшү.

Мамлекеттик бийликтин үч бутагы толугу менен эми Максим Бакиевге башып ийип калган. Атасынын мураскери катары таанылган Максим анын

кызматтан кетишин күтүп отурбастан, атасын каратып туруп эле негизги бийлик тизгинин өз колуна тездик менен ала баштаган. Өзгөчө, 2009-жылдын 21-декабрынан премьер-министрлик кызматка Д.Усеновдун дайындалышы менен Кыргыз өкмөтү ЦАРИИнин бир бөлүмүнө айланып, көптөгөн жогорку кызматтагылар Максимдин "чап Басакелери" болушуп, башкалары Е.Гурьевич түзүп берген коррупциялык схемалар аркылуу "Азияуниверсал", "Манас" банктары жана MGN групптун мүмкүнчүлүктөрү менен чет өлкөлөрдө жайгашкан оффшордук эсептерге накталай акчаларды которуп башташкан.

2010-жылдын 1-январынан тарта электр энергиясынын баасы карапайым эл үчүн эки эсеге өскөн, уюлдук телефонду пайдалангандарга ар бир чалганы үчүн 60 тыйын кошумча баа киргизилген. 2010-жылы 25-марттагы Өкмөттүн чечими менен «Кумтор Голд Компани" ЖАКсыга мурда берилген жер участогуна кошумча жер казынасын геологиялык изилдөө жана пайдалуу кендерди иштетүү үчүн аянты 16330,8 гектар болгон жер участогун Кайра каралган Концессиондук келишимдин күчүнүн мөөнөтүнө (б.а. 2042-жылдын 4-декабрына чейин) убактылуу пайдаланууга берген. 2010-жылы 11-мартта "Азаттык" радио берүүсү, ал эми. 15-мартта "БиБиСи" радио берүүсү жабылган...

Президент А.Ш.Атамбаевдин кайрадан эле мамлекетти башкаруунун авторитардык саясий режим жолуна түшүүсү. А.Ш.Атамбаев 2010-жылы 7-апрель күнү кечинде өкмөт башчысы кызматына келген Р.И.Отунбаева менен катарлаш мамлекеттик эң жогорку экинчи кызматты -өкмөт башчысынын 1-орун басары кызматын ээлеген, 2010-жылдын 17-декабрынан 2011-жылдын 25-сентябрына чейин, тогуз айга, эми экинчи жолу, Кыргыз Республикасынын 23-премьер-министри болуп, андан кийин президенттик кызматка киришкен. Ыңкылапка чыккан элдин авторитаризм менен коррупцияга каршы ой-тилекттерин азын-оолак болсо да ишке ашырганга, же эң кур дегенде, мамлекетти башкаруунун демократиялык жолун тандап алганга А.Ш.Атамбаевде буга жетишээрлик эң жогорку мамлекеттик кызматтары менен бийлик-укуктары болгон. Бирок анын авторитардык башкарууга каршы,

коррупциялык схемаларга каршы, укук коргоо жана сот бийлигинин адилетсиздиктерине каршы чын ниеттен, толук кандуу жана чечкиндүү күрөшүү ой-пландары жок экендиги анын бийлигинин алгачкы жылдарында эле билинген.

2011-жылы 30-октябрдагы А.Атамбаев жеңишке ээ болгон президенттик шайлоо 2010-жылы 27-июнда референдум аркылуу кабыл алынган, президенттин бийлик-укуктарын кескин кыскарткан, парламент менен өкмөттүн бийлигин көбөйткөн, жаңы конституцияга ылайык өткөн. Бирок, Жогорку Кеңештеги беш фракциянын биринин да абсолюттук көпчүлүккө ээ боло албагандыгынан жана алардын өкмөт башчысы менен анын курамын бекитүү боюнча парламенттик коалициялык көпчүлүктү түзүүдөгү кыйынчылыктарынан пайдаланып президент А.Атамбаев тымызын түрдө, кайрадан эле башкаруунун авторитардык саясий режим жолуна түшкөн.

Президент А.Атамбаевдин өзүнүн алгачкы эки жарым жылдык мөөнөтүндө басып өткөн авторитардык режимди карай жолун үч баскычка бөлүп кароого болот.

Биринчи баскыч-мамлекеттик бийликтин күч органдарынын: ИИМ, Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет, Куралдуу күчтөрдүн Башкы (Генералдык) штабы, Коргоо министрлиги, Мамлекеттик чегара кызматы, Башкы прокуратура жана Тышкы иштер министрлигинин толугу менен президенттин көзөмөлдүгүнө өтүшү. Эми президенттин оппозицияга каршы тура турган, каяша айткандардын “сазайын” бере турган, митинг менен демонстрацияларды баса турган мүмкүнчүлүктөрү жана каражаттары бар болуп калган абалга келген.

Экинчи баскыч-2011-жылы 21-декабрда парламенттин спикери болуп «Ата Журт» фракциясынын өкүлү болгон А.Келдибековдун ордуна КСДП партиясынан депутат А.Жээнбековдун шайланышы менен баланыштуу. (Учурунда президент К.Бакиев да өзүнө берилген А.Тагаевди спикерликке дайындоо менен Жогорку Кеңешти биротоло “чөнтөк” парламентке айландырууга жетишкен болчу). Жогорку Кеңеште жаңы парламенттик

көпчүлүк коалициясы түзүлгөн, бул жолу ага 4 депутаттык фракция кирген - «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» (26 мандат); “Ар-Намыс” (25 мандат), «Республика» (23 мандат), “Ата Мекен” (18 мандат). Ал эми «Ата Журт» фракциясы (28 мандат) оппозицияда калган. Өкмөттүн да жаңы курамы бекитилип, Премьер-министрлик кызматка «Республика» партиясынын лидери Ө.Т.Бабанов бектитилген. Ошентип, парламент иш жүзүндө президенттин көзөмөлүнө өткөн.

Үчүнчү баскыч-2012-жылдын 6-сентябрынан Премьер-министрлик кызматка парламенттеги партиялардын бирине да мүчө болбогон, бирок «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» жана Президент А.Ш.Атамбаев тарабынан колдоого алынып, сунушталган Ж.Ж.Сатыбалдиев шайланганынан башталат. Жогорку Кеңештеги парламенттик көпчүлүк коалициясы кайрадан түзүлүп, эми ага 3 депутаттык фракция кирген - «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» (26 мандат); “Ар-Намыс” (25 мандат), “Ата Мекен” (18 мандат). Ал эми «Ата Журт» (28 мандат) менен «Республика» (23 мандат), фракциялары оппозицияда калышкан. Ошентип, эми өкмөт да иш жүзүндө президент А.Ш.Атамбаевдин көзөмөлүнө өткөн.

Жаңы Конституцияны, кур дегенде башталыш мезгилинде ар тараптан колдоп, анын толук кандуу иштеп кетишине зарыл шарттарды түзгөндүн ордуна президент А.Атамбаевдин мыйзамды айланып өтүү аркылуу, тымызын жолу менен Конституциянын парламенттик республикалык башкаруу формасын колдогон рухуна, өзөгүнө, негизги философиясына каршы келген иштерге барып жатышынын бир нече обьективдүү жана субьективдүү мүнөздөгү себептери болгон.

Обьективдүү себептери: 1). Улуттук аң-сезимдин дагы деле өзүнүн калыптануу фазасында экендиги. Эгемендүү Кыргыз мамлекети – улуттук негизги баалуулук катары, улуттук идея катары – улуттук аң-сезимден, коомдун саясий маданиятынан өзүнө татыктуу орун ала албагандыгы. 2010-жылы 10-октябрдагы парламенттик шайлоого катталган шайлоочулардын 3,036,703 адамды түзгөн жалпы санынан 1,356,993 адамдын, же

шайлоочулардын 44,69%ынын шайлоого келбей калганы, 7-апрелдеги кандуу окуялардан кийинки шайлоочулардын ушундай кайдыгерлиги көп нерседен кабар берет. Ал эми шайлоого келгендердин добуштарынын бюллетендеги 29 саясий партиялардын ортосунда бытырап, майдаланып бөлүнүшү регионалдык, уруулук-тууганчылык жана жеке-тар кызыкчылыктардын жалпы улуттук кызыкчылыктарга караганда күчтүү жана өтүмдүү экендигин көрсөтүп турат. Мунун жыйынтыгы катары жалпы шайлоочулардын болгону 7,8%ын алган КСДП партиясы өзүнүн эркин бүткүл коомго таңуулап, кадр, каржы, экономикалык ж.б. маселелерди өз кызыкчылыгында чечип турган кези.

2). Парламентке өткөн беш саясий партиянын биринин да абсолюттук көпчүлүк орунга ээ эмес экендиги. Коалициялык өкмөттү түзө албай калган шартта президенттин парламентти таркатып, жаңы шайлоону дайындоо укугу бар экендиги парламенттик партиялык фракциялардын президенттен болгон тымызын көз карандылыгына алып келген.

3). Кыргызстандагы саясий партиялардын мамлекетти башкаруунун парламенттик республика формасы шарттарында иштөөнүн өздүк тажрыйбасынын жоктугу жана бийликтеги партиялардын ишмердигинин үстүнөн жарандык коом тарабынан көзөмөлдөө механизмдеринин алсыздыгы.

Субьективдүү себептери: 1). Парламент мүчөлөрүнүн жалпы интеллектуалдык, кесипчилик, саясий билим жана маданий деңгээлдеринин жетиштүү эместиги. Маанилүү маселелер боюнча добуш берүүдө жалпы улуттук кызыкчылыктардын экинчи планга жылдырылышы, саясий комформизмдин күчтүүлүгү жана депутаттардын жеке жоопкерчилик тартуу механизмдеринин дээрлик жоктугу.

2). Президент А.Атамбаевдин парламенттеги беш фракциянын бири-бирине карата тең-ата абалынан пайдаланып премьер-министрлик кызматка да (Ж.Сатыбалдиев), спикерлик кызматка да (А.Жээнбеков) өзүнө берилген адамдарды дайындоого жетишкени. Булардан тышкары коопсуздук, коргоо жана баш прокуратура сыяктуу күч органдарынын жетекчилери да президент тарабынан дайындалып жана анын көзөмөлү алдында болгону. Ушундай

негизги бийлик ресурстары аркылуу президенттин мамлекеттик бийликтин башка бардык бутактарына көзөмөл орнотуу, жаңы кадрларды дайындоого таасир этүү сыяктуу мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануусу.

3). Президент А.Атамбаевдин жаңы Конституциянын маңызын түшүнбөгөндүгү, же түшүнсө да аны ишке ашырууну каалабагандыгы. 2010-жылы 27-июнда кабыл алынган жаңы Конституция башкаруунун парламенттик-президенттик формасын 2020-жылдан ары карай таза парламенттик башкарууга өтүүдөгү алгачкы баскыч катары кийирген. Таза парламенттик башкаруу формасынын биздин өлкөдө болбой калышы президенттин парламент тарабынан эмес жалпы эл тарабынан шайланышы, күч органдарынын президенттин бийлиги астында калышы, анан дагы ага Жогорку Кеңештин демилгеси менен мамлекеттин тышкы саясатын жүргүзүү укуктарынын берилиши менен мүнөздөлөт. Азыркы президент өзүнүн бийлик-укуктарын уламдан-улам чектөө жолуна түшкөндө, өкмөттүн укуктары менен жоопкерчилин арттыруу жана парламенттин жаңыча иштөө ыкмаларын колдоо жолуна түшкөндө гана жаңы Конституциянын логикасына туура келмек. Бирок, иш жүзүндө андай болгон жок, Конституциянын жаратмандык руху катуу басым астында калган.

4). 2013-жылы сентябрь-октябрь айларында талкууга алынган Кумтор маселеси лакмус кагазындай эле негизги саясий оюнчулардын чыныгы жүзүн, көз карашын жана ой-максатын ачыкка чыгарган. Президент менен премьер-министр Центерра компаниясынын адвокаттары болуп калышты деп эркин серепчилер да, оппозиция өкүлдөрү да айтып чыгышкан. А.Атамбаев 2013-жылы 12-июнда Нарын облусунун Таш-Башат айылында жогорку Нарын ГЭСтеринин каскадынын курулушунун ачылыш салтанатында сүйлөгөн сөзүндө 2009-жылы Центерра М.Бакиевге 1 млрд доллар пара берген деп айтканы белгилүү. Анан эки айдан кийин эле, 2013-жылы 31-августагы “Азаттык” радиосунун кабарчысынын суроолоруна жооп берип жатып, расмий сүйлөшүүлөр бүтө электе эле 50х50% таризинде пайданы бөлүштүрүү биз үчүн улуу жеңиш болот деп, ал кайрадан ошол паракор Центерраны таанып, аны

менен иштешүүнү каалап калганы коомчулукта ар кандай талкууларды жаратып, бул бийлик да Кумтор маселеси боюнча соодалашууга барды деген ой-пикирди пайда кылган.

Президент А.Атамбаев өзүнүн 2013-жылдын жай-күз мезгилиндеги эл менен жолугушууларында айткан: “Кыргызгаз” керекпи бизге, же газ керекпи? Бизге газ керек!” деген сөзүн коомчулук бир нече ирээт уккан. Анан эле 2013-жылы ноябрдын аягында Жогорку Кеңеш “Кыргызгазды” Орусиялык “Газпромго” 1 АКШ долларына сатуу жөнүндөгү мыйзамды үч окуудан бекитип бергендиги президенттин экономикалык чечимдерди кабыл алууга карата тымызын таасири жөнүндө кабар берет.

Президент: “Мөөнөтүм аяктаганча түндүк-түштүк альтернативдик жолду бүтүрүп кетем”, - деп чарбалык долбоорлорго чейин кийлигишип, мыйзам боюнча өзүнө мүнөздүү эмес функцияларды ала баштаган. А.Атамбаев премьер-министр кезинде эле президентке тиешелүү функцияларга кийлигишкен болсо, эми өзү президент болгондон кийин премьер-министрдин өзүнө берилгендигинен пайдаланып анын экономикалык жана кадр маселелерине тымызын таасир эте баштаган.

5). Президент А.Атамбаевдин сүйлөгөн сөздөрү менен кылган иштеринин дал келбөөчүлүгү. Жаңы Конституцияны жана парламенттик башкарууну колдоорун сөз жүзүндө дайыма айтканы менен, иш жүзүндө Кумтөр маселесине, түндүк-түштүк кошумча автожолун курууга, жогорку Нарын ГЭСтеринин курулушуна, айыл чарба техникаларын кредиттин эсебинен сатып алып кайра аларды фермерлерге сатууга ж.б. чарбалык иштерге президент А.Атамбаевдин кызыкдар тарап катары ачыктан-ачык эле кирише баштаганына коомчулук байкоо салып, негизги мыйзам бурмаланып жатканын билдирүүдө. Президенттин мындай иштерине каршы күрөшүүнү максат кылган “Каршылык” коомдук кыймылы 2013-жылы жайында пайда болгон.

Бирок, де-факто, иш жүзүндө өлкөдө кайрадан эле президенттин таасири улам барган сайын көбөйгөнү байкалууда. Президент А.Атамбаевдин кадр жана экономикалык маселелерге көбүрөөк кийлигише баштаганын буга мисал

катары келтирүүгө болот. Мурунку шоферу И.Илмияновдун таасири улам күчөп, ал коррупциялык схемаларды жетектеп атат, ишкерлер наразы болууда деп А.Атамбаевге “Азаттык” эркин радиосунун кабарчысы С.Жумагуловдун 2013-жылы 31-августагы интервью учурунда берген суроосуна жооп берип жатып, ал өзүнүн мурунку шофёрун колдоп, тескерисинче, аны мактоого алып, бир кезде тракторист болгон С.Ибраимов деле өкмөттү жетектебеди беле деп, өзүнүн шофёрун улуттун улуу инсаны, намысы жана сыймыгы болгон Султан Ибраимов менен бир катарга койгон.

Ошентип, бүгүнкү күндөрдө мамлекеттик түзүлүштүн калкыбыздын кылым карытып келаткан тарыхый-маданий шартына туура келчү, демократиялык маанайдагы талаптарга толук жооп берүүчү ийкемдүү, шайкеш үлгүсүн издөө процесси жүрүп жатканы жана аны табуу дагы бир кыйла убакытка созулаары ачык эле көрүнүп калды. Биздин коомго туура келчү саясий системанын формасын жана экономикалык кайра куруулардын заманбап моделин иштеп чыгуу жана аны ишке ашырууда Жогорку Кеңештин ролу жана орду өтө маанилүү.

Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында орун алган эки жолку ыңкылыптын тажрыйбалары көрсөткөндөй, буга дүйнөлүк тарыхта да мисалдар көп, 2014-жылы 20-24-февралдагы Украинадагы окуялар дагы бир жолу далилдегендей өлкөнүн башчысы өзүнүн мамлекетин, Сингапур мамлекетинин премьер-министри Ли Кан Ю сыяктуу, кыска мезгилдин ичинде гүлдөтүп, тездик менен өнүктүрүп, өз элинин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, бүткүл дүйнөгө атагы чыгыщы да мүмкүн экен, же болбосо, өзүнүн акылынын тайкылыгынан, “кетмен сабындай” кекиртегинен, ач көздүгүнөн жана намысынын жоктугунан, Н.Чаушеску, Б.Тито, С.Хусейн, М.Каддафи, А.Акаев, К.Бакиев, В.Янукович сыяктуу, өз элинин жакшы жашоого болгон үмүтүн уурдап, мамлекеттин көз карандысыздыгынын тамырына балта чаап, коомду бөлүп-жарып, элди бири-бири менен чабыштырып, терең саясий-экономикалык жана социалдык кризиске кабылтып коюушу да мүмкүн экен...

1990-жылдарда - А.Акаевде, 2005-жылы март окуяларынан кийин - К.Бакиевде, 2010-жылы 7-апрелдеги кандуу окуялардан кийин - Р.Отунбаева менен А.Атамбаевде, өз элинин ой-тилеги менен бирге болуп, алардын ишенимин актап, өлкөсүн алга карай жетектеп, Кыргызстандын эле эмес, дүйнөлүк тарыхта көсөм жетекчи, улуу реформатор, даанышман улуттук лидер катары кала турган мүмкүнчүлүктөрү толугу менен болгондугуна карабастан, жалпы элдин аларга карата үмүтү менен колдоосу өз учурунда ченемсиз өлчөмдө болгондугуна карабастан, алардын бири да тагдырдын чанда берилүүчү мындай ооматы менен мүмкүнчүлүктөрүн эли менен жеринин кызыкчылыктары үчүн чын дилден жана ак пейилден пайдалана алышкан эмес. Биринчи экөө өздөрүнүн сараңдыгы менен ач көздүктөрүнүн айынан өз эли-жеринен безип, качкын президенттер катары тарыхта калышкан. Р.Отунбаеванын бир жарым жылга созулган президенттик миссиясы мааниси жана милдеттери жагынан башкача болуп, ачык атаандаштыкта өткөн шайлоо аркылуу ал президенттик бийликти А.Атамбаевге эгемендиктин тарыхында биринчи жолу колдон-колго тынч өткөрүп бергенге жетишкен.

# Глава III. КЫРГЫЗСТАНДА ПАРЛАМЕНТТИК РЕСПУБЛИКАНЫ ОРНОТУУ АРКЫЛУУ ДЕМОКРАТИЯНЫ КУРУУГА БАГЫТ АЛУУ ЖОЛУ

## 3.1. Кыргызстандын демократияны курууга карай татаал жолундагы “үч ашуу” же демократиянын үч толкуну.

СССРдин акыркы көз ирмемдери менен Кыргыз Республикасынын эгемендигинин алгачкы жылдарынын тарыхы концептуалдык жактан да, окуяларды иликтөө жагынан да жетишээрлик түрдө илимий негизде иштелип чыга элек десек туура болот. Бүгүнкү күнгө дейре: “Эгемендүүлүк кыргыз жерине “асмандан” түшкөндөй эле болгон, кыргыз эли эгемендүүлүк үчүн күрөшкөн эмес, эми Кыргызстан өзүнүн мамлекеттүүлүгүн сактай албачудай абалда, мамлекеттик бийлик күчсүз” - дегендей жана башка ушу сыяктуу

маанай пастык өлкөнүн ичиндеги басылмаларда [146] да, чет элдик эксперттердин обзорлорунда да басымдуулук кылууда жана мындай калпыс маңыз коомчулук тарабынан кабыл алынып калган усулдук калыптай сыяктанат. Балким, кыргыз коомчулугунда мындай баалоонун орун алгандыгы жаңыдан эле башталган келечектүү, бирок ишке ашырылышы көптөгөн көтөрмөлөөнү жана кандайдыр бир мезгилди, убакытты талап кылуучу демократиялык процесстер өздөрүнүн алгачкы жыйынтыгын бере электигинендир?

СССР ыдырап, өз башынан акыркы күндөрүн өткөрүп жаткан кезде эле, анын курамында болгон Кыргызстан, башка союздук республикалар сыяктуу эле, өзүнүн эгемендикке карай алгачкы кадамдарын шилтеп, көз карандысыз мамлекеттин түзүмдөрүн түптөй баштаган болчу. 1990-жылдын октябрынан баштап 1991-жылдын декабрына чейинки мезгил, бир жагынан, жаңыдан түптөлүп бараткан эгемендүү Кыргызстан Республикасы менен, экинчи жагынан, өтө тездик менен кулап бараткан СССР мамлекетинин катарлаш жашаган, тарыхта сейрек кездешүүчү, өзгөчөлүү мезгили болгон. Бул мезгил олуттуу, тагдыр чечкен, тарыхий окуяларга бай.

Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе, 1990-1993-жылдарда, соңку жаңы тарыхтын өтө жооптуу алгачкы мезгилинде, Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети, президенти, өкмөтү, сот бийлиги абдан ынтымакта, өз ара түшүнүү жана бирин-бири колдоо шарттарында иштешкен. Ушул жылдары кыргыз коомчулугу мамлекеттик бийликти ар тараптан колдоп турган. Бийлик менен жарандык коомдун эриш-аркак, бир багытка карай, жалпы максатты көздөп иштешкени Кыргызстанды эки-үч жылда эле дүйнөгө тааныткан. Бийликтин да, элдин да өлкөнүнжаркын келечегине ишенимдери чоң болгон.

“Учуру келгенде бүткүл дүйнөнүн тарыхы да бир адамдын кабыл алган чечиминен көз каранды болушу мүмкүн” – деп белгилейт профессор Ж.С.Сааданбеков [102, с.142]. “Чыныгы тарыхий рольду ойнош үчүн улуу инсан өзгөчө мезгилде жашоого тийиш”[95, с.52]. Ушундай өзгөчө мезгилде жашаганы менен президент А.Акаев улуу инсан боло алган жок.

Тоталитардык саясий режимден демократияга өтүүнүн көптөгөн теориялары менен концепциялары бар экендиги белгилүү. Алардын ичинде "өнүгүүнүн авторитаризми" же болбосо "башкарылма демократия" [4, с.14] теориясы да бар. Бул теорияны жетекчиликке алган Казахстандын тажрыйбасы жөнүндө профессор Ж.Сааданбеков да жазган [142, с.144-145].

Демократиялык авторитаризм же авторитардык демократия деген аталыштагы аралаш жана өткөөл аралыктагы режимдер да бар [142, с.147]. Мисал катары Азия, Африка жана Латын Америкасындагы бир катар өлкөлөрдү атаса болот. Бул мамлекеттерде демократиялаштыруу, бийликтин бөлүнүшү, сөз эркиндигин камтыган саясий модерндештирүү жай-баракат жана оор кыйынчылыктар менен жүрүүдө. Ушул мисалдардан улам өнүгүүнүн авторитаризми же башкарылма демократия теориясын жетекчиликке алган өлкөлөрдө саясий партиялардын катышуусу, адам укуктары жана сөз эркиндиги сыяктуу либерализмдин элементтери да өнүгүүгө ээ болгонун байкоого болот.

Эгемендүүлүккө жетишкен алгачкы жылдары кыргыз эли келечекке чоң ишеним арткан эле. Бирок социалдык-экономикалык реформалар жакшы жыйынтык бербей, он жылдап күткөн элдин үмүтү акталбады. Мамлекеттин байлыгы жең ичинен сатылып, карапайым элдин турмушу начарлады. Мыйзамдар тебеленип, коррупция терең тамырлады, социалдык теңсиздик күчөдү. Ошол эле шарттарда бийликтеги үй бүлөнүн, анын туугандарынын жана жакын адамдарынын жыргалчылыгы көз көрүнө арта берди.

Постсоветтик республикалардын көпчүлүгү баштарынан кечиргендей эле, эгемен Кыргызстан да өнүгүү жолун тандоонун оор жүгүн башынан кечирүүдө. Кыргызстандын демократияны куруугa карай татаал жолундагы "үч ашуу" же демократиянын үч толкунун бөлүп кароого болот. Шартуу түрдө аларга Аксы окуяларын, 2005-жылдагы жана 2010-жылы 7-апрелдеги кандуу саясий төңкөрүштөрдү кийирүүгө болот.

**1. Аксы окуяларын - демократияга карай татаал жолдогу биринчи ашуу жана Кыргызстандагы демократиялык өнүгүүнүн бурулуш баскычы катары кароого болот.**

2002-жылдын 17-мартында Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Боспиек айылында 1995-жылы Токтогул районунун прокуратурасында иштеп жүргөн кезинде киши өлтүрүү боюнча кылмыш ишин тергеп, анан күнөөлүүнү коё берген деген доомат менен кылмыш жообуна тартылып жаткан Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты, ошол кездеги оппозициячыл саясатчы А.Бекназаровду колдоп демонстрацияга чыккан, анын куралсыз жердештери менен алардын жолун тосуп чыгышкан мамлекеттин укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин ортосунда кагылышуулар болуп, тирешүүлөр тез эле курчуп, ок атуучу куралдар колдонулуп, кийинки күнү да баш аламандыктар улантылган. Ошондогу кагылышуулардын кесепетинен алты демонстрант ок атуудан алган жаракаттан улам курман болгон, ал эми көп күндүк саясий ачкачылык жарыялоодон улам Бишкекте да бир адам каза тапкан. Аксы окуялары Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында элдин эркиндик үчүн авторитардык бийликке каршы күрөшүн даңазалаган маанилүү окуя катары орун алган.

“Коомчулук Аксы коогалаңын “каргашалуу окуя” деп жүрөт. Бул жөн эле “окуя” же “кайгылуу каргаша” да эмес. Бул - мамлекет башчылары мансабына манчыркап, өз элине түздөн-түз караниеттик менен атайылап жасаган, пенде бүткөндүн түшүнө кирбей турган тириукмуш кылмыш! Бул-Акаевдин жана анын жан-жөкөрлөрү менен табакташтарынын карапайым калктан талап-тоноп, чогултуп алган байлыгын жана арамза бийлигин биротоло сактап калууга жанталашып, аны үчүн мекендештеринин канын төгүүдөн дагы кайра тартпаган мыкаачы айла-амалы жана алдын-ала атайын даярдалган ыплас иш-планы” [72, 4-б.].

Аксы окуялары болуп өткөндөн кийинки мезгил ичинде бир нече сот жараяндары болуп, жогорку деңгээлдеги комиссиялар түзүлүп, мамлекет башчыларынын расмий берген тапшырмаларына карабастан бүгүнкү күнгө

чейин күнөөлүү деп аталгандар толугу менен мыйзам чегинде жазалана элек. Эки революциядан кийин келишкен жаңы бийликке ишенич арткан элдин үмүтү да толук акталган эмес. Укук коргоочу А.Абдурасулованын айтуусунда, Аксы окуялары үчүн жооп берүүгө тийиш болгон жоон топ кызмат адамдарынан болгону бир нечеси үч жылга шарттуу түрдө эркинен ажыратылган. А.Акаевдин тушундагы бийлик аксылыктарды "бир ууч дүрбөлөңчүлөр, экстремисттер, эл бузарлар" деп атап, анын кол астындагы массалык маалымат каражаттары элге бир жактуу жалган маалыматтарды берип турган...

Окуянын башаты Ат-Башыдагы мамлекеттик чек ара боюндагы **Үзөңгү-Кууш** тоо кыркаларынын бөлүгүнүн Кыргызстанга тиешелүү делген 90 миң гектар жерин Кытайга өткөрүп берүүнү парламент менен акылдашпай жалгыз өзү чечип салган деп Президент А.Акаевди катуу сынга алган Жогорку Кеңештин ошол мезгилдеги Аксы шайлоо округунан депутаты А.Бекназаровдун артынан расмий бийликтин сая түшүп куугунтукка алышынан башталган.

2002-жылы 5-январда, депутат А.Бекназаров Аксы районуна өз шайлоочулары менен жолугушууга барган жеринен Жалал-Абад облустук прокурору З.Кудайбергеновдун көрсөтмөсү менен «1995-жылы Токтогул шаарчасында тергөөчү болуп иштеген кезинде караган кылмыш ишти туура эмес жаап койгон» деген күнөө менен кармалып, Жалал-Абад шаардык түрмөсүнүн убактылуу кармоочу жайына камалган. 8-январь күнү өлкөдөгү активдүү беш укук коргоо уюмдары тарабынан «Депутат А.Бекназаровду коргоо комитети»түзүлгөн.

Ал эми 10-январдан баштап «депутат А.Бекназаровдун баш коргоо чарасы өзгөртүлсүн» деген талап менен саясий ачкачылык башталган. Ушул күндөрү Кербенде да митингдер болуп, ал жакта да саясий ачарчылык башталган. 16-январь күнү өзүнүн ден-соолугунун начардыгына карабастан Бишкектеги ачарчылык уюштурган 27 адамдын үстүнө белгилүү эксперт-экономист Ш.Назаркулов келип кошулган. 2002-жылдын 20-январына карата

саясий ачкачылыкка катышкандардын саны республика боюнча 292 адамга жетип, Бишкек менен Кербенден тышкары: Жалал-Абад, Базар-Коргон, Кочкор, Кант жана Аламүдүндө уюштурулган. Бирок расмий бийлик өкүлдөрүнөн эч ким ачарчылык акциянын катышуучулары менен жолугушкан эмес. Саясий ачкачылык башталганына 15 күн болгондо 10-январда баштаган укук коргоочулар ачкачылыкты токтотушкан, бирок республика боюнча ачкачылык акциясы токтогон эмес. «Депутат Бекназаровду коргоо комитетинин» талабы өзгөрүп, эми «Депутат Бекназаров биротоло бошотулсун» деген талап коюлган. Баш прокуратуранын имаратынын жанындагы митинг улантылган. Ушул эле күнү Аксы районунун Каражыгач айылында уруксат берилген митинг болуп, ага 5 миң адам катышып, алар Азимбек Бекназаровдун боштондугун талап кылып, кайрылуу кабыл алышкан.

2002-жылы 28-январда «Бекназаровду коргоо комитетинин» мүчөлөрү Президенттин администрациясынын жетекчиси А.Карыпкулов менен жолугушуп, президент А.Акаев менен жолугушуу талабын коюшкан, бирок А.Карыпкулов укук коргоочулардын өтүнүчүн канааттандырган эмес. Ачкачылыкка катышкандардын саны 400дөн ашып, бийлик жактан эч ким алар менен жолугушкан эмес. А.Бекназаровдун сотун 2002-жылы 12-февралда Токтогул шаарчасында өткөрүү белгиленген.

2002-жылы 6-февралда **ачкачылык акциясынын** катышуучулары менен АКШнын элчилигинен өкүлдөр жолугушууга келишип, эки саат бою саясий акциянын катышуучулары менен пикир алышкан. Алар кеткенден кийин акциянын катышуучусу Шералы Назаркулов 22 күндүк ачкачылыктан кийин эс-учунан таньп жыгылып, оор абалда ооруканага жеткирилип, эртеси күнү, 2002-жылы 7-февралда, каза болгон. Ш.Назаркуловдун сөөгү Бишкекке коюлбай, Кара-Кулжа районунун Чалма айылына жеткирилип, ошол жакта коюлган. Ушул эле күнү Ш.Назаркуловдун ичинен тамактын калдыгы чыкты деген жалган маалымат «Кабар» маалымат агенттигинде бийликтин кысымы менен академик М.Миррахимов тарабынан таркатылган.

“2002-жылдын январынан баштап март айына чейинки А.Бекназаровдун “ишинин” айланасында болуп жаткан окуялар боюнча өкмөттүк массалык маалымат каражаттарында жалган маалымат менен “ушак-айың” үстөккө-босток жарыяланып, калкты каргашага кириптер кылып карайлаткандар жөнүндө бир сөз жок, калыстык кыламын дегендердин башынан ылдый карата жуундуунун-жуундусуна чылаган айыптоолорду тынымсыз куюлтушуп, бийлик каалаган позицияны туу көтөрүү аракети абдан көрүлгөн. А.Бекназаровдун иши боюнча “жабыркоочу” деп табылган айтылуу К.Букееваны бир белгисиз көрүстөнгө алпарып, “иниңдин мүрзөсү ушул”,-деп, аны боз топуракты кучактатып ыйлатып, ал көрүнүштү телекамерага тартып алып, көпчүлүктүн көңүлүнүн үшүн алган телерепортаж жасап, экрандан көрсөткөн” [72, 24-25-б.].

2002-жылы **17-мартта Кербенден** 3 чакырым аралыктагы Күлүк-Дөбө айылынын тушунда 30дай милиция кызматкерлери саат 10:00дон 15:00го чейин унааларды, автобустарды токтотуп, жүргүнчүлөрдүн документтерин текшере башташкан. Кербенден 25-30 чакырым алыстыкта жайгашкан Кызыл-Көл, Кожата, Кара-Суу, Кара-Жыгач, Кой-Таш жана башка айылдардан элдер Кербенге жөө жүрүш жасашкан. Өзүлөрү менен жегенге нан, айран алышкан. Алардын алды саат 15:00дөр чамасында Боспиек айылынын тушуна жетип келишкен. Мына ушул Боспиек айылынын тушунан А.Бекназаровду камактан биротоло бошотууну талап кылышкан демонстранттар менен аларды басуу үчүн даярдалган мамлекеттин укук коргоо органдарынын күчтөрү бетме-бет кезигишкен. Алардын ортосундагы кайым айтышуудан башталган тирешүүлөр уламдан-улам күчөп отуруп, акыры бири-бирине кол көтөрүүгө өткөн. А.Калбаев элдерге “15 минут убакыт берем, тарабасаңар күч колдоном” деп эскерткен [147, 188-б.]. Анан ок атылган. Оболу 2 адам окко учкан, 7 адам ар кандай жаракат алып, алардын ичинен 2 адам райондук борбордук ооруканадан каза тапкан. Ошондой эле ички иштер органдарынын кызматкерлеринен да ар кандай жаракат алгандар болгон.

Ошентип, 2002-жылы 17-марттагы кайгылуу окуяда төрт адам окко учкан: Үркүмбаев Сатимбай, 1957-жылы туулган, Сапаралиев Кадыркул, 1965-жылы туулган, Четимбаев Эркиналы, 1971-жылы туулган, Тагаев Советбек, 1977-жылы туулган [72, 7-б.].

Нааразы болгон эл ал күнү Аксы районунун борбору болгон Кербен айылына топтолуша баштаган, алгач алардын саны 6 миңдей, кийинчерээк 10 миң кишиге жетип, митинг башталган.

Райондогу окуя кескин курчуп кеткендигине байланыштуу Аксы райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысы Д.Кулуев коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, массалык башаламандыкты андан ары жайылтпай токтотуу жана административдик кеңселерди коргоо жана сактоо максатында 2002-жылы 17-мартта кечки саат 17-00 чамасында өзүнүн буйругу менен “Тайфун” жана “Буран” пландарын кийирген [148, 73-74-б.].

Ошол эле күнү кечинде саат 22:00дөрдө Кербенде милиция кызматкерлери элдин артынан кууп атышкан. ИИБнын кызматкерлери менен болгон кагылышта 7 кишиге ок тийип, алардын бири, айылдык мектеп окуучусу Үмөталиев Элдияр жаңылган октон каза болгон.

2002-жылы 17-мартта кечки саат 21-00 чамасында Премьер-министр К.Бакиев өткөргөн чогулушта "Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы элдик пункттардагы оперативдик абалдын татаалданыш" маселеси каралган.

Ошондо, Премьер-министр К. Бакиевдин өз колу коюлган токтомдо мындай көрсөтмө жазылган:

"1. Аксы районунда жаралган кооптуу абалды жакшыртуу үчүн укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнөн оперативдүү штаб түзүлсүн, Кыргыз Республикасынын ички иштер министри:

- "Тайфун" (массалык башаламандыкты жөнгө салуу) жана "Буран" (административдик имараттарды коргоо) пландарын аракетке келтирсин;

- окуя болгон жерге жагдай талап кылганга жараша, маселе чечүүгө жөндөмдүү (керектүү санда) милициянын атайын тапшырма аткара турган күжүрмөн отряды жиберилсин”.

Республиканын ошол кездеги ички иштер министри Т. Акматалиевдин 2002-жылдын 17-мартында 03-номер менен: "Жалал-Абад областындагы массалык баш-аламандыктыкты жөнгө салуу боюнча" деген буйругу чыгып, өлкөнүн Премьер-министри өткөргөн кеңешменин 2002-жылдын 17-мартындагы 31-23 номерлүү токтомуна жараша: Республиканын ички иштер кызматынын өзгөчө отряды жана Ички Аскер күчтөрүнүн катышуусу менен, "Тайфун" жана "Буран" операциясын ишке киргизүү үчүн Жалал-Абад областына милициянын генерал-майору К.Садиев командировкага жиберилген. Генерал К.Садиев Жалал-Абад областынын жана Аксы районун укук коргоо жана күч органдарынын штабынын жетекчиси болуп дайындалып, Аксы районундагы башаламандыкты жөнгө салуу үчүн ал аймака 506 автомат, 193 тапанча жана баш-аламандыкты басканга жетиштүү өлчөмдөгү ок-дарылар, Ички иштер кызматынын өзгөчө отрядынын жана Ички Аскер күчтөрүнүн 1521 кызматкери жөнөтүлгөн. Буга дейре Жалал-Абад областынын милиция кызматкерлеринин карамагында 50 даана ок өтпөс кемсел, 270 резина таяк, 330 даана калканы болгон"[72, 10-11-б.].

2002-жылы 19-мартта Кербенде 20 миңдей адам чогулган, саат 10:00дөр чамасында алар менен жолугушууга өкмөт башчысы К.Бакиев келип, А.Бекназаровдун камоодон бошотулгандыгын, анын бүгүн келээрин кабарлаган. 16-00дөрдө бошотулган А.Бекназаров келип, эл алдында Аксы алааматы жөнүндөгү көз карашын айтып берген. А.Бекназаровдун иши боюнча сот 19-мартта Кара-Көл шаарында болгон. Сот болгон имараттан алыс эмес жерде 3 автобуста соттун чечимин 300дөй киши күтүп турушкан. Албетте, бул көрүнүштү сотко карата катуу басым катары кароого болот. Абалдын курчтугунан сот чечими кийинкиге калтырылып, А.Бекназаровдун баш коргоо чарасын аймактан кетпөөгө алмаштырган.

Аксы окуясын иликтөө боюнча мамлекеттик комиссия түзүлүп, аны өкмөттүн вице-премьер-министри Н.Танаев жетектеген. Ошол эле учурда,"Аксы каргашасын" өз алдынча иликтеп чыккан көз карандысыз депутаттык комиссиянын атынан, кошумча баяндама менен чыгып сүйлөгөн

Жогорку Кеңештин депутаты О.Малеванная болгон. Анын кошумча доклады эмоционалдуу болгону менен конструктивдүү сунушу барлыгы менен башкалардан айрымаланып турган. Өзгөчө: Президенттин Администрациясынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн, Баш прокуратурасынын, Улуттук коопсуздук кызматынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жетекчилерин кызматтан бошотуу сунушталган. Андагы айрым бир маанилүү далилдер менен анын айрым сунуштары мамлекеттик комиссиянын жыйынтык бөлүгүнө кийирилген.

Тилекке каршы, комиссиянын талабы аткарылып, акыйкат иликтөө жүргүзүлмөк турсун, бир дагы киши суралып же кызматынан алынып, бир кишинин дагы кылы кыйшайган эмес.

Эгер ошо кезде, мамлекеттик комиссиянын берген сунуш-талаптары аткарылганда, балким, коомдогу чыңалууну жандыруу, элдин нааразылыгын азын-оолак болсо да басаңдатуу мүмкүнчүлүгү түзүлмөк.

Бирок, А.Акаев аны жасаган эмес. Башкача айтканда, ал өз бийлигинин оркойгон кемчиликтеринен обьективдүү жана акыйкат жыйынтык чыгаргысы келген эмес. Ошентип, мамлекеттик комиссиянын сунуш-талаптарынын баары кагаз бетинде гана кала берген. Балким ал кезде А.Акаев, өзүнүн эч качан жаңылбастыгына, Кудай менен үзөңгүлөштөй улуктун-улугу экендигине чындап эле ишенип алган болсо керек. А балким, Ч.Баекова өз колу менен бычып, өз колу менен тигип, өз колу менен "кийгизип койгон", анда-санда буркулдап койгону эле болбосо буйлалаган төө сымал жетелеген жакты көздөй кете берген кыргыздын чөнтөк Конституциясы анын өзүн жана үй-бүлөсүн элдин кыжырдануусунан сактап каларына ишенип алып, ушинтип чиренип жүргөндүр**?** [72, 31-б.].

“Мындай жарамсыз ишти жасаган кылмышкерлерди жазалай турган мыйзам беренелеринин күч-кубатынын мөөнөтү эч качан эскирбейт, урматтуу Аскар Акаевич”,- деген Д.Садырбаев өзүнүн парламент жыйынындагы сөзүндө. “Муну эч качан унутпай, дайыма эсиңизге сала жүргөнүңүз абзел. Ар бир иштин акыры, төгүлгөн кандын кусуру, түрмөктөгөн жиптин учу болбой

койбостугун, булардын бири болбосо биринин убалы акыры бир күнү ал арамза кылмышты жасаган адамды төбөсүнөн урары иттин уулу байкашкага деле белгилүү. Бул оодарылбас-чайпалбас кашкайган чындыкты сиз да, биз да унутпаганыбыз оң" [72, 32-б.].

Айрым замандаштары "кийин эки жолу мамлекеттин баш прокурору кызматын аркалаган А.Бекназаров да Үзөңгү-Кууш маселеси боюнча өзү мурда какшап айтып жүргөн адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө аракет жасаган эмес. Анткени Үзөңгү-Кууш маселеси алардын мамлекеттик жогорку бийлик үчүн күрөшүндөгү өтө ыңгайлуу шылтоо гана болгону эми ачык билинди десек туура болот", - дешет, бирок А.Бекназаров болсо бул доолорду четке кагып, убакыт жетпей калганын белгилеп келет.

Бирок, Аксы окуясынын түпкү себеби "Үзөңгү-Кууш" маселесинен алда канча тереңде жатат. Ал эми "Үзөңгү-Кууш" Аксы окуясынын пайда болуусундагы олуттуу шылтоо гана. Аксы окуяларын тездеткен шылтоолор "Үзөңгү-Кууш" маселеси пайда болбогондо деле башка маселелерде жаралмак. Анткени, "акаевдик-үй-бүлөлүк авторитардык режим" эртеби-кечпи, ошол жакка бара жаткан...

2012-жылы 9-мартта Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев "Аксы окуяларын эскерүү күнү" жөнүндө" Жарлыкка кол койгон. Анда мындай деп айтылат: «2002-жылдын март айындагы Аксы окуялары Кыргызстандын демократиялык өнүгүүсүнүн бурулуш этабы болуп калды. Ал прогрессивдүү саясий күчтөрдүн жана жарандык коомдун жигердешүүсүнө, элдин кеңири катмарынын өлкөдөгү демократиялык кайра өзгөрүүлөргө тартылышына өбөлгө түздү. Аксы районунун жашоочулары каармандыкты көрсөтүп, бекем тургандыгы менен элдин авторитардык жана коррупцияланган режимге чечкиндүү каршы турууга башат салган. Коом демократиялык реформаларды жана жарандардын укуктарынын сакталышын талап кылууда негизги күч болуп калган. Мурдагы бийликтин элдин кызыкчылыгына көңүл кош мамилеси 2005-жылдын Март революциясына, ал эми кийин, бийлик түзүмдөрүнүн криминал менен коюн-колтук калып кетүүсү 2010-жылдагы Апрель революциясын

шарттаган” [149]. Бул жарлыкка ылайык Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында 2012-жылдын 17-марты-Аксы окуяларын эскерүү күнү-деп жарыяланган.

**1. 2005-жылдын 24-мартындагы «Жоогазын» революциясы Кыргызстандагы демократиялык өнүгүүнүн эчинчи ашуусу катары тарыхта калган.**2005-жылы 24-мартта бийликтин революциялык жол менен алмашуусу ошол кездеги президент А.Акаев тарабынан шартталган. Ал демократия жөнүндө көп сүйлөгөн, бирок ар дайым өзүнүн президенттик ыйгарым укугун узарта берген. Саясатка анын аялы менен балдары ачыктан-ачык эле кирип келишкен. Жакырдык жана жумушсуздук күч алган. 1 млн. 700 миңден ашуун адам, же өлкөнүнкалкынын 32% жакырдыктын чегинен ашып кеткен абалда болуп калган. Социалдык теңсиздик, коррупция жана мыйзамсыздык күчөгөн. Демократиялык эркиндиктер чектелип, ЖМКларга кысым көрсөтүү башталган. 2005-жылдагы Парламенттик шайлоодо Р.Отунбаева сыяктуу бир катар оппозициядагы саясатчылар саясий күрөштөн четтетилип, президент Акаевдин кызы менен уулунун “шайланышы” революциянын чыгышынын түздөн-түз шылтоосу болгон.

Чынында эле “2005-жылы 24-мартта Бишкекте түпкү маңызы боюнча кандай маанидеги окуя болуп өткөн?”-деген суроого ошол эле замат, же ылдам убакыт ичинде, “а” же “бу” деген кескин баа бере салуу бир топ эрте болуп калаарлыгы, мунун барысын – мезгил гана калыс баалай ала тургандыгы талашсыз болсо дагы, окуялар болгондон көп узабай эле, ар түрдүү кызыкчылыктардагы күчтөр жана көз караштар, ар кандай баа жана мүнөздөмөлөрдү бере башташкан. Анткени, Март окуясын уюштургандар менен ага каршы тургандар, маселени күч колдонуу аркылуу чечүүнү каалагандар менен аны тынчтык жол менен чечүүгө умтулгандар, талап-тоногондор менен талап-тоноодон жабыр тарткандар, саясатчылар менен саясатчы эместер, эски замандын жарандары менен азыркы жаштар, түштүк менен түндүк жарандары, коңшу мамлекеттер менен батыш мамлекеттеринин башчыларынын расмий көз караштары, ички жарандар менен сыртта

жүргөндөр, биздин журналисттер менен башка журналисттер жана башка түрдүү палитра катмардарынын баалоосу ар башка болуп, алардын ар биринин өз жүйөөлөрү болгон.

Азыркы мезгилдин сересинен көз салганда 2005-жылы 24-марттагы окуянын ой-кырлары, кокту-колот, белес-чокулары алыстан даана көрүнүп, жалпы көрүнүштү сүрөттөөгө толук шарттар түзүлдү десек жаңылышпайбыз.

Биринчиден, митингге чыккан он миңдеген адамдардын ошондогу аракеттери текке кеткендей көрүнөт, “үй-бүлөлүк” башкаруу жоюлат, жашоо оңолот, мыйзам эми мындан ары бузулбайт, адилет турмуш келет, авторитардык башкаруу системасы ойрон болот деген үмүттөрү таш капкан. Окуя болоору менен эле “бул ыңкылап болду, элдик боз үй ыңкылабы болду”, - деп китептерди жазып, сыйлыктарды алганга үлгүрүшкөн айрым кыргыз окумуштууларынын да бүгүн сөздөрү кыска болуп, бардык күнөө “бакиевдерде” дегендей сумсайышат.

Экинчиден, чет өлкөлүк эксперттердин “бул мамлекеттик төңкөрүш болду, күч колдонуу аркылуу мамлекеттик бийлик алмашты” деген баасын ал окуядан кийинки беш жылдык тарых тастыктагандай болду, акаевдик үй-бүлөлүк башкарууну андан да ашкан алдым-жуттум, мыкаачылыгы жагынан акылга сыйбаган жоруктарга барган, бакиевдик үй-бүлөлүк, кландык кылмыштуу башкаруу системасы алмаштырганы эми эч кимге сыр эмес.

Үчүнчүдөн, ошондогу Жогорку Кеңештин чечими менен 24-март - элдик революция күнү, элдик майрам күнү деп жарыяланып, бул күнү элдер эс алып, иштебей турган күн болгон. 2010-жылдан кийин бул чечим расмий түрдө жокко чыгарылган. Бул беш жыл өткөндөн кийинки март окуяларына карата берилген мезгилдин баасы десек болот, бул окуянын тарыхтагы орду жана мааниси дээрлик такталды. Ошентип, талаштын аягына мезгил чыкты, так бааны мезгил койду десек туура болот, “тарых баалайт, тарых тастыктайт” деп эл ичинде бекеринен айтылбаса керек, - деген адистер жок эмес.

“Мени эл кубалаган жок,- дейт А.Акаев, 2013-жылы август айындагы интервьюсунда. Анда, 2005-жылы өлкө көтөрүлүп бараткан. Сиз туура айтасыз,

биздин өлкөнүн жакшы имиджи бар болчу. “Түстүү революция” америкалыктар тарабынан уюштурулган. Алар аны менден да жашырган эмес. Мени кулатууну даярдап жатышканын түшүнгөндөн кийин элчиден сурадым: “Угуңузчу, Борбордук Азияда бийликтин тынчтык жол менен өтүшүн ишке ашырууну силер, эмне, каалабайсыңарбы? Шайлоо аркылуу? Мындан ары шайланбай тургандыгымды мен расмий билдирбедимби?” Бирок, Шеварднадзени кулаткандан кийин кызматка көтөрүлгөн Грузиядагы коллегасынын сыйлыгы элчинин жанын жай алдырбай турду... Кан төгүүлөр мен кеткенден кийин болгондугу тууралуу мени кулаткандардын унчукпагандары жөн жерден эмес да. Мейли, мен качкын болоюн деп чечтим, бирок, менин колумда менин элимдин каны болбойт” [49].

Ошол эле учурда, 24-мартты “алгачкы элдик ыңкылап” деп атоонун да жөнү бар. Маселе – бул ыңкылаптын натыйжасында А.Акаевдин авторитардык режими чын эле кулатылгандыгында. Бирок бул элдик ыңкылаптын мөмөсүн андан ары бекемдөө далаалаты майнаптуу болгон жок. Ошого карабастан, 2005-2006- жылдарда Кыргызстандын Президенти өзүнө кыр көрсөткөн Жогорку Кеңештин күчү менен эсептешүүгө мажбур болуп жатты. Жогорку Кеңештин төрагасы болуп К.Бакиевге оппозицияда болгон “Ата Мекен” партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев турган кез, конституциялык реформаны парламенттик бийлик ыйгарым укуктарын чыңдоо багытында уюштуруу үчүн оппозициячыл аракеттер, басма сөз эркиндигин камсыз кылуудагы 2005-2007-жылдардагы ийгиликтер, бейөкмөт уюмдардын ачык ишмердиги сыяктуу көрүнүштөр 2005-жылкы элдик ыңкылаптын үзүрү катары каралууга тийиш. Тарых чындыгы үчүн ушул оң багыттагы өзгөрүүлөрдү айтуу керек.

Ал эми бакиевчил мамлекеттик машинанын көзөмөлү астында өткөрүлгөн 2007-жылы декабрдагы парламенттик шайлоодо бакиевчилер Жогорку Кеңешке басымдуу көпчүлүк менен өтүп, ошондон кийин К.Бакиев авторитардык башкаруу системасын тездеп калыбына келтире баштаган.

Демек, Кыргызстандын 2005-2010- жылдардагы тарыхындагы бул айырмалуу эки баскычты калыс изилдөө 2005-жылы 24-мартта жүзөгө ашкан окуяны “элдик ыңкылап” деп атоого мүмкүнчүлүк берет.

Салыштырып айтсак, 1789-жылы Францияда Улуу француз революциясы ишке ашкан, бирок 1799-жылы (он жыл өткөн соң) революциячыл генерал Наполеон мамлекеттик төңкөрүш жасаган жана 1804-жылы өзүн император жарыялаган. Революциянын мөмөсүн, ошентип, Наполеон уурдап алган. Бирок анын жоругунан улам “1789-жылы Францияда революция болгон эмес экен” деп тыянак чыгарууга мүмкүн эмес да.

1917-жылы февралда падышалык Орусияда элдик либералдык ыңкылап жүзөгө ашып, Убактылуу өкмөт түзүлгөн. Бирок 1917-жылы октябрдагы (7-ноябрдагы) большевиктик козголоң көп партиялуу демократиялык мамлекетти куруу идеясын жокко чыгарган. Мындан улам 1917-жылы февралда Орусияда революция болгон эмес деп бүтүм чыгарууга болбос.

2005-жылдагы революция өзүнүн максаттарына жеткен эмес. Тилекке каршы март революциясынын жеңиши аркасында бийликке келген Бакиевдердин кланы элдин кызыкчылына чыккынчылык жасап, ишенимин тебелеп-тепсеген. Эл байлыгын талап- тоногон. Криминал менен коюн-колтук алышып, баш көтөргөндөрдү жазалап, уруп- сабап, өлтүрүүгө өткөн. Элдин адилеттүү, калыс бийлик орнотуу тууралуу тилеги ыймансыздык менен уурдалган. Тунгуч президент Акаев сыяктуу эле Бакиевдердин кланы бийликти жеке ээлеп калуу максатында Конституцияга өзгөртүүлөрдү кийиришип, 2007-жылдагы парламенттик жана 2009-жылдагы президенттик шайлоолордун жыйынтыктарын одоно бурмалашкан.

Бакиевдердин беш жылдык кылмыштуу башкаруусунун натыйжасы коррупциянын жогорку деңгээлге жетиши, өлкөнүн чийки заттык ресурстарын сатуу, ондогон коомдук ишмерлерди, оппозициялык саясатчыларды, журналисттерди жана башка башкача ой жүгүрткөндөрдү куугундуктоо жана өлтүрүп жок кылуу болгон. Журналисттер Геннадий Павлюк, Алишер Саиповдор өлтүрүлгөн. Журналист Сыргак Абдылдаевге

кол салуудан кийин ал ушул кезге чейин Швецияда дарыланып жүрөт.

К.Бакиевдин режими күчөй баштаганда, “А” дегенди (Акаевди) “Б” деген тамгага (Бакиевге) алмаштырып тим болуптурбуз, - деген өкүнүч кеп арбын айтылган. Бирок К.Бакиев өз президенттик бийлигин чыңдай электе, 2005-2006-жылдары, Кыргызстанда демократиячыл реформалар жаатында байкалаарлык саясий-социалдык өзгөрүүлөр орун алганы да чындык.

Ошондуктан заманбап тарыхчылар менен саясат таануучулар 2005-жылдын 24-мартындагы жана 2010-жылдын 7-апрелиндеги элдик ыңкылаптарга баа берүүдө “бул ыңкылаптардын мөмөсүн ким ыйгарып алды?” деген суроого гана эмес, ыңкылап ойрон кылган мурдагы авторитардык режимдин тарыхый тагдырына да маани бериши абзел.

24-март окуялары болуп өткөндөн кийин авторитардык саясий режим жоюлмак тургай, ал эки жылдан соң ого бетер күчөп, эми өлкөдө авторитардык-репрессивдүү саясий режим орногон. Конституцияга демократиячыл өзгөртүүнү киргизүүлөр болбогон бир куру шылтоолор менен улам кийинкиге жылдырылган. Саясий бийликке келишээри менен эл алдында берген убадаларын бакиевчилер кыска мөөнөттө унутушкан. Ал эми кийинки мезгилде ал убадаларды эске салгандарды, эл үчүн күйүп-бышкандарды кадимкидей эле чет-четинен тындым кылышкан. Учурдун агымында кыргыз коомунун жашоосунда жок нерселерди бардай кылып айтып, аткарылбаган куру убадаларды берүү жагынан К.Бакиев кыска убакыттын ичинде А.Акаевден ашып түшпөсө, андан эч бир кем калган эмес.

2005-жылы 24-марттан кийин Акаевдик үй-бүлөлүк башкаруу системасы, албетте, жоюлган, тактап айтканда, “акаевдик” дегени жоюлган, ал эми “үй-бүлөлүк башкаруу системасы” акырындап калыбына келтириле берген. 2007-2008-жылдардан тартып Бакиевдик үй-бүлөлүк-кландык-кылмыштуу башкаруу системасы тамырын кеңири жайган. Акырындык менен эмес, бир заматта орногон. Бакиевдин “Эч качан үй-бүлөмдү жана туугандарымды мамлекетти башкарууга кийлигиштирбейм”,- деген митингчилерге берген убадасы бар болчу, бирок ал убадасын аткарган эмес.

Кээ бир изилдөөчүлөр кыргыздардын салттык коомун модерндештирүүдө, б.а. заманбапка ылайык кайра куруруда элдин уруу-уруктарга, түндүк-түштүккө бөлүнүшүнүн таасири астында патрон-клиент схемасына негизденген үй-бүлөлүк жана кландык башкарууну орнотууга мажбур болгон дешип Акаевдин мыйзамды көзүнө илбеген кылмыштуу кылыктарын актаганга, чындыкка дал келбеген, ойдон чыгарылган - “мезгилдин талабы”, учурдун зарылчылыгы” болгон, “Акаев жакшы эле болчу, алгачкы беш жылы жакшы эле иштеген, аны тегерегиндегилер бузду, мезгил күнөөлүү...” деген сыяктуу көз караштар да ар кандай жыйындарда, басма сөз беттеринде айтыла калып жүрөт...

Ооба, А.Акаевдин 1990-1991-жылдарда улуттун кызыкчылыгын ыйык тутуп, мамлекеттүүлүктү чыңдап, элдин эртеңи үчүн ак пейилден иштеп, тарыхта реформатор катары калып, “алгачкы президент” деген макамга ээ боло турган толук шансы болгон, ошол жылдары элдин ага карата колдоосу, ишеними жана үмүтү абдан жогору эле. Бирок, ал саясатта авторитардык режимди орнотуп, ал эми экономикада мамлекеттик менчикти жеке менчикке айландыруу процессинде туйтунуп, ичип-жеп, коррупциялык максаттарына жетүү үчүн үй-бүлөлүк жана кландык башкаруу системасын тездик менен орноткон. Ушундан улам саясий жана системалуу коррупцияны орнотуу акаевдик үй-бүлөлүк жана кландык башкаруу схемасын түзүүнүн негизги максаты болгон десек туура болот.

Мамлекеттик бийликтин бардык бутактарын де-юре да, де-факто да өзүнө баш ийдирүү үчүн, авторитардык саясий режимдин пайдубалын орнотуу үчүн президент А.Акаевге бир жылга жетпеген убакыт, тактап айтканда 1990-жылдын 27-октябрынан 1991-жылдын 12-октябрына чейин, жетиштүү болгон.

Маркум депутат, кинорежиссёр, коомдук ишмер Д.Садырбаев А.Акаевдин ишмердигине таамай баа берген. "Легендарлуу" делинген кыргыз парламенти 1993-жылы жергебиздеги мамлекеттик бийликтин бардык кулпуларынын сыйкырдуу ачкычын бир адамдын колуна салып бергени эсиңерде бардыр. Муну менен ал Парламент бир кишиге чексиз бийликтин

тизгинин карматып, келечектеги "авторитардык" режимдин тамыр жайып, өсүп-өнүгүшүнө даңгыр жол салып берген менен барабар иш кылган болуучу. Анан, адамгерчилиги кирди-чыкты, журт башкаруу жөндөмү мөртө-шөртө, бир, "бөйлө-шөйлө" көрпендени "Конституциянын гаранты" – деп көтөрмөлөй берип, зоболосун ого бетер көкөлөтүп атып, ал бара-бара, мындай артыкчылыктан пайда көрүүнүн кыныгын таап, өлкөнүн Баш мыйзамын жамынып алып, "кызып кетип", өз үй-бүлөсүнүн, балдыз-бажаларынын жана табакташтарынын курсагын дайыма нык толтура турган баргерчилик турмуштун кепилине айланганын көз көрбөдүбү.

...Өз өкүмдарлыгын кандай гана болбосун узак жылдарга дейре сактап калуу жандалбасында жүрүп, өз элине ок чыгаргандан да кайра тартпаган мындай кыйды мамлекет башчысына жана анын жүргүзгөн арамза саясатына кандай баа берүүгө болот? Менимче, "өз мамлекетин, өз элин бүткүл денеси менен жек көргөн арамзанын макүрөө бийлиги" дегенден башка сыпаттуу сөз табуу кыйын [72, 4-5-б.].

**3. 2010-жылдын 7-апрелиндеги революция кыргыз коомунун демократияга карай татаал жолдогу үчүнчү ашуусу, демократиянын үчүнчү толкуну катары.**Кыргыз Республикасынын эркиндикти сүйгөн эли Бакиевдердин кылмыштуу бийлик тартибин улантууга жол берген жок. 2010-жылы 7-апрелде Бишкекте жарандардын тынч жыйынына каршы бийлик куралдуу атайын аскерлерди колдонушкан. Бирок эл жалтайлаган жок. Кайратына келип чыйралган адамдар куралчандарды жөөлөп өтүшүп, Өкмөт Үйүн көздөй каптап кирип барышкан. Аларга каршы мөндүрдөй жааган ок атылган, бирок жаны ачып турган эл тайманбады. Бакиевдерди кулатуунун күнү өтө кымбатка турган. 7-апрелде Ала-Тоо аянтында 87 жаран курман болгон, бир жарым миңден ашык адамдар атылган октон жарадар болушкан.

2010-жылы 7-апрелде Бишкекте түпкү маңызы боюнча кандай маанидеги окуя болуп өткөн?”-деген суроого “элдик ыңкылап жүзөгө ашты” деп жооп узата алабыз. Албетте, кээ бир адистер 7-апрель окуяларына “андай” же “мындай” деген кескин баа бере салуу эрте болуп калаарлыгы, мунун баарысын

мезгил гана калыс баалай ала тургандыгы талашсыз деген турумду тутуп келишет. Бул окуя болгондон көп узабай эле, ар түрдүү кызыкчылыктардагы саясий күчтөр ар кандай баа жана бири-бирине кайчы болгон мүнөздөмөлөрдү бере баштashканы да түшүнүктүү.

2005-жылдагы март окуяларынын толкунунда келген Президент К.Бакиев, ошентип, элдин үмүтүн актабай, тескерисинче, өлкөдөгү жалпы абал үч жылга жетпей кайрадан начарлаган. Өкмөттүн элдин кызыкчылыгына каршы келген 2007-2010- жылдардагы чечимдерин жокко чыгаруу жөнүндөгү 2010-жылы 17-мартта өткөн Элдик Курултайлардын талаптарына Президент К.Бакиев байкамаксан болгон. Анын оппозициянын лидерлерин камоо, эл толкунун күч колдонуу менен басуу аракеттерине коомчулук өзгөчө наaразы болуп, ачык күрөшкө чыкты. Бишкектин борбордук аянтына тынч митинг менен чыгышкан элге каршы зомбулук провокация уюштурулуп, натыйжада 7-апрелде Ала-Тоо аянтында кан төгүлгөн.

Миңдеген жылдарга созулган тарыхынын бардык мезгилдеринде эркиндикти баарынан жогору койгон кыргыз эли азыркы заманда да эркиндик жолун тандап алган. Авторитардык же диктатордук бийликке баш ийбеген, саясий жана экономикалык кулчулукка каршы күрөшө билген, эркиндикти туу кармаган, баатыр эл экенин кыргыз улуту дүйнөлүк коомчулукка дагы бир жолу билдире алган. Дүйнөлүк коомчулук болсо өз кезегинде Кыргызстандагы саясий процесстер жөнүндө ар кандай деңгээлде сөз кылып, изилдөөлөрдү жүргүзө баштashкан.

Алсак, айрым изилдөөчүлөр Кыргызстанда болгон эки элдик революцияны (2005-жылдын 24-марты, 2010-жылдын 7-апрели) Югославия, Грузия, Украинадагы саясий окуяларга салыштырышып, бул өлкөнүн ичиндеги саясий, экономикалык жана социалдык оор абалдан улам келип чыккан элдин бийликке каршы күрөшүнүн жыйынтыгы эмес, тескерисинче, чет өлкөлөрдүн, АКШнын, көптөн берки кийлигишүүсүнүн жыйынтыгы деп чыгышкан [69]. К.Бакиев акыркы мезгилдерде В.Путинге таптакыр эле жакпай калган, ошондуктан 7-апрель окуясы толугу менен Москванын кылганы деген

бүтүмдөр да болгон [114]. Жок, андай эмес, кыргыз окуяларынан Москванын, Вашингтондун же Бээжиндин “колун” издештин кереги жок, өзү араң турган Кыргызстанды биротоло кудуретсиз кылып коюуга алардын эч кызыкчылыктары жок – дешкен үчүнчүлөрү [35].

“Эгемендүү Кыргызстандын тарыхында 2010-жылкы апрель окуялары эң каардуу саясий зомбулук катарында калды. Андан жапа чеккендер чындыктын даңазаланышына укуктуу”,- деген бааны Хьюман Райтс Вотч (Human Rights Watch) уюмунун Европа жана Борбор Азия боюнча адиси Андреа Берг берген. Көз карандысыз Хьюман Райтс Вотч уюму 6-8- апрелде болгон Кыргызстандагы окуялар боюнча иликтөө жүргүзүп, Кыргызстандын Убактылуу өкмөтүн апрель окуяларын иликтөө үчүн эл аралык комиссия түзүүнү тездетүүгө чакырган. Бул талапка Убактылуу Өкмөт болсо тиешелүү укук коргоо органдары тарабынан стандарттык мүнөздөгү тергеп-тескөө иштери жүргүзүлүп жаткандыгын билдирип жооп узаткан.

Апрель окуяларын иликтөө тууралуу эл аралык көз карандысыз комиссия түзүү мүдөөсү Бириккен Улуттар уюмунун, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун өкүлдөрү тарабынан, АКШнын Мамлекеттик департаментинин Бишкекке келген өкүлдөрү жана Кыргызстандын Убактылуу Өкмөт жетекчиси Роза Отунбаева тарабынан айтылган. Кийинчерээк мындай каалоосун бийликтен кулаган Президент К.Бакиев да Жалал-Абаттан журналисттерге билдирген.

«Апрелдеги кан төгүлгөн окуяны Кыргызстан өз ичинде кылдат иликтеп, кылмышка тиешелүү адамдардын бардыгын жоопко тартууга милдеттүү», - деген көз караш дагы кыргыз коомунда басымдуулук кылат.

“Элдик кеңеш” коомдук бирикмесинин мүчөсү М.Чолпонбаев болсо эл аралык комиссия чакыруунун эч кандай зарылчылыгы жок деген пикирин билдирген: - Анткен себеби, Бакиев "мен Ак Үйдү коргоп гана аттырдым", деп айткысы келип жатат. Ак Үйдү башка жолдор менен деле коргосо болот эле да. Ак Үйдүн терезесинен чатырына чейин көзгө атарларды коюп, келген кишилерди атуу деген эч бир жерде жок. Экинчи өзгөчө айта кете турган нерсе

– Ак Үйдү Бакиевдердин жалдап келген адамдарынан сырткары бир дагы жөнөкөй жаран коргоп, тийбегилечи ушул Ак үйгө деген жок. Демек, Кыргызстандын бүт элине жек көрүндү болуп бүткөнү так. Ал эми эл аралык уюмдар буларды тергеп, биздин ички ишибизге кийлигише турган эч кандай жөнү да жок [18].

«…Эки революциянын тең башында жүргөндөрдүн, ал окуяларда жөн эле катышуучу же сыртынан байкоочу эмес, ичинде кайнап, аралашып жүргөндөрдүн бири катары ушул макаланы жазууну учурдун талабы, атуулдук парзым деп, кээ бир ачуу чындыкты коомчулук билсин, тарыхчылар пайдалансын деп жаздым», – дейт А.Бекназаров. Ал өз макаласын андан ары мындайча улайт: «Бүгүн март революциясынын алты, апрель революциясынын бир жылдыгынын күндөрүндө дүйнөлүк коомчулукта, кыргыз коомчулугунда да бул тарыхый даталар жөнүндө ар кандай илимий, социалдык, саясий изилдөөлөр жүрүп, ар кандай кайчы пикирлер айтылып жатат, дагы айтылат, акыры тарых, мезгил өзү баа берет, тарыхтан өз ордун табат. Мен ага ишенем. Бирок, бул тарыхый окуяларды билген да, билбеген да, көргөн да, көрбөгөн да жаза берээри бышык. Канчалаган ачуу чындыктар бурмаланып, нечендеген адамдар ак жеринен караланып, ал эми эч бир тиешеси жок адамдар баатыр болуп калышы мүмкүн. Анткени, жеңиштин ээси көп. Азыр Кыргызстанда калптын, жалаанын казаны кайнап турган мезгил. Бүгүнкү айрым кыргыз гезиттери сөз эркиндигин ашкере пайдаланып, кожоюндарынын ою менен болуп, же тыйын бергендердин ырын ырдап турган мезгилде эки революция жөнүндө субъективдүү ойлор жаралып, эртең тарыхчылар ушул бүгүнкү гезиттердеги материалдарга таянып тарых жаратпайт деп эч ким кепил боло албайт» [20].

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2010-жылдын 2-декабрындагы № 2-V токтомунун негизинде 2010-жылдын апрель-июнь айларындагы кайгылуу окуяларга алып келген жагдайлар менен шарттарды, изилдөө жана аларга саясий баа берүү боюнча убактылуу парламенттик комиссия түзүлгөн. Саясий баа дайыма тигил же бул кызыкчылыктар тобунун

көз караштарын билдирип, ал топтордун алдыга койгон максаттарын ишке ашырууга гана кызмат кылаары ачыктан-ачык белгилүү. Ошондуктан, бул комиссиянын отчётунун көлөмү чоң экенине, андагы тыянактар менен сунуштардын көп экендигине, курамы Жогорку Кеңештин бакыйган 25 депутатынан тургандыгына карабастан, тарыхчылар үчүн бул документ атаандаш булактардын бири катары гана калыс мамилени талап кылат.

Бийлигинен кулатылган К.Бакиев Кыргызстандан 2010-жылы 14-апрелде Казакстандын армиясынын АН-26 аскер учагы менен Жалал-Абад аэропортунан адегенде Казакстандын Тараз шаарына, анан Минск шаарына чыгарылып кеткен.

Экс-президент Р.Отунбаева 2013-жылы 5-апрелде Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде өткөн «Аксы окуясынын жана 2005- жана 2010-жылдардагы революциянын сабактары» аттуу илимий-практикалык конференцияда чыгып сүйлөп: «Мына бүгүн айтып атышат, "Ким Бакиевди чыгарып жиберсе, ошол жоопкерчиликти мойнуна алсын" деп. Мен чыгардым Бакиевди. Мен жоопкерчиликти алганга даярмын», - деп белгилеген.

Р.Отунбаеванын айтымында, 7-апрелден кийин К.Бакиев түштүктө болуп, күч топтой баштаган. Абал өтө оор эле, жарандык согуш башталып кетиши да ыктымал эле. «Мына ошондо, мага Нурсултан Абишевич телефон чалды. Ал киши айтты: "Мен азыр Вашингтондомун. Менин жанымда азыр президент Медведев, президент Обама турушат. Булар мына момундай сунуш жасап атат. "Бакиевди чыгарып жибериш керек. Чыгарып жиберип, мына силер болсо толук өлкөнүн баарын контролдоп, тынчтыкты орноткула, колуңардан келген ишти жасагыла". Мен ошону Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрүнө айттым. Көбү болбой коюшту, жок биз жоопкерчиликти албайбыз дешип. Ошондо мени көбү колдогон эмес, аны өз колума алууга туура келди. Эки державанын президенттери чыгарыш керек дешти жана биздин жардам керек болсо, жардам беребиз дешкен. Биздин баардык чечимдер туура болду деп ойлойм», - деген Р.Отунбаева.

2017-жылы 17-мартта Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаев Астанада маалымат жыйын өткөрүп, “Айкын” гезитинин башкы редактору Нуртөрө Жүсүптүн Кыргыз Республикасынын президенти Алмазбек Атамбаев тууралуу берген суроосуна да жооп берип жатып төмөнкүдөй, буга чейин коомчулукка белгилүү эмес, маалыматты айткан: “...Анан Кыргызстанда жарандык согушу болуп кетпесин деп мен Бакиевди алып чыгып кеттим. Анын тегерегинде калың топ тарапкерлери бар болчу. Бишкекке барып, баарын кыйратабыз деп олтурган кезде Отунбаева деген ошол кездеги мамлекеттин башчысы мага кол кат жазды. Ал кат бизде сакталуу. “Бакиевди алып кетиңиздер” деп суранганынан учактарды жиберип, аскерлерди жиберип, мен алып чыгып кеттим. Ошентип тынчтык орноткконбуз” [150].

К.Бакиев Президент болуп турганда үй-бүлөнүн бардык каржылык иштерин уулу Максим Бакиев тейлеп, ал өлкөдөгү ири бизнести толугу менен көзөмөлдөп, алымын алып турган.

2006-жылы июлда В.Белоконь деген банкир-ишкер менен ортоктош болуп Латвияда Maval Aktivi фирмасын ачышкан. “Манас банкынын” ээси да В.Белоконь болгон. Алар кыска убакыттын ичинде Орусия, Казакстан, Түштүк Америка, Украина, жада калса Африкадан да тоо-кен, банк, мунайзат, газ, кыймылсыз мүлк менен байланышкан көптөгөн орток долбоорлорду ачууга жетишишкен, “Who is Who in Latvia” басмасы менен “Kimmels Riga” пивзаводу да булардын менчиги болгон.

2006-жылы ноябрдагы оппозициянын чыгууларында М.Бакиевди Д.Үсөнов менен бирдикте “Бител”, Канттагы цемент-шифер заводун, Бишкектеги шампанвинкомбинатты, КООРТ сыналгы компаниясын мыйзамсыз менчиктештирип алды деп күнөөлөшкөн. Сатууга жарыя кылынган тендердин жыйынтыгында өлкөнүн көзгө көрүнгөн 13 чоң ишканасы - “Манас” аэропорту, “Кыргызтелеком”, “Түндүкэлектро”, “Кыргызгаз” жана башкалардын акцияларынын көзөмөлдөөчү пакеттери MGN Group холдингине өткөн, анын башкы директору - Максимдин өнөктөшү, АКШ жараны Евгений Гурьевич болгон (2010-жылы мартта Италия ага 2,7 млрд АКШ долларын жеген деп

издөө салган; Гуревич Кыргызстандан 7-апрелден кийин чыгып кеткен). Ал Мегакомдун директор орун басары, Азияуниверсал банктын акционери жана директорлор кеңешинин мүчөсү болгон, ал дагы көптөгөн ири ишканаларды көзөмөлгө алган. Кийин Бишкектеги Ленин райондук соту Е.Гурьевичти “Коррупция” беренеси боюнча 15 жылга сырттан кескен.

2009-жылы октябрда М.Бакиев Инвестиция жана инновацияны өнүктүрүү боюнча Борбордун (ЦАРИИ) директорлук кызматына дайындалып, иш жүзүндө мамлекеттик жогорку бийликтин мурасчысы катары кабылданган. Анын иш орду премьер-министрдин кабинетинин жанынан орун алып, өкмөттү Максим Бакиев бейрасмий көзөмөлдөп калган.

Кандуу шаршембиге эки күн калганда, 2010-жылы 5-апрелде М.Бакиев расмий мамлекеттик сапар менен Нью-Йоркто жүргөн. АКШдан Латвияга учуп, андан Лондонго келип, анан Улуу Британиядан саясий башпаанек сураган. 2012-жылы 12-октябрда аны Лондондо баалуу кагаздар менен алдамчылык кылган деген шек менен кармашкан, 25 мүнөттүк сот жыйынынан кийин М.Бакиев 250 миң фунт стерлинг күрөө менен үй түрмөгө чыккан, бирок далилдин жетишпегендигинен 2013-жылы 13-майда бошотулган. Ал азыр Лондондо жашайт дешет.

Бакиевдердин үй-бүлөлүк башкаруу системасында Президенттин уулу Максим Бакиев менен бир тууган иниси Жаныш Бакиевдин ортосундагы бийлик жана байлык үчүн болгон атаандаштык акыры каршылашууга өтүп, коомчулуктун көзүнө экөөнүн ортосунда жеп-ичүү жана мыйзам бузуулар боюнча элдешкис мелдеш жүрүп жаткандай көрүнгөн. Ж.Бакиев Президентти кайтарган Мамлекетти кайтаруу кызматынан баштап, өлкөдөгү бардык күч органдарына жеке көзөмөлүн жана башкаруусун орнотууга жетишкен. 7-апрелдеги кандуу ыңкылаптан кийинки мезгилдерде да ИИМдин жана башка күч органдарынын кызматкерлери, өзгөчө өлкөнүн түштүгүндө, Убактылуу өкмөттүн Декреттерин аткарышпай, дагы деле мурунку режимге берилгендиктерин көрсөтүүдө дешип коомчулук өкүлдөрү да, Убактылуу өкмөт мүчөлөрү да бир нече жолу билдиришкен.

2010-жылы 7-апрелдеги окуялардан кийин Ж.Бакиевге карата 2005-жылы 24-мартта Улуттук банктын Жалал-Абад облустук башкармалыгынан 22 млн сомду тоноону жана уурдоону уюштурган, мыйзамсыз куралдуу топторду түзгөн, массалык тополоңду уюштурган жана кызматтык бийликти өзүм билемдик менен ыйгарып алган деген күнөө коюлган. Тергөө иштери толугу менен бүткөндөн кийин башкы прокуратура бул кылмыш ишин мыйзамдуу чечим кабыл алуу үчүн 2010-жылы октябрда сотко өткөрүп берген. Үч жылдан ашык убакытка созулган соттук кароолордун жыйынтыгында көрсөтүлгөн айыптоолордун бардыгы боюнча Ж.Бакиев күнөөлүү деп табылып, Сузак райондук сотунун 2013-жылы 18-ноябрдагы өкүмү менен ага 18 жылга эркинен ажыратуу жазасы белгиленген. Бишкек гарнизонунун Аскер сотунун мурда чыгарган өкүмүн эске алуу менен, өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча, Ж.Бакиевди өмүр бою эркинен ажыратууга биротоло соттолгон.

К.Бакиев менен А.Акаев, айрым замандаштарынын оюнча, бири биринен анча деле айырмаланбаган, мамлекеттик эң жогорку бийликти ишке ашырууга зарыл болгон авторитеттери жетишсиз, мамлекеттик бийликтин каржы, кадр, күч органдары жана башка ушу сыяктуу орчундуу бийлик рычагдарын өздөрүнүн үй-бүлө мүчөлөрүнө тарттырып ийишкен, эрксиз жана коркок жетекчилерден болушкан.

Анализ көрсөткөндөй, 2005-жылкы 24-март менен 2010-жылкы 7-апрель окуяларына алып келген негизги себептер өздөрүнүн формасы жагынан айырмаланганы менен ички маңызы боюнча бирдей эле болгон. 2005-жылкы 24-март окуялары учурундагы оппозициянын лидерлери тарабынан берилген убадалар менен программалар аткарылбай калгандан улам, кийинки беш жылдын ичинде элдин үмүтү менен тилеги акталбай, бийликке каршы элдин маанайы мурункудан да начарлап кеткендигинен улам кыргыз коому 7-апрель алааматына дуушар болгон.

Мамлекетти башкаруунун үй-бүлөлүк жана кландык схемасын түзүүнүн башкы максаты - жемкорлук болгон.

Эки революцияга тең алып келген өбөлгөлөрдүн негизгиси А.Акаев түзгөн үй-бүлөлүк жана кландык башкаруу тутуму экендиги тууралуу талаш деле жок. Мына ушул негизги өбөлгөнүн жаратылышын изилдөө бүгүнкү күндө актуалдуу илимий маселелерден болууда. Албетте, адатка ылайык, изилдөөлөр ушул маселе боюнча буга чейин иштелип чыккан концепциялар менен теорияларга, таанымал окумуштуулар сунуштаган аныктамалар менен ыкмаларга таянуудан башталат. Клан маселесин караганда америкалык индеецтердин арасында чоңойгон, кийин улуу этнограф болгон Л.Моргандын “Байыркы коом”, Ф.Энгельстин “Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы” эмгектеринен баштап, азыркы чех окумуштуулары С.Горактын “Ортоазиялык элиталардын иденттүүлүгүн транцформациялоо: Салт жана заманбап” жана П.Кокайсл менен А.Усмановдун “Кыргызстандын тарыхы өзүлөрү көргөндөрдүн көздөрү менен” сыяктуу илимий эмгектерди пайдалануу сөзсүз керек. Ал китептерде кландык башкаруу тутумунун пайда болушу жана өнүгүшүнүн, коом үчүн анын аянычтуу кесепеттеринин объективдүү мыйзам ченемдери аныкталган. Ошол эле учурда бул маселеге келгенде ар өлкөнүн, ар бир элдин өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөрү боло тургандыгын, ушуну эске алганда гана изилдөөлөр чыныгы маңызды айкын ачып берээрин белгилеп кетмекчибиз.

Клан – тар маанисинде “үй-бүлө”, ал эми кең маанисинде “балдары, тукуму, бир туугандары” деген эле маанини берет. Кээ бир изилдөөчүлөр кыргыздардын салттык коомун модерндештирүүдө, б.а. заманбапка ылайык кайра курууда элдин уруу-уруктарга, түндүк-түштүккө бөлүнүшүнүн таасири астында патрон-клиент схемасына негизденген үй-бүлөлүк жана кландык башкарууну орнотууга мажбур болгон дешип Акаевдин мыйзамды көзүнө илбеген кылмыштуу кылыктарын актаганга, чындыкка дал келбеген, ойдон чыгарылган - “мезгилдин талабы”, учурдун зарылчылыгы” болгон, “Акаев жакшы эле болчу, алгачкы беш жылы жакшы эле иштеген, аны тегерегиндегилер бузду, мезгил күнөөлүү...” деген сыяктуу көз караштар да ар кандай жыйындарда, басма сөз беттеринде айтыла калып жүрөт...

Ооба, А.Акаевдин 1990-1991-жылдарда улуттун кызыкчылыгын ыйык тутуп, мамлекеттүүлүктү чыңдап, элдин эртеңи үчүн ак пейилден иштеп, тарыхта реформатор катары калып, “алгачкы президент” деген макамга ээ боло турган толук шансы болгон, ошол жылдары элдин ага карата колдоосу, ишеними жана үмүтү абдан жогору эле. Бирок, ал саясатта авторитардык режимди орнотуп, ал эми экономикада мамлекеттик менчикти жеке менчикке айландыруу процессинде туйтунуп, ичип-жеп, коррупциялык максаттарына жетүү үчүн үй-бүлөлүк жана кландык башкаруу системасын тездик менен орноткон. Ушундан улам саясий жана системалуу коррупцияны орнотуу акаевдик үй-бүлөлүк жана кландык башкаруу схемасын түзүүнүн негизги максаты болгон десек туура болот.

Мамлекеттик бийликтин бардык бутактарын де-юре да, де-факто да өзүнө баш ийдирүү үчүн, авторитардык саясий режимдин пайдубалын орнотуу үчүн президент А.Акаевге бир жылга жетпеген убакыт, тактап айтканда 1990-жылдын 27-октябрынан 1991-жылдын 12-октябрына чейин, жетиштүү болгон.

Ааламдашуу жараяны дүйнө элдерин улам көбүрөөк өзүнө тартып турган XXI кылымдын заманбап технологиялар заманында тарыхтын орто кылымдар дооруна мүнөздүү болгон “хандык” башкарууну орноткон президент А.Акаевдин үй-бүлөлүк саясий бийлигине каршы 2005-жылы 24-марттагы элдик ыңкылаптын толкунунда бийликке келген К.Бакиев, калктын талабына ылайык коррупцияны ооздуктоонун ордуна, акаевдик даяр патрон-клиент схемасын толугу менен пайдаланып жана өз балдары жана бир туугандары менен аны андан ары күчтөнкөндөн улам 2010-жылы 7-апрелде кезектеги элдик революция болуп өткөн. Эки революцияны тең Акаевдер түзгөн, Бакиевдер уланткан үй-бүлөлүк жана кландык кылмыштуу башкарууга каршы элдик нааразычылыктардын мааниси жагынан бир, ал эми формасы жагынан эки башка көрүнүшү катары кароо методологиялык туура ыкма. Бул революцияларды кыргызстандыктардын 1990-1991-жылдары башталган жемкорлукка каршы, адилеттүү башкаруу үчүн болгон талбаган күрөшүнүн эки баскычы катары кароо туура болот.

1990-жылдарда А.Акаевде, 2005-жылы март окуяларынан кийин К.Бакиевде, 2010-жылы 7-апрелдеги кандуу окуялардан кийин Р.Отунбаева менен А.Атамбаевде өз элинин ой-тилеги менен бирге болуп, алардын ишенимин актап, өлкөсүн алга карай жетектеп, Кыргызстандын эле эмес, дүйнөлүк тарыхта көсөм жетекчи, улуу реформатор, даанышман улуттук лидер катары кала турган мүмкүнчүлүктөрү толугу менен болгондугуна карабастан, жалпы элдин аларга карата үмүтү менен колдоосу өз учурунда ченемсиз өлчөмдө болгондугуна карабастан, алардын алгачкы экөөсү тагдырдын чанда берилүүчү мындай ооматы менен мүмкүнчүлүктөрүн эли менен жеринин кызыкчылыктары үчүн чын дилден жана ак пейилден пайдалана алышкан эмес. Биринчи экөө өздөрүнүн кара ниеттигинин жана ач көздүгүнүн айынан өз эли- жеринен безип, качкын президенттер катары тарыхта калышкан. Ал эми Р.Отунбаеванын бир жарым жылга созулган президенттик миссиясы мааниси жана милдеттери жагынан башкача болуп, ачык атаандаштыкта өткөн 2011-жылы 30- октябрдагы шайлоо аркылуу ал президенттик бийликти эгемендиктин тарыхында биринчи жолу колдон-колго тынч өткөрүп бергенге жетишкен.

2010-жылы 7-апрелдеги кандуу саясий ыңкылаптан бери тогуз жыл убакыт өттү. Мына ушул өткөн тогуз жыл убакыт ичинде ыңкылапка чыккан элдин авторитаризм менен коррупцияга каршы ой-тилектерин азын-оолак болсо да ишке ашырганга, мамлекетти башкаруунун демократиялык жолун тандап алганга кыргыз мамлекетинин башчыларында буга жетишээрлик эң жогорку мамлекеттик кызматтары менен бийлик-укуктары жана коомчулуктун күчтүү колдоосу болгон. Алардын авторитардык башкарууга каршы, коррупциялык схемаларга каршы, укук коргоо жана сот бийлигинин адилетсиздиктерине каршы чын ниеттен, толук кандуу жана чечкиндүү күрөшү мына ушул тогуз жыл ичинде чыдамкайлык жана өжөрлүк менен, бийликтен четтетилип кылмыш иши ачылган, же дагы деле кызматта отурушкан коррупционерлердин жана алардын колдоочуларынын акылга сыйбагандай уюштурган каршылыктарына турuштук берүү менен

улануууда.

Мыйзамдуулук гана, атка минерлердин мыйзам алдындагы толук жоопкерчилиги гана, бийликтин толук ачыктыгы менен адилеттүүлүгү гана элдин мамлекеттик бийликке карата ишенимин кайтарып, көп улуттуу өлкөнүн ынтымагы менен биримдигин кепилдей алат. Ааламдашуунун оп тартма айлампасында руху күчтүү, маданияты бийик, биримдүү, жаратман улуттар гана өзү тандаган багыттан чыкпай, дүйнөлүк коомчулук менен тыкыз алакада болуп, бакубат турмушта жашап, кылымдардан бери аздектеген ата мурасын келечек муунга өткөрүп бере алат.

Эки жолку элдик көтөрүлүштөн кийин мамлекеттик бийликтин бутактары чынында эле элдин каарынан коркуп, коомдук маанай менен эсептешип туруусу зарыл. Коомдук аң-сезим да кескин өзгөрүп, эркин жана глобалдуу ой жүгүрткөн, өз укуктарын коргой билген, алдына бийик максаттарды койгон, иштин көзүн билген, иштерман жана сабаттуу, коррупцияга булганбаган жаштардын мууну пайда болууда. Алардын улуттун тарыхына, тилине, салтына болгон кызыгуулары артып, аларды изилдөөгө жана жазууга болгон талаптар көбөйүүдө. Тарыхты жазууда азыр мурдагыдай коммунисттик идеологиянын кадам сайын койгон тосмолору жок. Кыргыз тарыхын изилдөө үчүн керек болгон булактардын географиясы да бүгүнкү күндө эбегейсиз кеңейген.

2010-жылы 7-апрелдеги кандуу окуялар менен коштолгон элдик ыңкылаптан кийин кыргыз коомунун саясий системасы өзгөргөн. Эгемендүүлүктүн тарыхында биринчи жолу саясий системанын өзгөрүшү логикалык ирээттүүлүк менен жүргүзүлгөн. Алгач 2010-ж. 27-июнда жаңы Конституция кабыл алынган, андан соң, анын жоболоруна ылайык 2010-ж. 10-октябрда көп партиялуулук шартында парламенттик жана 2011-ж. 30-октябрда президенттик шайлоолор, 2015-жылдын 04-октябрында – кезектеги Жогорку Кеңешке шайлоо өткөрүлдү. Мына ушул маанилүү саясий иш чараларды мамлекетти башкаруунун парламенттик түрүнө өтүүдөгү алгачкы кадамдар катары кароого болот.

Жаңы Конституциянын башкы жетишкендиги - “үй-бүлөлүк” авторитардык бийлик режиминин укуктук негиздерин биротоло, экинчи баш көтөргүс кылып жойгондугунда. Бул Конституция мамлекеттик бийликтин бир кишинин колуна, айталык президенттин, премьер-министрдин, спикердин, же алардын үй-бүлөөлөрүнүн тегерегине топтолуусуна эми таптакыр жол бербейт. Эки жолку элдик ыңкылапка алып келген негизги себептер жоюлган. Эми саясий көйгөйлөр, алар канчалык татаал жана курч болбосун, көчөлөрдө эмес, тынчтык жолу менен, парламенттин ичинде, добуш берүү жолу менен чечиле тургандай укуктук талаа түзүлгөн.

Демократияга карай татаал жолдун Кыргызстан ашкан үч ашуусунан кийин коомдук аң-сезим да кескин өзгөрүп, эркин жана дүйнөлүк деңгээлде ой жүгүрткөн, өз укуктарын коргой билген, алдына бийик максаттарды койгон, иштин көзүн билген, иштерман жана сабаттуу, коррупцияга булганбаган жаштардын мууну калыптанууда. Алардын улуттун тарыхына, тилине, салтына болгон кызыгуулары артып, атажурт тарыхын изилдөөгө жана үйрөнүүгө ынтызардыгы өсүүдө. Тарыхты жазууда азыр мурдагыдай коммунисттик идеологиянын кадам сайын койгон идеологиялык тосмолору жок. Кыргыз тарыхын калыс изилдөө үчүн керек болгон булактардын жана даректердин географиясы да бүгүнкү күндө эбегейсиз кеңейген жана кеңейе бермекчи.

Кыргыз коомунун саясий системасын демократиялаштырууга жана өлкөнүн экономикасын базар мамилелерине негизделген менчиктин көп түрдүүлүгүнө өткөрүүгө байланышкан процесстердин терең өзгөрүүлөр жана трагедиялуу кагылышуулар менен коштолушу Кыргызстандын соңку жаңы тарыхына мүнөздүү өзгөчөлүктөрдөн болуп эсептелет.

### 3.2. Кыргызстандын мамлекеттик башкаруунун парламенттик республика формасына карай багыт алышы - авторитардык режимди алсыратуу жана демократиялык институттар менен механизмдерди бекемдөө катары.

2010-жылы 27-июндагы референдум (жалпы элдик добуш берүү). Кыргыз

Республикасынын Убактылуу Өкмөтү өлкөдөгү өтө курч кырдаалга карабастан 2010- жылы 27-июнда Конституциялык референдумдун процедураларын тынч өткөрүү үчүн керектүү шарттарды түзүүгө жетишкен. Бул тарыхый жана чечкиндүүлүк демилгеси болгон. Ушундай оор кырдаалда Убактылуу Өкмөт өзүнүн легитимдүүлүгүн (эл колдойбу же колдобойбу деген маселени) ачык-айкын чечип алышы керек эле.

Конституциялык референдум, 10-14- июндагы Ош жана Жалал-Абаттагы этностук конфликттердин изи сууй электе өткөн. Натыйжада, референдумдун даярдыктарына бул конфликт көптөгөн кыйынчылыктарды түзгөн. Оор кырдаалга карабастан, конфликттүү зоналарда бардык шайлоо участкалары керектүү санда шайлоо материалдары менен камсызданган жана шайлоо күнүнө карата ачканга бардыгы үлгүрүшкөн. Айрым ачык кемчиликтер болгону менен, шайлоочулардын 72%ы келгенине караганда, кыргызстандыктардын мамлекеттин келечегин түзүүгө болгон тайманбастыгын жана каалоосун билдирген.

Өлкөдөгү өзгөчө курч кырдаалды жана убакыттын кыскалыгын эске алганда, Борбордук Шайлоо Комиссиясы (БШК) ачык, коллегиалдуу жана өз убагында
процессти уюштурууну ишке ашыра алган. Бирок, референдумду өткөрүү күнүнө чейин БШКга берилген арыздарга, аз санда болсо дагы, даттануучулар натыйжалуу жана өз убагында жооп ала алышкан эмес.

Добуш берүүчү бюллетенге бардыгы үч суроо коюлган: 1 - Кыргыз Республикасынын Конституциясын долбоору; 2 - “Кыргыз Республикасынын Конституциясын колдонууга киргизүү жөнүндө” Мыйзамын өткөрүү боюнча долбоор; 3 - Р.Отунбаеваны 2011-жылдын 31-декабрына чейин Кыргыз Республикасынын өткөөл мезгилдеги Президенти катарында бекитүү.

Негизинен, оор абалга карабастан, саясий партиялардын Конституциянын долбооруна “макул” же “каршы” деп эркин үгүттөөгө толук мүмкүнчүлүктөрү болгон. Бирок, жалпы коркунучтуу абал жана түштүктөгү коопсуздук абалы референдум алдындагы акыркы эки жуманын ичинде

активдүү агитациялоого тоскоол болгон. Конфликт кээ бир саясий партияларды жана жарандык коомдун активисттерин референдумду кийинкиге калтырууну же анда коюлган кээ бир маселелерди башкача жол менен чечүүнү сунуштоого мажбур кылган.

“Макул” позициясын колдоо менен Убактылуу Өкмөттүн негизин түзүп турган үч партия чыккан: Кыргызстан Социал-демократиялык партиясы (КСДП) - А.Атамбаевдин жетекчилигинде, «Ата Мекен» - Ө.Текебаевдин жетекчилигинде жана «Ак Шумкар» - Т.Сариевдин жетекчилигинде. Убактылуу Өкмөттү колдошкон башка партиялар да, «Ар Намыс», «Эркиндик», жана Кыргызстандын жашылдар партиясы референдумда «макул» деп добуш берүүгө шайлоочуларды үгүттөшкөн.

Референдум маселеси боюнча үгүт өнөктөшүнүн жүрүшүндө “каршы” көз карашы, жогоруда белгиленгендей, эч бир ачык билдирилген эмес. Бирок, бир нече партиялар, алардын ичинде «Бүтүн Кыргызстан», «Ата Журт» жана «Эл Арманы» референдумга каршы чыгып жана аны токтотууга чакырышкан. Алар Конституциянын долбоорундагы президенттин ыйгарым укуктарын кыскартууга каршы чыгып жана үч суроонун референдумда бир маселе болуп коюлушуна каршы болушуп, өздөрүнүнсын пикирлерин айтышкан.

Түштүктөгү этностук кандуу конфликттен кийин, кээ бир партиялар, башында референдумду макул тапкандар, өз көз карашын өзгөртүп, референдумду кийинки мөөнөткө калтырууга, же болбосо, Убактылуу Өкмөттүн мыйзамдуулугун башка ыкмалар менен камсыз кылууга чакырган. Булар, Кыргызстандын коммунисттер партиясы (ККП), «Акыйкат» жана «Замандаш» партиялары жана башка бир катар бейөкмөт уюмдар болгон.

Туруктуу жашаган жеринен тышкары шайлоо участкасында добуш берүүгө макулдук берүү үчүн Убактылуу Өкмөт декреттерди чыгарган. Ага кошумча, Ош жана Жалал-Абад облустарынын шайлоочулары күбөлөндүрүүчү документтери жок болсо дагы, эгер участкалык комиссиянын үч мүчөсү аны тааныса, анда ал добуш берүүгө укуктуу болгон жобо киргизилген. Бирок, булөзгөртүүлөр шайлоону жалпыга тоскоолдуксуз камсыз кылууга

багытталганы менен, биздин шайлоо практикабызда кеңири орун алган кайталап добуш берүүгө жол ачылып, мындай терс көрүнүшкө каршы шайлоочунун бармагын сыя менен белгилөө жалгыз гана кепилдик болгон.

Жалпы Республика боюнча БШК, 7 облустук, Бишкек жана Ош шаардык шайлоо комиссиялары, 56 территориялык (райондук жана шаардык) комиссиялары жана 2 миң 319 участкалык комиссиялар түзүлгөн. Мамлекеттен тышкары 22 чет өлкөдө 38 участкалык шайлоо комиссиялары уюштурулган.

2010-жылы 1-июлда билдирилген БШКнын референдумду өткөрүү боюнча акыркы жыйынтыктарына ылайык бардык шайлоочулардан референдумга коюлган үч суроого бирдей «Ооба» деп катышкандардын 90,5%ы добуш берген, добуш берүүгө катышкандардын жалпы саны тизмеге киргендердин 72,2%ын түзгөн. Расмий жыйынтыктары 2010-жылы 2-июлда өкмөттүк «Эркин Тоо» газетасында жарыяланган. Р.Отунбаева 2010-жылы 3-июлда Кыргыз Республикасынын өткөөл мезгилдеги Президенттик кызматына киришүү антын берген.

Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясынын кабыл алынышы - коомдун саясий системасынын өзгөрүшү. Эми биз 2010-жылдын 27-июнундагы референдум (жалпы элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын буга чейин иштеп келген 2007-жылдын 21- октябрында референдум аркылуу кабыл алынган Конституцияга салыштыргандагы демократиялык маанайдагы айрым бир айырмачылыктарына кыскача токтоло кетелик. Жаңы Конституция өзүнүн мазмуну жана маңызы боюнча мурункудан кескин түрдө айырмаланган, ал коомчулук тарабынан чыныгы демократиялык Конституция катары бааланган.

Эгер мурунку Конституциянын жалпы көлөмү 98 беренеден турса, эми жаңысы- 114 беренеден турган. Беренелердин санынын көбөйүшү негизинен «Адам укуктары жана эркиндиктери» менен «Жарандык. Жарандын укуктары жана милдеттери» бөлүмдөрүнүнэсебинен болгон: эми бул маанилүү маселеге 44 берене арналып, мурункуга караганда 15 беренеге көп болгон. Жаңы Конституцияда адам укуктары менен эркиндиктери ачык жана так берилип,

чечмеленип, жарандар үчүн терең түшүнүүгө ыңгайлуу болуп калган.

Балким, бир караганда, майда, анча деле арзыбаган нерсе сыяктуу көрүнөөр - биринчи бетинен баштап эле жаңы Конституцияда Жогорку Кеңеш адегенде жазылып, анан Президент менен Өкмөт аталат. Мурда тескерисинче болгон: биринчи Президент жазылып, анан калган бийлик бутактары аталчу. Бу да болсо жаңы Конституцияда бийликтин кайсы бутагына артыкчылык берилип жаткандыгы жөнүндө кабар берет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин бийлик-укуктарын аныктоого жаңы Конституциянын 60-69- беренелери арналган. Анда «Президент мамлекет башчысы болуп саналат. Президент элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин көрсөтүптурат. Президент Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан 6 жылга шайланат. Бир эле адам эки жолу Президент болуп шайлана албайт» депкөрсөтүлгөн. Мурда Президент 5 жылга шайланып, эки мөөнөттүк укугу болгон. Президент болуп 35 жаштан жаш эмес жана 70 жаштан улуу эмес жарандар шайлана алат деп, эми жогорку чеги 5 жашка узартылган.

Президенттин бийлик-укуктары кескин түрдө кыскартылган. Мурунку Конституциядагы Президенттин көп ыйгарым укуктары эми Жогорку Кеңеш менен Өкмөткө тең салмакта бөлүнүп берилген. 2003-жылкы Конституциянын 46-беренесине ылайык Президенттин эбегейсиз көп бийлиги болгон. Үй-бүлөөлүк башкаруу да, авторитардык режим да мына ушул березенин аркасы менен жашап турган. Премьер- министр баш болгон Өкмөттүн мүчөлөрүн дайындоо жана кайра аларды кызматтан алуу жалаң гана президенттин эч ким менен макулдашпай туруп ишке ашыра турган укугу болчу. Премьер-министр менен кеңешкенден кийин облустардын губернаторлору менен райондордун акимдерин дайындоо жана кызматтан алуу укуктары да президентке берилген. Сот бийлигинин судьяларын дайындоо жана кызматтан алуу боюнча да президенттин таасир этүү механизмдери күчтүү болгон. Бул беренеде көрсөтүлгөн мурунку президенттин бийлик-укуктарын тизмелеп берүүнүн өзү эле бир нече баракты талап кылаар эле.

Жаңы Конституцияда - Президент: 1) ушул Конституцияда каралган

учурларда Жогорку Кеңешке шайлоолорду дайындайт; ушул Конституцияда каралган тартипте жана учурларда Жогорку Кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоолорду дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат; 2) жергиликтүү кеңештерге шайлоолорду даиыңдаит; мыйзамда каралган учурларда жана тартипте жергиликтүү кеңештерди таркатууну жүзөгө ашырат - деп көрсөтүлгөн. Бул азыркы президенттин бийлик-укуктарынын эң негизги болуп эсептелет.

Мындан тышкары президент “Өкмөт мүчөлөрүн - коргоо, улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилерин, ошондой эле алардын орун басарларын - дайындайт жана кызматтан бошотот. Жогорку Кеңештин макулдугу менен башкы прокурорду дайындайт. Улуттук банктын төрагасынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерди Жогорку Кеңешке киргизет. Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөлөрүнүн үчтөн бирин шайлоо жана кызматтан бошотуу үчүн талапкерлерди Жогорку Кеңешке киргизет. Эсептөө палатасынын мүчөлөрүнүн үчтөн бирин кызмат ордуна шайлоо жана кызматтан бошотуу үчүн талапкерлерди Жогорку Кеңешке киргизет. Дүйнөдөгү парламенттик республикалардагы президенттердин ыйгарым укуктарында мындай мүмкүнчүлүктөр бар.

Калган учурларда жаңы Конституцияга ылайык президент бийликтин үч бутагынын ортосундагы арбитр, калыс катары ролду ойноп, элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин көрсөтүп турат. Эми бир адамдын колуна эбегейсиз көп мамлекеттик бийлик-укуктардын топтолушу мүмкүн болбой калган, үй-бүлөөлүк бийликти жаратуучу укуктук негиз биротоло жоюлган. Эми Президент элдик наарaзычылыктын, митингге чыккандардын, оппозициялык күчтөрдүн бутасы болбойт эле. Президент канчалык каалап турса дагы бийликтин башка бутактарына өз ойун, жекече чечимдерин, жеке кызыкчылыгын эч таңуулай албай турган укуктук абалга келген.

Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу бийлиги болгон Жогорку Кеңештин бийлик-укуктарын аныктоого жаңы Конституциянын 70-82-беренелери арналган. Жогорку Кеңеш Кыргыз Республикасынын парламенти

мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу өкүлчүлүктүү жогорку орган болуп саналат. Жогорку Кеңеш партиялык тизме менен 5 жылдык мөөнөткө шайлануучу 120 депутаттан турат. Шайлоонун жыйынтыктары боюнча саясий партияга парламентте 65тен көп эмес депутаттык мандат берилиши мүмкүн. Мындай чектөө мурунку баш мыйзамда көрсөтүлгөн эмес. Эми “Алга Кыргызстан” же “Ак-Жол” сыяктуу бийлик партиялары түзүлүп калса, анда алар мурдагыдай парламентте толук үстөмдүк кыла албайт. Бул жобо парламенттин курамында сөзсүз түрдө эки же андан көп саясий партиялардын болушун шарттайт, жөндөйт жана кепилдейт.

Жаңы Конституцияда Жогорку Кеңештин депутаттары фракцияларга биригишет (70-берене) деп так көрсөтүлгөн. Парламенттик республика башкаруу салты жакшы өнүккөн Евросоюздун көптөгөн өлкөлөрүндөгү парламенттер, Евро-парламенттин өзү дагы, эбак эле фракциялык негизде иштешип, баалуу тажрыйба топтошсо да, биздин жаш мамлекет үчүн бул жаңылык эле. Адатка ылайык, парламенттик фракциялар шайлоодон жеңип чыккан партиялардын негизинде түзүлүшөт. Азыркы Кыргыз парламентинде 5 партиялык фракция бар: КСДП, Ата-Журт, Республика, Ар-Намыс жана Ата-Мекен.

Бул жаңы баш мыйзамда парламенттик көпчүлүк деген аныктама бар. “Жогорку Кеңеште фракциялардын коалициясын түзгөндүгү жөнүндө расмий жарыялаган, депутаттык мандаттардын жарымынан көбүнө ээ болгон фракция, же фракциялардын коалициясы парламенттик көпчүлүк болуп саналат” (70-берене, 3- пункт). Шайлоонун жыйынтыгы боюнча 61 депутаттык мандаттан кем эмес орунга ээ болгон партия парламенттик көпчүлүк статусуна ээ болот. Эгер бир дагы партия мынча орунга ээ боло албаса, анда эки же андан көппартиялар же фракциялар биригишип парламенттик көпчүлүк коалициясын түзүшөт.

“Парламенттик көпчүлүктүн курамына кирбеген жана ага карата өзүн оппозиция катары жарыялаган фракция, же фракциялар парламенттик

оппозиция болуп саналат" (70-берене, пункт,3). Парламенттик оппозиция жөнүндөгү мына ушундай так аныктаманын жаңы Конституцияга киргизилиши ата мекендик конституциялык укуктагы алгачкы саамалык болуп эсептелет. 76-берененин 1-пунктуна ылайык "парламенттик оппозициянын өкүлдөрү бюджет жана укук тартиби маселелери боюнча комитеттердин төрагалары болуп саналат". Бул өтө маанилүү эки комитеттин оппозициялык партиялык фракцияларга берилиши өлкөдөгү оппозициялык күчтөрдүн өнүгүшүнө укуктук негиз болуп кызмат кылат.

Мындан тышкары, оппозициялык фракциянын беделин дагы көтөрө турган бул жаңы Конституцияда 74-берененин 4-пункту бар. Анда Жогорку Кеңеш "Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын мүчөлөрүнүнкурамынын үчтөн бирин - парламенттик оппозициянын сунуштамасы боюнча шайлайт; мыйзамда каралган учурларда аларды кызматтарынан бошотот" деп даана көрсөтүлгөн. Ушул эле берененин 5-пункту да оппозициянын пайдасы үчүн чечилген: "Эсептөө палатасынын мүчөлөрүнүн курамынын үчтөн бирин - парламенттик оппозициянын сунуштамасы боюнча шайлайт; мыйзамда каралган учурларда аларды кызматтарынан бошотот". Жогорку Кеңештин төрагасынын орун басарлары парламенттик оппозициянын курамына кирген депутаттардын ичинен алардын шайланышын камсыз кылган санда жана тартипте шайланат, башкача айтканда, төраганын орун басарларынын бири парламенттик оппозициянын өкүлү болууга тийиш. Мына ушундай, мыйзам чегиндеги, оппозиция гана өлкөдөгү адилеттүү бийликтин орношуна жана стабилдүүлүктүн болушуна негизги шарт жана зарыл фактор экендигин өзүбүздүн трагедиялуу тажрыйбабыздан көрүп, бир нече жолу баштан кечирдик го.

Бул Конституциянын дагы бир чоң жаңылыгы болуп 73-берененин 1-пунктунда көрсөтүлгөн: "Жогорку Кеңештин депутаты императивдик мандатка байланышпайт. Депутатты кайра чакырып алууга жол берилбейт... 2. Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары тийиштүү чакырылыштагы Жогорку Кеңештин ишинин токтотулушу менен бир учурда токтотулат".

Партиялык тизме менен шайланышканына карабастан, депутаттар, мына ушул беренедеги ыйгарым укуктун негизинде өзүнүнпартиясынан көз каранды эмес болушат. Башкача айтканда, депутат Жогорку Кеңеште каралып жаткан тигил же бул маселе боюнча өзү мүчө болгон партиянын жалпы көз карашына шайкеш келбеген же ага каршы келген ой-пикирди айтып, билдирүүгө, өз эрки менен “макул” же “каршы” деп добуш берүүгө укуктуу. Тигиндей же мындай добуш бер деп депутатты партия дагы, фракция дагы, шайлоочулар дагы мажбурлай албайт. Депутат өз ишмердигинде жалаң гана өзүнүнар- намысы менен абийиринин алдында милдеттүү. Бул жобо парламентте кабыл алынуучу маанилүү документтердин объективдүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн камсыз кылуу максатын көздөйт. Жогорку Кеңештин депутаты императивдик мандатка байланышпайт дегени, ал депутат кимдин гана болбосун - шайлоочуларбы, партиябы же фракциябы - наказын аткарууга милдеттүү эмес, ал өз ишмердигинде эркин дегенди түшүндүрөт.

Жогорку Кеңеш менен Өкмөттүн, мыйзам чыгаруу бийлиги менен аткаруу бийлигинин ортосундагы өз ара укуктук мамилелер жаңы Конституцияда буга чейин болуп көрбөгөн тартипте, парламенттик республика башкаруу формасына шайкеш келген тартипте, аныкталган. Мурунку, 2007-жылы 21-октябрда кабыл алынган, “бакиевдик” Конституцияда “Президент премьер-министрди жана Өкмөт мүчөлөрүн дайындайт” (46-берене, 1.1-пункту) жана “өзүнүн демилгеси менен же премьер- министрдин сунушу боюнча Өкмөт мүчөсүн бошотот” (46-берене, 1.3-пункту) деп көрсөтүлгөн. Көрүнүп тургандай, президентке абдан чоң ыйгарым укуктар берилген: ал эч ким менен макулдашпастан эле, өзү каалаганын премьер-министр, каалаганын министрлик кызматтарга дайындайт, жакпаса бошотот. Ошол эле учурда президент Өкмөт башчысы эмес, анда жоопкерчилик жок, Өкмөт жаман иштесе, премьер-министр күнөөлүү. Эгемендүүлүктүн 22 жылы ичинде 24 премьер-министр алмашкан. Алардын бири да жоопкерчиликке тартылган эмес. Мына ушуну авторитардык бийлик деп атаса болот. Акаев менен Бакиев мына ушундай Конституцияны жаратышкан, коргошкон жана аны өзгөрткүлөрү келген эмес.

Жаңы Конституцияга ылайык, Жогорку Кеңеш “Өкмөттүн ишинин программасын бекитет, Өкмөт мүчөлөрүн - коргоо жана улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилерин кошпогондо - Өкмөттүн түзүмүн жана курамын аныктайт” (74-берене, 3.1-пункту). Айта кетчү нерсе, Өкмөттүн түзүмү кандай болоорун (канча жана кандай министрликтерден жана комитеттерден тураарын) жана анын курамына кимдер кирээрин (министрлер менен комитет төрагаларынын аты-жөнүн) Жогорку Кеңеш өз демилгеси менен, өзү каалагандай аныктаганга укугу жок. Жогорку Кеңештеги депутаттык мандаттардын теңинен көбүнө ээ болгон фракция же парламенттик көпчүлүктүн коалициясы премьер-министрдин кызматына талапкерди көрсөтөт. Андан кийин “Премьер - министрдин кызмат ордуна талапкер өкмөттүн программасын, түзүмүн жана курамын Жогорку Кеңешке киргизет” (84-берене, 1-пункт).

Бул жерде белгилеп кетүүчү, маани берүүчү демократиялык механизм бар. Алсак, Жогорку Кеңештеги депутаттардын 61ден кем эмес мандаты бар фракциясы, же парламенттик көпчүлүктүн коалициясы, премьер-министрдин кызматына талапкерди көрсөтөт. Анан бул талапкер өз демилгеси менен, жоопкерчиликти жана тобокелчиликти толук мойнуна алуу менен өкмөттүн түзүмү менен курамы жөнүндөгү долбоорду иштеп чыгып, Жогорку Кеңештин жактыруусуна коёт. Депутаттардын 61ден кем эмес мандаты бар фракциясы, же парламенттик көпчүлүктүн коалициясы, премьер-министрдин кызматына талапкерди көрсөткөндүгү үчүн анын ишмердигинин жоопкерчилигин өз мойнуна алат, ошондуктан, логика боюнча, премьер-министрди кызматтан кетирүү демилгеси да ушул депутаттардын 61ден кем эмес мандаты бар фракциясына, же парламенттик көпчүлүктүн коалициясына таандык. 2012-жылы 27- августта премьер-министр Ө.Бабановду кызматтан кетирүү Конституциянын мына ушул жобосунун негизинде жүргүзүлгөн. Өз демилгеси менен түзүмү жана курамын сунуштаган Өкмөттүн иши үчүн премьер-министр жооп берет.

Ал эми Жогорку Кеңеш “Өкмөт тарабынан киргизилген Кыргыз

Республикасынын өнүгүүсүнүн жалпы мамлекеттик программаларын бекиткени” (84 - берене, 2-пункт) үчүн, өз кезегинде, өкмөт тарабынан бул программалардын аткарылышын толук көзөмөлдөйт жана жоопкерчиликти алат. “Өкмөт өзүнүн ишинде ушул Конституцияда каралган чектерде Жогорку Кеңешке отчёт берет жана анын алдында жооптуу болот. Премьер-министр өкмөттүн иттти жөнүндө жыл сайын Жогорку Кеңешке отчёт берип турат” (85-берене, 1-2- пункттар).

Жаңы Конституциянын 84-беренесинин 5-пунктуна ылайык “Президент үч күндүк мөөнөттө Жогорку Кеңет тарабынан жактырылган премьер-министрди жана өкмөттүн башка мүчөлөрүн дайындоо тууралуу жарлык чыгарат. Эгерде президент жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттө премьер-министрди жана өкмөттүн мүчөлөрүн дайындоо жөнүндө жарлык чыгарбаса, алар дайындалды деп эсептелет”. Ачык эле көрүнүп тургандай, премьер-министрди жана өкмөттүн мүчөлөрүн дайындоо жөнүндө жарлык чыгаруу президенттин укугу эмес эле, тескерисинче анын милдети болуп калган. Мына ушул жободо президенттин ыйгарым укуктарынын арбитрлык касиети, калыстык мүнөзү даана көргөзүлгөн.

Ошентсе да, жаңы Конституцияга ылайык президенттин күчтүү рычагдары бар. 84-берененин 6-пунктунда “Эгерде ушул Конституцияда белгиленген тартипте өкмөттүн программасы бекитилбесе, курамы жана түзүмү аныкталбаса президент Жогорку Кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындайт. Мындай учурда өкмөт жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңеш тарабынан өкмөт түзүлгөнгө чейин ушул Конституцияда каралган тартипте өз милдетин аткара берет” деп көрсөтүлгөн. Көрүнүп тургандай бул жерде Президент тарабынан Жогорку Кеңешти таркатуу жана жаңы шайлоону дайындоо тартиби берилген. Чынында эле бул президенттин колундагы күчтүү рычаг.

Президентке карата Жогорку Кеңештин да кармап туруу укугу ушул Конституцияда даана берилген. Алсак, 74-берененин 7-пунктуна ылайык “Жогорку Кеңеш ушул Конституцияда каралган тартипте президентке каршы

айып коёт; президентти кызматынан четтетүү жөнүндө чечим кабыл алат". "Президент кызматтан четтетилгенден кийин жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн. Президенттин аракеттеринде кылмыттт белгилери болгону жөнүндө башкы прокурордун корутундусу менен бышыкталган Жогорку Кеңеш тарабынан кылмыш жасагандыгы жөнүндө коюлган айыптын негизинде гана президент кызматынан четтетилиши мүмкүн. Президентти кызматтан четтетүү үчүн ага каршы күнөө коюу жөнүндө Жогорку Кеңештин чечими депутаттардын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин демилгеси боюнча жана Жогорку Кеңеш тарабынан түзүлгөн атайын комиссиянын корутундусу болгондо гана Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү менен кабыл алынышы керек. Президентти кызматтан четтетүү жөнүндө Жогорку Кеңештин чечими президентке каршы күнөө коюлгандан кийин үч айлык мөөнөттөн кечиктирилбестен, Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынышы керек. Эгерде бул мөөнөттө Жогорку Кеңештин чечими кабыл алынбаса, коюлган күнөө четке кагылды деп эсептелинет (67-берене, 1-4- пункттар).

Курамы ар түрдүү фракциялар көрсөткөн министрлер менен комитет төрагаларынан турганына карабастан өкмөт өзүнүн жаратылышы боюнча коллегиалдуу орган, ишти чогулуп жасоочу жана жоопкерчиликти да чогуу тартуучу орган. Өкмөт Жогорку Кеңеш бекитип берген өнүгүү программаларын ишке ашырат, премьер-министр бул программалардын толук жана өз мөөнөтүндө аткарылышын уюштурат. Жаңы Конституциянын 89-беренесинин 1-пунктуна ылайык премьер- министр "өкмөттү башкарат, анын иши үчүн Жогорку Кеңештин алдында жеке жоопкерчилик тартат". Эгерде премьер-министр жеке күнөө кетирсе - коррупцияга аралашкандыгы аныкталса, же мыйзам бузгандыгы билинсе, же өз ыктыяры менен кызматынан кетүү жөнүндө арыз жазса, же башка бир шарттардан улам кызматынан кетсе, анда өкмөт толугу менен отставкага кетет. 87-берененин 2-пунктунда "Премьер-министрдин кызматтан кетишин кабыл алуу өкмөттүн кызматтан кетишине

алып келет” деп так көрсөтүлгөн.

Эгемендүүлүктүн 22 жылга созулган мезгили ичинде өлкөдөгү сот адилеттүүлүгүн камсыз кылууда эбегеисиз көп көйгөйлөр топтолгон. Саясий, экономикалык, социалдык, маданият, руханий тармактарда жамандыр-жакшыдыр реформалар жүргүзүлүп, аракеттер жасалып жатканына карабастан, сот адилеттүүлүгү чөйрөсүндөгү абал эч өзгөрбөстөн кала берип, коомдун жалпы өнүгүшүнө кедергиси тийип, олуттуу бөгөткө айланган. Жаңы Конституцияда азыркы күндө жүргүзүлүп баштаган сот реформасынын укуктук негиздери берилген, сот реформасын толугу менен ишке ашырууга жол ачып берген десек жаңылыш болбойт.

2007-жылкы “бакиевдик” Конституцияда “Кыргыз Республикасынын сот тутуму Конституциялык соттон, Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат” (82- берене, 3-пункт) деп көрсөтүлгөн. Акаевге да, Бакиевге да Конституциялык сот абдан жаккан, аны Жогорку соттон да биринчи жазганын караңызчы. Төрайымы “түшпөсхан” Ч.Баекова болгон Конституциялык сот кыргыз коомунун “көңүлүнө көк талкандай” эле тийген, президенттик үчүнчү мөөнөттү экинчи деп, президенттердин мыйзам бузууларын мыйзамдаштырып, коомдун көзүнө “күл” чачып, элдин кыжырына тийген. Албетте, дүйнөлүк практика далилдеп тургандай, таза иштесе Конституциялык сот бизге абдан эле керек укуктук институт болгон, бирок Баекова бул сотту дискредитациялап салган. Кыргыздын үй-бүлөөсүндө кыз төрөлсө, анда ага эми “Майрам” деген атты оңой менен койбой калган сыяктуу эле, Кыргызстандын саясий системасында көпкө чейин Конституциялык сотко орун жок болуп калгандай кырдаал түзүлгөн.

Ооба, жаңы Конституцияда Конституциялык сот деген аталыш жок. 93 - берененин 3-пунктунда “Кыргыз Республикасынын сот системасы Конституция жана мыйзамдар менен белгиленет, ал Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат. Жогорку соттун курамында Конституциялык палата иштейт” деп көрсөтүлгөн. Ошентип, өлкөнүнсот системасы эки деңгээлден турат: Жогорку сот жана жергиликтүү соттор. Конституциялык палата Жогорку

соттун ичине кирет, ал эми облустук, шаардык жана райондук соттор жергиликтүү соттун курамын түзүшөт.

2007-жылкы Конституциянын 83-беренесинин 5-пунктуна ылайык “Президент Жогорку Кеңештин макулдугу менен Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларын жана алардын орун басарларын беш жылдык мөөнөткө дайындайт” депкөрсөтүлгөн. Авторитардык саясий режим үстөмдүк кылган саясий системада мындан башкача болушу да мүмкүн эмес эле. Жаңы Конституцияда бул эреже толук демократиялык маанайда берилген. “Жогорку соттун судьялары өздөрүнүнкурамынан Жогорку соттун төрагасын, төраганын орун басарларын 3 жылдык мөөнөткө шайлайт. Бир эле адам катары менен эки мөөнөткө Жогорку соттун төрагасы, төраганын орун басары болуп шайлана албайт” (94-берене, 7-пункт). Бир жагынан адилеттүүлүк механизми колдонулганын көрсөк, экинчи жагынан, президент да, Жогорку Кеңеш да Жогорку соттун төрагасын жана анын орунбасарларын дайындоого таптакыр катышпаганын көрөбүз.

Корутунду. Ошентип, 2010-жылы 7-апрелдеги кандуу окуялардан кийин кыргыз коомунун саясий системасы өзгөргөн. Эгемендүүлүктүн тарыхында биринчи жолу саясий системанын өзгөрүшү логикалык ирээттүүлүк менен жүргүзүлгөн. Алгач жаңы Конституция кабыл алынган, анан анын жоболоруна ылайык парламенттик жана президенттик шайлоолор өткөн. Бирок бул процесс да тынч өткөн жок. Жаңы Конституциянын долбоору өлкөдөгү бардык саясий күчтөрдүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен даярдалып бүтүп, элдик референдумдун кароосуна коюлган мезгилде, аны өткөрбөө максатында, контрреволюциячыл күчтөр, бакиевдик режимдин жактоочулары Ош менен Жалал-Абатта трагедиялуу кыргыз-өзбек кагылышуусун уюштурушкан. Кыргыз элинин кыраакылыгы менен даанышмандыгы болбогондо бакиевдик күчтөр Кыргызстанды бөлүп-жарып кеткенден да кайра тартпай тургандыгы ачыктан-ачык көрүнүп турган.

Жаңы Конституциянын башкы жетишкендиги “үй-бүлөөлүк башкаруунун” жана авторитардык бийлик режиминин укуктук негиздерин

биротоло, экинчи баш көтөргүс кылып жойгондугунда. Бул Конституция мамлекеттик бийликтин бир адамдын колуна, айталык президенттин, премьер-министрдин, спикердин, же алардын үй-бүлөөлөрүнүн тегерегине топтолуусуна таптакыр жол бербейт, эми мындай болушу мүмкүн эмес болуп калган. Эки жолку ыңкылапка алып келген негизги себептер жоюлган. Эми саясий көйгөйлөр, алар канчалык татаал жана курч болбосун, митингдер жолу менен эмес, көчөлөрдө эмес, тынчтык жолу менен, парламенттин ичинде, добуш берүү жолу менен чечиле тургандай укуктук талаа түзүлгөн.

А.Акаев өзүнүн авторитардык режимин бийликке келгенден бир айдан кийин түзүп баштаса, К.Бакиев бийликти өз колуна жана туугандарынын тегерегине топтоону бийликке келгенден бир жумадан кийин эле баштаган. Мына эми, 2010-жылы 7- апрелден берки беш жыл мезгилде, кыргыз саясий майданындагы талаш-тартыш, кыйма-чийме маселелердин эбегейсиз көптүгүнө карабастан, эң жогорку мамлекеттик кызматтагылардын кимдир бирөөсү мамлекеттик бийликти өз колуна мыйзам чегинде топтой баштаганы, же топтоп алганы байкалбайт. Мына ушунун өзү жаңы Конституциянын тууралыгын, ал өзүнүн алгачкы түшүмүн бере баштаганын, кыргыз коомунда кайрадан үй-бүлөөлүк бийлик орнобой тургандыгын көрсөтүп турат. Ошентип, бүгүнкү күндөрдө мамлекеттик түзүлүштүн калктын кылым карытып келаткан тарыхый-маданий шартына туура келчү, демократиялык маанайдагы талаптарга толук жооп берүүчү ийкемдүү, шайкеш үлгүсүн издөө процесси жүрүп жатканы жана аны табуу дагы бир кыйла убакытка созулаары ачык эле көрүнүп калды. Биздин коомго туура келчү саясий системанын формасын жана экономикалык кайра куруулардын заманбап моделин иштеп чыгуу жана аны ишке ашырууда Жогорку Кеңештин ролу жана орду өтө маанилүү.

Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында орун алган эки жолку революциянын тажрыйбалары көрсөткөндөй, буга дүйнөлүк тарыхта да мисалдар көп, 2014-жылы 2024- февралдагы Украинадагы окуялар дагы бир жолу тастыктагандай, өлкөнүн башчысы өзүнүн мамлекетин Сингапур мамлекетинин премьер-министри Ли Кан Ю сыяктуу, кыска мезгилдин ичинде

(25 жыл аралыгында) гүлдөтүп, тездик менен өнүктүрүп, өз элинин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, бүткүл дүйнөгө атагы чыгышы да мүмкүн экен, же болбосо, өзүнүн зээнсиздигинен, “кетмен сабындай” кекиртегинен, ач көздүгүнөн жана намысынын жоктугунан, Н.Чаушеску, Б.Тито, С.Хусейн, М.Каддафи, А.Акаев, К.Бакиев, В.Янукович сыяктуу, өз элинин жакшы жашоого болгон үмүтүн уурдап, мамлекеттин көз карандысыздыгынын тамырына балта чаап, коомду бөлүп- жарып, элди бири-бири менен чабыштырып, терең саясий-экономикалык жана социалдык кризиске кабылтып коюшу да мүмкүн экен...

1990-жылдарда А.Акаевде, 2005-жылы март окуяларынан кийин К.Бакиевде, 2010-жылы 7-апрелдеги кандуу окуялардан кийин Р.Отунбаева менен А.Атамбаевде өз элинин ой-тилеги менен бирге болуп, алардын ишенимин актап, өлкөсүн алга карай жетектеп, Кыргызстандын эле эмес, дүйнөлүк тарыхта көсөм жетекчи, улуу реформатор, даанышман улуттук лидер катары кала турган мүмкүнчүлүктөрү толугу менен болгондугуна карабастан, жалпы элдин аларга карата үмүтү менен колдоосу өз учурунда ченемсиз өлчөмдө болгондугуна карабастан, алардын алгачкы экөөсү тагдырдын чанда берилүүчү мындай ооматы менен мүмкүнчүлүктөрүн эли менен жеринин кызыкчылыктары үчүн чын дилден жана ак пейилден пайдалана алышкан эмес. Биринчи экөө өздөрүнүн кара ниеттигинин жана ач көздүгүнүн айынан өз эли - жеринен безип, качкын президенттер катары тарыхта калышкан. Ал эми Р.Отунбаеванын бир жарым жылга созулган президенттик миссиясы мааниси жана милдеттери жагынан башкача болуп, ачык атаандаштыкта өткөн 2011 - жылы 30- октябрдагы шайлоо аркылуу ал президенттик бийликти эгемендиктин тарыхында биринчи жолу колдон-колго тынч өткөрүп бергенге жетишкен.

2010-жылы 7-апрелдеги кандуу саясий окуядан кийинки убакыт ичинде ыңкылапка чыккан элдин авторитаризм менен коррупцияга каршы ой-тилектерин азын-оолак болсо да ишке ашырганга, мамлекетти башкаруунун демократиялык жолун тандап алганга А.Ш.Атамбаевде буга жетишээрлик эң жогорку мамлекеттик кызматтары менен бийлик-укуктары жана коомчулуктун

күчтүү колдоосу болгон. Анын авторитардык башкарууга каршы, коррупциялык схемаларга каршы, укук коргоо жана сот бийлигинин адилетсиздиктерине каршы чын ниеттен, толук кандуу жана чечкиндүү күрөшү мына ушул жылдар ичинде чыдамкайлык жана өжөрлүк менен, бийликтен четтетилип кылмыш иши ачылган, же дагы деле кызматта отурушкан коррупционерлердин жана алардын колдоочуларынын акылга сыйбагандай уюштурган каршылыктарына бекем туруштук берүү менен уланган.

Президент А.Атамбаев өз кезегинде шайлоо аркылуу оппозициялык күчтөр бийлик түзүмдөрүнө келип жатканын белгилеп, парламенттеги оппозициялык фракциялардын ишмердиги аркылуу саясатчылар көйгөйлүү маселелерди чыр-чатакка жеткирбей сүйлөшүү жолу менен чечишип алып жатканын, бул жагында өлкөнүн тажрыйбасы чыңдалып баратканын бир нече ирет белгилеген. 2014-жаңы жыл алдында өткөн басма сөз жыйынында: “Эл түшүнүп бaратат. Эгер сен башка партияда болсоң менин душманымсың деген эски ойдон кайтып, бул өзүнчө оюн экенин түшүнүп калышты. Черчилл он бир жолу ар кайсы партияда болгон. Ал аны Англиянын кызыкчылыгы үчүн деп айтчу. Ошондой элебүгүн кармашып жаткан партиялар эртең бир коалицияда болуп калып жатат. Бирок эле кызмат үчүн, саясат үчүн өлкөнү кыйнаштын кереги жок экенин түшүнүпкалды. Бизге эми революциянын да, жарандык согуштун да кереги жок. Парламентаризмдин мисалында биздин саясатчылар үйрөнүпжаткан башкы тажрыйба ушул”- деп айткан президент А.Атамбаев[19].

Кыргызстанда парламент республикасын түзүүнү жактаган саясий күчтөрбар – деп жазат профессор Ж.Сааданбеков[101, 22-225-б.]. Белгилүү эмеспи, мындай саясий системада партиялар сайран курат. Кыргызстанга бул система таптакыр ылайык келбейт, анткени бизге партиялардын чоң эмес, аз өлчөмдө бөлчөктөнүшү керек, региондор менен улуттар ортосундагы карама-каршылыктардын колдон келсе курчуганы дегеле кажет эмес. Парламенттик системада ар бир партия жалпы улут үчүн эмес, баарыдан мурда өзү жана өз тарапкерлерине күл тартат. Улуттук кызыкчылык партиялык максаттардын көлөкөсүндө калат. Партиялык аброй-атак үчүн, аткаруу бийлигинин бир

бөлүгүн ээлеп алуу үчүн күрөш жүрөт. Парламенттик система туруксуз келет жана бул анын өнөкөт оорусу болот. Польшанын биринчи демократ-президенти Л.Валенса айткандай, “парламент демократиясы – бул баарына каршы баары тынч согуш жүргүзүү дегендик”. Анын үстүно өнүкпөгөн партиялык системанын тушунда жадесе экстремистчил партиялар парламенттеги көпчүлүк коалициясына кирип каларын эске алганда мындай туруксуздук өтө зыяндуу болуп чыгышы ыктымал. Бизге тарыхтын ачуу сабактарын унутууга болбойт. Парламенттик Веймар республикасында Гитлердин чуу куйрук улутчул-социалисттер фракциясы бийликти басып алып, Германияда фашисттик диктатура орноткон. 1917-жылы Россия Мамдумасындагы парламенттик маңы пастыктан жана депутаттардын өз ара кычастыгынан улам большевиктер диктатурасы жеңип чыккан.

Кыргыз коомүнун фундаменталдуу өзгөчөлүгү - улуттук-мамлекеттик түшүнүккө караганда аймагына, урук-уруусуна карап езүн аныктаган адат массалык аң- сезимде үстөмдүк кылганында турат. Бизде али иш жүзүндө толук кемелдеги саясий улут калыптанып бүтө элек. Каны жана жаны бир, тили жана дини бир элге кээде регионалдык, урук-уруулук айрымачылыктар жарака салып турат [101, 222-б.]**.**

Тарыхый жагдайдан улам Кыргызстандын салт болуп калган алты областы (мурда кантондору), өзгөчө түштүгү менен түндүгү географиялык жактан бийик тоолор аркылуу бөлүнүп тургансаясий бирдиктүү түзүмдүн көп түстүү мозаикасын түзөт. Ар бир областка бөтөнчөлүү өзүнчөлүк мүнөздүү. Башкача айтканда, бизде областтардын калкы бирдиктүү бир мамлекетте жашаганы менен социалдык жактан бир биринен окчун турат, өз ара начар туташкан. Калктын ушундай ар бир катмарында өзүнчө кичимаданияты, урук-уруулук салттары, жашоо жолою бар.Андыктан күмон жок: парламенттик системамындай ажырымды терең аңга айлантып жибере алат, партиялык курулуш аймакташуу нугуна түшөт. Жалпы улуттук кызыкчылыктарды жактап атаандашкан, коомду тигинен тепчип бириктирген ири партияларга эч качан ээ боло албай калабыз.

Ошол эле учурда биздин элдин улуттук аң- сезиминде Чыгыштагы башка элдердей эле бийликтин авторитети бир инсандын кадыр-баркына байланып турат. Белгилүү бир адамды мөлчөр тутпай, бийликти персонификациялабай туруп Чыгышта партияларды, парламентти жана башка саясий институттарды элестетүү мүмкүн эмес. Күнчыгыштагы патриархалдык коомдордо эл мамлекеттик лидерди жалпы элдин тагдыр-таалайы, анын жыргалчылыгы жана коопсуздугу үчүн өзүн курман кылганга даяр турган адам деп чын пейилден ишенген. Эл башылардын ысымдары эпосторго кирген, муундан муунга өтүп, эрдиктери уламышка айланган, андыктан эл бийлеген ар бир адам эл аздектеген ошол идеалга ылайык келгенге аракет кылган. Андай идеалдан оолактап кеткендер бийлигинен, атүгүл өмүрүнөн ажыраган.

Ушул эле феномен, б. а. букаралык ыкыласмандык аң-сезим постсоветтик өлкөлөрдөгү калктардын басымдуу көпчүлүгүндө сакталып калды. Алардын баары - чынчыл, майда мүдөөсү жок, ыкчам улгайып бараткан, бирок алиге чейин идеалисттик күүсүнөн тая элек, жакшылык кылууга умтулган миллиондогон мурдагы советтик адамдар. Андайлар жалпы электораттын 80 процентин түзөт.

Ким бирөөгө жагабы же жакпайбы, азыркы этапта КМШнын бир катар өлкөлөрүндө башкарылма демократиянын президенттик-парламенттик модели коомду модернизациялоо жана саясий системаны акырындап демократиялык нукка багыттоо үчүн жол ачкан мүмкүнчүлүк катары каралууда. Арийне, башкарылма демократиядан реалдуу демократияга өтүүнүн жолу алдын ала аныкталып бүткөн жок: ал азыркы либералдуу демократияга да, катаң бюрократиялык авторитаризмге да алып келиши ыктымал. Түпкү натыйжа коомдук-саясий күчтөрдүн раскладкасына, алардын активдүүлүгүнө жараша болот [101, 223-б.].

Бүгүн КМШ өлкөлөрүндө, тактап айтканда, Россияда, борборазиялык жана закавказиялык республикаларда оңчул маанидеги авторитардык режим орноду, анын башкы мүнөзү деп аткаруу бийлигинин күчтүү тиктүзүмдөрүн жана алардын коммерцияланышын айтса болот. Россиялык мамлекеттин

идеологу, "суверендуу демократия" деп аталган аныктаманын автору В.Сурков муну орус "тарыхындагы, улуттук аң-сезимдеги, маданияттагы фундаменталдуу түшүнүктөр жана материалдык түзүлүштөр" менен байланыштырат, ал эми "мамлекеттик курулушка катышкан башка бардык факторлор болгону пландоо жана жасалгалоо менен чектелет". Ал турсун биздеги, Кыргызстандагы демократиянын деле улуттук өзгөчөлүктөр менен шартталган өзүнчө бөтөнчөлүү мүнөздөрү бар экени калетсиз. Ошол эле учурда демократиянын улуттук менталитетке жамынып, бузуп-бурмалаганга болбой турган фундаменталдуу, универсалдуу принциптери бар.

Ушундай аңытка салганда тоталитаризм, автократия, бюрократиялык авторитаризм да улуттук өзгөчөлүктөрдөн жаралат деп айтканга болмок. Кыргыз элинин маданияты демократиянын бизге мүнөздүү түрүн түзүүгө, арийне түздөн-түз катышып жатканы башка кеп. Өз маданиятынан тышкары биздин элдин келечеги жок.

Мыйзамдуулук гана, атка минерлердин мыйзам алдындагы толук жоопкерчилиги гана, бийликтин толук ачыктыгы менен адилеттүүлүгү гана элдин мамлекеттик бийликке карата ишенимин кайтарып, көп улуттуу өлкөнүнынтымагы менен биримдигин кепилдей алат. Ааламдашуунун оп тартма айлампасында руху күчтүү, маданияты бийик, биримдүү, жаратман улуттар гана өзү тандаган багыттан чыкпай, дүйнөлүк коомчулук менен тыкыз алакада болуп, бакубат турмушта жашап, кылымдардан бери аздектеген ата мурасын келечек муунга өткөрүп бере алат.

Кыргыз улуту Борбордук Азиядагы эң байыркы эл. Алмиңдеген жылдар бою өз дили менен рухун кантип сактап келген болсо, дагы миңдеген жылдарга так эле ошол ыргакта өз чыйырын уланта берерине ишенебиз. Парламенттик башкарууга 2010- жылдан тартып багыт алган Кыргыз Республикасы - кош элдик ыңкылапты жүзөгө ашырган элдин демократиячыл мүдөөлөрү менен асыл-нарктарын жүзөгө ашырып берчү келечектүү мамлекет болсун үчүн бардык атуулдар, бардык бийлик бутактары, саясий партиялар, коомдук, анын ичинде бейөкмөт уюмдар жана башка бирикмелер менен жамааттык топтор

бардык демилгелүү иш-аракеттерди улантышы керек.

Ошентип, 2010-жылы 27-июнда, өлкөдөгү кырдаал өтө оор мезгилде кабыл алынган, иш жүзүндө коомдун саясий системасын толугу менен өзгөрткөн, мамлекетти башкаруунун парламенттик республика формасына карай жолду киргизген жаңы Конституциянын жоболоруна ылайык 2010-жылы 10-октябрда (2010,10,10,) парламенттик шайлоо, ал эми 2011-жылы 30-октябрда президенттик шайлоо болуп өткөн. 2010-жылы 7-апрель окуяларынан кийин президент менен премьер-министр өлкөдөн качышып, Жогорку Кеңеш таркатылып, алардын ордуна курамы 14 адамдан турган Убактылуу өкмөт түзүлгөндөн кийинки эң негизги милдеттердин бири өлкөдөгү мамлекеттик бийлик системасын калыбына келтирүү болгон.

2005-жылкы 24-март окуясынын башкы сабагы - биринчи кезекте конституциялык реформаны ишке ашыруу, анан, анын жоболоруна ылайык парламенттик жана президенттик шайлоолорду өткөрүү жана сот адилеттүүлүгү реформасын ишке ашыруу болгон. 7-апрелден кийинки Убактылуу өкмөттүн аракеттенүү логикасы мына ушул башкы сабакты эске тутуу менен жүргүзүлгөн. Эгемендүү Кыргызстанда биринчи жолу мамлекеттин башчысы кызмат орду бир адамдан экинчи адамга мыйзам чегинде, тынчтык жолу менен өткөрүлүп берилди. Кызматы оор кырдаалга туура келип, “ат көтөргүс” жоопкерчиликти өз мойнуна алып, бирок ишмердигинде кечирилгис катачылыктарды кетиргенине карабастан, бир жарым жылдан кийин бийликтен кетем деп берген убадасын аткарганга эрки жеткен өткөөл мезгилдин президенти Р.Отунбаева болгон.

### 3.3. 2021-жылкы жаңы Конституция: Кыргызстан мамлекеттик башкаруунун президенттик республика формасына кайтууда.

Аксы окуясынан, эки жолку элдик көтөрүлүштөн жана 2010-жыкы каргашалуу июнь окуяларынан кийин деле мамлекеттик бийлик тийиштүү жыйынтыктарды чыгарып, элдин койгон талаптарын толук аткарган жок. Бийликке каршы наразычылык улана берди. 2016-жылы ноябрда Жогорку Кенештин “Ата-Мекен” партиялык фракциясы президент А.Атамбаевге

импичмент жарыялаган. Ага карабастан 2016-жылдын 11-декабрында “Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору боюнча Кыргыз Республикасынын референдуму (бүткүл элдик добуш берүү) өткөн. Референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы саны 2 816 423; добуш берүүгө катышкандардын саны 1 190 752 же 42,44%. Ал эми добушка коюлган суроого “МАКУЛ” деп жооп бергендер 948 185 же 79,63% болгон. “КАРШЫ” деп жооп бергендердин саны 185 140 же 15,55% түзгөн.

Өзгөргөндөн кийинки Конституциянын 72 беренесинин 3 пунктуна ылайык: “Жогорку Кеңештин депутаты Премьер-министрдин же биринчи вице-премьерминистрдин кызмат ордуна депутаттык мандатын жана Жогорку Кеңештин пленардык жыйындарында добуш берүү укугун сактоо менен дайындалышы мүмкүн. Премьер-министрдин же биринчи вице-премьер-министрдин кызмат ордуна дайындалган депутаттын башка ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун жана чектөөнүн тартиби жана шарттары мыйзамдар менен аныкталат. Премьер-министрдин же биринчи вице-премьер-министрдин кызмат ордундагы Жогорку Кеңештин депутатынын аталган кызматтан кетүүсү, бошотулушу жана милдеттерин аткарууну токтотушу анын депутаттык ыйгарым укуктарын толук көлөмдө калыбына келтирүүгө алып келет” [151].

Жыйынтыктап айтканда, өзгөргөн конституция президенттин мыйзамдуу бийлик-укуктарын мурдагыдан да азайтып, парламент менен өкмөттүн ролун көтөрүп, коомдун саясий системасы парламенттик республика башкаруусуна карай көбүрөөк багыт алгандай маанай калтырган. Ал эми чын-чынына келгенде А.Атамбаев президенттик кызматтан кеткенден кийин Кыргыз Республикасынын премьер-министри кызматына келүүнү (өз кезегинде мындай ат жүрүштү В.В.Путин жасаганы белгилүү) көздөп, ошондон улам бул кызматтын позицияларын күчөткөнү ачык-айкын эле көрүнүп турган.

2016-жылдын 11-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча референдум күч менен,

оппоненттерге катуу басым көрсөтүү менен өткөн. Ушундан кийин президент А.Ш.Атамбаевдин командасы кийинки президенттик шайлоолорду даярдоого старт алган. Президент А.Ш.Атамбаев баш мыйзамга ылайык экинчи президенттик мөөнөткө бара албайт эле, андай укугу жок эле, ошондуктан ал премьер-министрдин позицияларын күчөтүп, ошол кызматты бутага алганы коомчулукка айкын болуп калган.

Ушундай шартта президент А.Ш.Атамбаев үчүн архи маанилүү маселе - кийинки президент ким болот? Албетте, ачык, таза, демократиялык принциптерди сактоо менен өткөн президенттик шайлоодо ким утса, ошол адам президент болуш керек. Демократиялык мамлекеттер үчүн бул аксиома, далилди талап кылбайт, өзүнөн өзү түшүнүктүү. Бирок бул жол президент А.Ш.Атамбаев үчүн эмес эле, анын планы башка болгон. Ал өзүн акыркы мезгилдерде кыргыздардын ханы, падышасы, бийи катары сезип калган, кыргыз коому жалаң гана аны каалап, ансыз жашоо болбочудай сюреализм абалында болгон. “Монарх катары президенттик бийликти кимге убактылуу мурастай турсам, аны бир мөөнөткө президент кылып коюп, бирок өзүм башкарсам” - деген план президент А.Ш.Атамбаевдин планы экендигин кийинки окуялар ачыктады...

Мураскерди тандоону, анын талапкерлигин көрсөтүүнү президент А.Ш.Атамбаев өзүчө эле шоуга, спектаклге айландырды. Башында Ө.Т.Бабановду тандап, үй бүлөсү менен катышып, таптап, даярдап жүргөн экен [152].Анан Ч.А.Турсунбековдун талапкерлигине ооп, анын да делебеесин козгоп, бир топ кызытып, далбас урдурган. Ал да президенттикке өз талапкерлигин коюп, анан кийин кайра алып коюга аргасыз болгон... Коомчулукта С.Ж.Исаковдун да ысымы талапкерлердин катарында айтылып жүргөн.

Эң эле өкүнүчтүүсү президент А.Ш.Атамбаев кимдин талапкерлигине токтосо, ал кимди тандаса, кимди көрсөтсө, анда ал сөзсүз жеңээри, кийинки президент так ошол адам болоору эч шек туудурбагандыгында эле. Коом да ушуну күтүп, иштин ушундай жагдайына ийип турганы андан да өкүнүчтүү

эле. Бул өлкөдөгү мамлекеттик бащкаруунун монархиялык мүнөзү жөнүндө кабар берип турган. Президент А.Ш.Атамбаев коомдо ушундай абал түзүгөнүнө териккендин, ага каршы тургандын ордуна, тескерисинче маашыркана, текеберлене, арамзалыгына мактана ыраазы болуп тургандай элес калтырган коомчулукта...

Акыры келип С.Ш.Жээнбековдун талапкерлигин тандап, аны “Соке досум!” –деп, кол алдындагы административдик, каржылык жана башка ресурстарды пайдалануу менен аны ар тараптан колдоого алган. 2017-жылдын май айында 3% рейтинги болгон “Соке досу” 15-октябрда 54% менен шайлоодон жеңип чыккан...

Шайлоонун жыйынтыгы алдын ала күтүлгөндөй эле болгон, А.Ш.Атамбаев өзүнүн шоопурунун же жан сакчысынын же коомго белгисиз бир “өз кишисинин” талапкерлигин көрсөтсө деле жеңмек...

С.Ш.Жээнбековдун президенттик кызматка киришүү аземи 2017-жылы 24-ноябрда болгон. Иннагурация учурунда А.Атамбаев: “Друг мой Соке, я верю, что ты станешь достойным президентом. Приведешь Кыргызстан в светлое и процветающее будущее” – деген эле. Өз кезегинде С.Ш.Жээнбеков да жөн калбай аны “Ак-Шумкар” ордени менен сыйлап жана ага Кыргыз Республикасынын Баатыры ардактуу наамын берээрин убадалаган жана №1 Жарлыгы менен убадасын ишке ашырган.

Бирок, алардын достугу көпкө узабай, сыйлыктары тапшырылбаган боюнча калган. 2019-жылы А.Атамбаевдин кол тийбестиги алынып, өзүн камакка алышкан. Бүгүнкү күндөрдөда А.Атамбаев түрмөдө отурат жана соту дагы деле уланууда. Мурдагы президент А.Атамбаевдин айланасындагы чуулгандуу сот иштери качан жана кандайча бүтөөрү бүгүн күдөмүк...

2020-жылдын 5-октябрында, мурунку күнү, 4-октябрда болуп өткөн VII чакырылыштагы ЖКга депутаттарды шайлоонун жыйынтыктарына каршы митингдер Бишкектин борбордук аянтында башталган. Наразычылык митингин алгач беш партия баштаган: «Реформа», «Мекен Ынтымагы», «Чон

Казат», «Ыйман Нуру» жана «Ордо». Түшкө жакын «Республика» менен «Ата Мекен» партиялары келип кошулушкан.

Жогорку Кеңештеги 120 депутаттык орунга шайлоолорго 16 партиядан 2000ге чукул талапкерлер катышкан. Бул парламенттик шайлоого шайлоого укугу бар болуп тизмеге киргендердин 56,5% катышкан. Автоматтык эсептөөчү урналардын 98,14%нан маалыматтар келип түшкөндө 7%дык тосмону төрт партия өткөндүгү 5-октябрь күнү эртең менен белгилүү болгон: «Биримдик» - 24,5%; «Мекеним Кыргызстан» - 23,88%; «Кыргызстан» - 8,76%; «Бутун Кыргызстан» - 7,13%. Ушундан кийин жогоруда митингке чыккан партиялар шайлоонун жыйынтыктарын тааныбай тургандыктарын билдиришкен.

Митингчилердин негизги талабы шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгаруу, кайра шайлоолорду дайындоо, жеңген төрт партияны кайра шайлоолорго катыштырбоо жана кийинки шайлоолорду добуштарды сатып албоо, административдик ресурстарды колдонбой таза өткөрүүнү камсыз кылуу болгон. Бирок кийинки окуялар көрсөткөндөй, митингдер мамлекеттик бийликти күч колдонуу аркылуу алмаштыруу менен аяктаган.

2020-жылдын 15-октябрында оппозициянын ар кайсыл деңгээлдеги өкүлдөрү менен уюштурулган көптөгөн сүйлөшүүлөрдөн кийин Кыргыз Республикасынын президенти С.Ш.Жээнбеков ээлеген кызматтарынан өз каалосу менен кеткен. “Экс-президент” деген макамды сактап калган. Айрым коомдук ишмерлер (Ф.Ш.Кулов ж.б.) С.Ш.Жээнбековдун “күтүлбөгөн” жерден бийликтен баш тартышына кандайдыр бир күчтөр басым көрсөтүшү мүмкүн деген ойлорду айтышкан.

2021-жылдын 10-январында болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоолор менен бирге өлкөнүн мамлекеттик башкаруу системасын президенттик республика формасына өткөрүү боюнча референдум өткөрүлгөн. Шайлоочулардын тизмелерине киргизилген шайлоочулардын жалпы саны – 3 563 574 шайлоочуну түзгөн. Ал эми шайлоодо добуш берген шайлоочулардын саны – 1 395 513 адам, же 39,16%

түзөп, анын 79%дан ашыгы президенттик башкарууну кийирүүгө "макул" деп жооп беришкен.

2021-жылдын 20-январында Кыргыз Республикасынын БШКсы 2021жылы 10-январда болуп өткөн Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоонун натыйжаларын бекитти. Анын протоколуна ылайык Кыргыз Республикасынын президенттигине талапкаер С.Жапаров тандоого катышкан шайлоочулардын 1 млн 105 миң 248 (79,20%) добушун алып жеңүүчү деп табылган. Тизмеге киргизилген шайлоочулардын жалпы саны 3 563 574, ал эми президентти тандоого катышкан шайлоочулардын жалпы саны 1 395 513, башкача айтканда тизмедеги жалпы шайлоочулардын 39,16% ын түзгөн.

Ошентип, ушу күндөн, 2021-жылдын 20-январынан баштап С.Н.Жапаров Кыргыз Республикасынын алтынчы Президенти кызматына расмий киришкен.
2021-жылдын 11-апрелине белгиленген Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү кеңештерге кезектеги шайлоолорду өткөрүү менен бирге жалпы элдик референдум өткөрүлүп, анда добушка жаңы Конституциянын долбоору коюлган. Референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы саны – 3 606 201 түзгөн. Ал эми добуш берүүгө катышкан референдумдун катышуучуларынын саны - 1 322 124 түзүп, референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы санынын 36,66% түзгөн. Чыгарылган маселе боюнча «макул» деп жооп берген катышуучуларынын саны – 1 048 660 же добуш берүүгө катышкан референдумдун катышуучуларынын санынын 79,32% түзгөн. Чыгарылган маселе боюнча «каршы» деп жооп бергенкатышуучуларынын саны – 181 370 же добуш берүүгө катышкан референдумдун катышуучуларынын санынын 13,72% түзгөн. Референдумда Конституциянын жаңы долбоорун колдогондор сексен пайызга жакындады, башкаруу модели жөнүндө 2021-жылы 10-январдагы референдумда да так ушундай эле жыйынтык болгон. Демек, бул өлкөдөгү саясий маанайдын дээрлик өзгөрбөгөнүн көрсөтөт.

Ошол эле убакта шайлоочулардын активдүүлүгү дагы эле төмөн болду. Алты жарым миллион калкы бар, анын ичинен тизмедеги үч миллиондон ашык шайлоочусунун үчтөн бири гана добуш берүүгө катышты.

2021-жылы 11-апрелдеги референдум: “Бийлик бир адамдын колуна топтолуп, бардык жоопкерчилик да ошол кызмат адамынын, президенттин мойнунда болсун” – деген ураан алдында өткөн. 2021-жылы 5-майда Кыргыз Республикасынын Президенти 2021-жылы 11-апрелде референдум аркылуу кабыл алынган жаңы Конституцияга салтанаттуу түрдө кол койгон. Ушул күндөн баштап президенттик башкарууга багытталган баш мыйзам ишке кирген. Сыягы, азыркы Конституция жаңы деп жарыяланганы менен анын кабыл алынган күнү мурунку Конституциянын күнү менен дал келип калганы кокусунан болгон эместей

Жаңы Конституция боюнча өлкөдө президенттик башкаруу орнойт, Жогорку Кеңештин депутаттарынын саны кыскарат, аларды шайлоо системасы өзгөрөт. Анын 89-беренесине ылайык Кыргыз Республикасында аткаруу бийлигин Президент жүзөгө ашырат. Министрлер Кабинетинин түзүмүн жана курамын Президент аныктайт. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Президенттин Администрациясынын Жетекчиси болуп саналат. Жыйынтыктап айтканда, жаңы Конституцияга ылайык Кыргызстандын коомдук системасы кайрадан башкаруунун президенттик формасына багыт алган.

Системалуу өзгөрүүлөр. Жаңы Конституциянын долбоору боюнча 2020-жылдын октябрында бийлик алмашкандан бери карай талаш-талкуу башталган. Долбоор Жогорку Кеңештин атынан талкууга коюлуп, анын үстүнөн Конституциялык кеңешме иштеген. "Былтыркы октябрь айындагы окуялар мындан ары өз жолубузду тандоону, журтубузда жоопкерчилик менен тартиптин орношун талап кылды. Ал окуялар — тарыхыбыздагы эң ыплас, таза эмес шайлоонун натыйжасы. Бийлик элдин үнүн уккан жок. Бийликтин ушундай жоопкерчиликсиздигинен, адилетсиздигинен, өзүм билемдигинен тажаган эл системалуу өзгөрүүлөрдүн болушун талап кылды. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн тарыхында элге биринчи жолу өлкөнүн

башкаруу формасын тандоо укугу берилди. Сиздерге белгилүү болгондой, 10-январда кыргыз эли өз жолун тандап, президенттик башкарууну колдоду. Ушундан улам, Баш мыйзамды өзгөртүү зарылдыгы бышып жетилди" - деп билдирген президент Садыр Жапаров референдумдун алдындагы кайрылуу сөзүндө.

Жаңы баш мыйзам боюнча аткаруу бийлигинин эки тизгин, бир чылбыры президенттин колунда болот, ал мамлекет эле башчысы эмес, өкмөттү да өзү башкарат. Мунун менен эми кризис болгон сайын мурунку президенттердей өкмөттү садага чаба бербей, президент өзү жоопкерчиликти алат деген ишеним бар коомчулукта. Президенттиктин мөөнөтү алты жылдан беш жылга түштү, бирок бир адамга эки мөөнөт иштегенге уруксат. Президентке импичмент жарыялоо мурункудан бир кыйла татаалдашты, баш прокурордун корутундусу жетишсиз, буга кошумча Конституциялык соттун корутундусу дагы керек. Ошондой эле Жогорку Кеңештеги мурдагыдай депутаттардын жөнөкөй көпчүлүгү эмес, үчтөн экиден кем эмес бөлүгү макул болуш керек. Так ушул себептүү жаңы баш мыйзам бир адамдын бийлигин орнотот деген сын пикирлер да орун алган. Ал эми Кыргыз Республикасынын Президенити С.Жапаров болсо Кыргызстанда эч качан диктатуралык бийлик болбойт деп катуу убадасын берип жатат.

Жогорку Кеңештеги депутаттардын саны дагы 120 дан 90 го кыскарат, ошону менен катар аларды шайлоо тартиби да өзгөрдү, депутаттар мурдагыдай партиялык тизме менен гана эмес, бир мандаттуу округдардан дагы шайланат.

Конституциянын 85-беренесине ылайык мыйзам чыгаруу демилге укугу төмөнкүлөргө таандык: 10 миң шайлоочуга (элдик демилге); Президентке; Жогорку Кеңештин депутаттарына; өзүнө тиешелүү маселелер боюнча Жогорку сотко; Министрлер Кабинетинин Төрагасына; Элдик Курултайга жана өзүнө тиешелүү маселелер боюнча Башкы прокурорго.

Конституциянын 89-беренесине ылайык: Кыргыз Республикасында аткаруу бийлигин Президент жүзөгө ашырат. Министрлер Кабинетинин

түзүмүн жана курамын Президент аныктайт. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Президенттин Администрациясынын жетекчиси болуп саналат.

Президент конституциялык мыйзамдын негизинде аткаруу бийлигинин ишин жетектейт, Министрлер Кабинетине жана ага баш ийген органдарга тапшырмаларды берет, өзүнүн тапшырмаларынын аткарылышын контролдойт, Министрлер Кабинетинин жана ага баш ийген органдардын актыларын жокко чыгарат, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүн кызматынан убактылуу четтетет.

Президент Министрлер Кабинетинин жыйналыштарында төрагалык кылат. Президент Министрлер Кабинетинин жана аткаруу бийлигинин ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарына жеке жооп берет. Эгерде республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчёт Жогорку Кенеш тарабынан канааттандырарлык эмес деп табылса, Президент Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүнүн жоопкерчилигин карайт.

Конституциянын 94-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын сот системасы Конституция жана мыйзамдар менен белгиленет, ал Конституциялык соттон, Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат.

Конституциянын 111-беренесине ылайык: ”Жергиликтүү өз алдынча башкаруу - жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарына жараша жана жоопкерчилик менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында жергиликтүү жамааттар тарабынан жүзөгө ашырылат”.

Конституциянын 7-беренесине ылайык Элдик Курултай - коомдук-өкүлчүлүктүү жыйын деп көрсөтүлгөн. Элдик Курултай кеңешүүчү, байкоочу жыйын катары коомдун өнүгүү багыттары боюнча сунуштамаларды берет.

Элдик Курултайдын уюштурулушу жана ишмердүүлүгү Конституция жана конституциялык мыйзам менен аныкталат. Элдик Курултай президенттин, парламент жана элдик курултайдын спикерлеринин отчётторун угуп, ошондой эле мамлекеттик саясаттын жана кадрдык саясаттын негизги маселелери боюнча сунуштарды киргизе алат. Элдик Курултай «аймактык, кесиптик, коомдук-саясий, этномаданий, конфессиялык жана илимий коомчулуктардын өкүлдөрүнөн түзүлөт».

Ошол эле учурда Курултайдын мүчөлөрүн тандап алуу механизми жана анын чыныгы таасири, ыйгарым укуктары толук аныктала элек.

Жаңы Конституцияга ылайык Президенттин ролу бир топ кеңейип, анын ыйгарым укуктары күчөтүлгөн, ал өлкөнүн аткаруу бийлигин да жетектеп, мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын аныктайт деп жазылган, ошондой эле ал «мамлекеттик бийликтин биримдигин жана уланмалуулугун» камсыз кылмакчы.

Президент 5 жылга шайланып, эки мөөнөт катары менен бийликте боло алат. Министрлер Кабинетинин түзүмүн жана курамын Президент аныктайт. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Президенттин Администрациясынын жетекчиси болуп саналат.

Президент конституциялык мыйзамдын негизинде аткаруу бийлигинин ишин жетектейт, Министрлер Кабинетине жана ага баш ийген органдарга тапшырмаларды берет, өзүнүн тапшырмаларынын аткарылышын контролдойт, Министрлер Кабинетинин жана ага баш ийген органдардын актыларын жокко чыгарат, Министрлер Кабинетинин мүчөлөрүн кызматынан убактылуу четтетет.

Мындан тышкары, президент аткаруу бийлик органдарынын жетекчилерин жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларын дайындап жана кызматтарынан бошото алат. Президентке мыйзамдарга кол коюп, элге жарыялоодон тышкары мыйзам долбоорлорун да киргизүү ыйгарымы берилет.

Конституциянын 74-беренесине ылайыкКонституцияда көрсөтүлгөн себептер боюнча Президент өз ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда, жаңы Президент шайланганга чейин анын ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңештин Төрагасы аткарат.

Президенттин ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңештин Төрагасы аткарууга мүмкүн болбогон учурда, Президенттин ыйгарым укуктарын Министрлер Кабинетинин Төрагасы аткарат.

Президенттин ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңештин Төрагасы жана Министрлер Кабинетинин Төрагасы аткарууга мүмкүн болбогон учурда, Президенттин ыйгарым укуктарын аткаруучу конституциялык мыйзам менен аныкталат деп көрсөтүлгөн.

Мурунку Конституция боюнча президенттин ыйгарым укуктары кыйла аз болгон. Анда президенттин аткаруу бийлигине тиешеси жок болчу, ал көбүнчө Конституциянын кепили жана Кыргызстандын эл аралык аренадагы өкүлү катары көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, ага мамлекеттин күч блогу баш ийчү, бирок бул ыйгарымдар баш мыйзамдын азыркы редакциясында да сакталган.

Парламенттин ыйгарым бийлик-укуктары жаңы Конституцияга ылайык бир кыйла кыскартылган — эми чечимдердин көбүн алар президент жана Элдик Курултай менен макулдашышы керек болот.

Парламентте депутаттардын санын 90 адамга чейин кыскартып, аларды 5 жылга шайлоо аныкталган. Ошол эле учурда депутат мандатын жана парламенттин пленардык жыйындарында добуш берүү укугун сактоо менен премьер-министрлик же биринчи вице-премьер-министрлик кызматка дайындалышы мүмкүндүгү айтылган пункт алынып салынган. Ошондой эле, депутат императивдик мандатка байланыштуу эмес (депутатты кандайдыр-бир шарттар менен чектөө, аны бузса мандаты чакырылып алынат) жана чакыртыла албайт деген пункт да жок.

Мурунку Конституцияга ылайык парламент референдумду дайындоо тууралуу мыйзамды кабыл ала алат. Жаңы конституциянын 80-беренесиндебул пункт «Конституцияда каралган тартипте Президентке референдум өткөрүү жөнүндө сунуш киргизет» дегенге алмаштырылган. Эми парламент “Конституцияда белгиленген тартипте ушул Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизет”.

Конституциянын 85-беренесине ылайык мыйзам чыгаруу демилге укугу башка бийлик органдары менен бирге Жогорку Кеңештин депутаттарына да таандык деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын сот системасы Конституциялык соттон, Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат. Мыйзам менен адистештирилген соттор түзүлүшү мүмкүн. Атайын өзгөчө сотторду түзүүгө жол берилбейт. Кыргызстанда Конституциялык сот 2010-жылдагы конституциялык реформадан кийин жоюлуп, анын ордуна түзүлгөн Конституциялык палата Конституциялык соттун функцияларын кыскартылган форматта аткарып турган.

Конституциянын 95-беренесине ылайык Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынын ичинен Судьялар кеңешинин сунушу боюнча Жогорку Кеңештин макулдугу менен Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагалары Президент тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат. Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларынын орун басарлары Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларынын сунуштамасы боюнча Президент тарабынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

Конституциянын 73-беренесинин 4-пунктуна ылайык Президенттин аракеттеринде кылмыштын белгилери болгону жөнүндө Башкы прокурордун корутундусу менен ырасталган Жогорку Кеңеш тарабынан коюлган айыптоонун жана айып коюунун белгиленген тартиби сакталгандыгы жөнүндө

Конституциялык соттун корутундусунун негизинде Президент кызматтан четтетилиши мүмкүн.

“Руханий-маданий баалуулуктар тууралуу” деп аталган жаңы Конституциянын III главасы эки беренеден турат. Анын 21-беренесине ылайык улууларга урмат кылуу, ата-энесине жана жакын туугандарына кам көрүү ар бир адамдын парзы жана милдети болуп эсептелет. 22-берене толугу менен жарандардын «ыймандык жана руханий тарбиялоону, жогорку маданиятын» камсыздоого арналган. Мамлекет илимди, илимий-чыгармачылыкты өнүктүрүүнү, илимий-технологиялык жетишкендиктерди, ачылыштарды, инновацияларды жана ойлоп табууларды колдоого алат.

Мамлекет илимий мекемелерди жана уюмдарды каржылайт жана колдоого алат, аларды өнүктүрүүнүн стратегиясын ишке ашырат. Мамлекет илимий-техникалык прогресске өбөлгө болгон илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоону камсыз кылат. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы ырааттуулук жана илимий прогресстик принциптерге негизденүү менен фундаменталдык жана прикладдык илимдер тармагындагы багыттарды координациялайт. Улуттук илимдер академиясы жөнүндөгү жобо биринчи жолу Конституцияга киргизилип атканын белгилей кетсек туура болот.

Кийин жаңы Конституцияны өзгөртсө болобу?2010-жылдагы Конституция боюнча аны парламент дайындаган референдум аркылуу өзгөртүү мүмкүн эле. Конституциянын 116-беренесине ылайык “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн корутунду берет. Өзгөчө жана согуш абалынын учурунда Конституцияны кабыл алуу жана Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамды кабыл алууга тыюу салынат. Конституцияны кабыл алуу, Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзамга Президент тарабынан кол коюлат. Конституцияга

өзгөртүүлөр жана толуктоолор Конституциянын жаңы редакциясы болушу мүмкүн."

Ошентип, 2010-жылы кан төгүлүп, бийлик алмашкан окуялардан кийин бир адамдын диктатуралык башкаруусунан кутулдук деп, парламенттик башкаруу жолуна түшкөнүн жарыя кылып келген Кыргызстан он жылдан кийин кескин бурулуш жасап, президенттик башкаруу жолуна кайтууда. Ушул убакыт ичинде партиялык-парламенттик башкаруудан элдин көнүлү калды, ишеними кетти дешет. Андан көрө күчтүү бир адам башкарып, баарына өзү жооп берсин деген бүтүмгө келишти. Бирок бул кайрадан отуз жыл артка кайтууга барабар деп экинчи жагында экс-президент Р.И.Отунбаева башка болгон саясий күчтөр эскертип келишүүдө.

2021-жылы 1-июлда Хабар NEWSYouTube-каналында жарыяланган «Портретке сүртүмдөр. Лидер» деп аталган Н.А.Назарбаевдин туулгандыгынын 81 жылдыгына арналган документалдуу фильмде Казакстандын туңгуч президенти Н.Назарбаев Кыргызстандагы демократия жөнүндө мындай деп айткан: «Кыргызстан демократиянын аралчасы болсо эмне экен? Өкүнүчтүү, бизге жакын, бир тууган эл. Ушул 30 жылдын ичинде Кыргызстанда бир нерсе жасалдыбы?! Мен ар бир президентти колдодум. Чакырдым, акча, насия сунуштадык, бирок эч нерсе жасалган жок. Ошондуктан экономика - бул бардык жашоонун негизи” [153].

Авторитардык башкаруу режимдери өкүмдүк кылган кошуна республикаларда, анын ичинде боордош Казакстанда экономиканын мамлекеттик сектору тездик менен өнүгүп, көптөгөн өндүрүш ишканалары курулуп, миңдеген жумуш орундары пайда болгондугу белгилүү. Эми Кыргызстандыктар да башкаруунун президенттик республика башкаруу формасын жапырт колдоого алышкандыгы, өздөрүнүн бактылуу келечегини президент С.Н.Жапаровдун ургалдуу ишмердиги менен байланыштырып, аны

колдоого алып атышына ушул кошуна мамлекеттердеги саясий режимдер да өз таасирин тийгизип атат дегенге толук негиз бар десек туура болот.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык изилдөө советтик тоталитаризмден демократияга өтүү мезгилиндеги авторитардык режимдин элементтеринин заманбап Кыргызстандагы саясий процесстерге тийгизген таасирин аныктоого арналган. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр төмөнкүдөй негизги жыйынтыктар менен корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди:

1. Авторитаризмдин жана демократиялык эмес башкаруунун ар түрдүү формалары менен түрлөрүн изилдөөнүн теориялык негиздери иликтенди. Акыркы жылдары окумуштуулар тарабынан сунуш кылынган авторитардык саясий режимдердин жаңы классификациясы демократия жана авторитаризм түрүндөгү эки өлчөмдүү бөлүнүүнү колдонгон мурунку типтештирүүнүн айрым кемчиликтеринен ийгиликтүү арылды деп тыянак чыгарса болот.

Саясий теоретиктердин жаңы иштеп чыгуулары артыкчылыктарга ээ, анткени алар радикалдуу демократия гана эмес, ошондой эле өткөөл режим түрлөрүн, авторитардык субтүрлөрдүн алкагында кыймылдарды жана режимдердин демократиялык эмес бир түрүнөн авторитаризмдин башка түрүнө өзгөрүүнү эске алуу менен режимдик өтүүлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет. Бул режим түрлөрүнүн жаңы классификациясы, ошондой эле, кемчиликсиз эместигин жана илимий талкууларга себеп болгонун да моюнга алуу керек. Ошентсе да, концепциялык ыкмалардын жана классификациялык схемалардын көп түрдүүлүгү заманбап демократиялык эмес режим түрлөрүн изилдөө милдетин жөнөкөйлөштүрөт деген тыянак чыгарса болот.

2. Демократияга өтүү десе эле, анда өлкөдөгү башкы социалдык-экономикалык көйгөйлөр өзүнөн-өзү эле чечилип калбастыгын түшүнгөндөн кийин коомдун “авторитаризмге карата ностальгиясы - кусалык, каалоосу” – “ийгиликсиз” демократияга карата жооп катары чыкты. Демократияга карата балкыган сезимди көңүл калуу, бузулуу, кыжырдануу, апатия – кайдыгерлик, каалабоо, кайгы менен капа алмаштырды. Мына ушул себептерден улам дээрлик бардык постсоветтик республикаларда саясий системанын маятниги кескин түрдө экинчи бир четки чеккеооп кетти: гегемондук аткаруу бийлигине, анын тикетүзүмдөрүнө өттү. Башкача айтканда, тоталитаризмден либералдуу демократияга өтүүнүн объективдүү зарыл формасы катары саясий алдыңкы жайыкка авторитаризм чыгат. Ушундан улам демократиялык эмес саясий режимдерди жана авторитаризмдин улам пайда болуп жаткан жаңы формаларын изилдөөгө болгон окумуштуулардын кызыгуусу акыркы жылдары кескин жогорулады десек болот. Постсоветтик республикалардагы, өзгөчө Борбордук Азия, анын ичинен Кыргызстандагы саясий процесстер демократиялык эмес саясий режимдердин көз карашынан алып караганда изилдөөчүлүк кызыгууну туудураары шексиз. Кыргызстанда жана анын чегинен тышкаары да, акыркы жылдары авторитаризмдин жаңы формаларына жана анын ар кандай көрүнүштөрүнө арналып жарык көргөн илимий жана илимий-популисттик макалалардын санынын көптүгү буга мисал жана далил болуп эсептелет. Бул изилдөөлөрдүн теориялык жана изилдөөчүлүк ыкмалары ды ар кылдуу жана көп түрдүү. Ошентсе да алардын ичинен бул диссертациялык изилдөөдө рационалдык тандоо теориясын, неоинституционализмди жана актордук ыкманы негизги теориялык парадигмалар катары көргөзүүгө басым жасадык.

3. Коомдогу кескин өзгөрүүлөр терең туруксуздукка алып келет, мындай жагдайларда коомдо мазмуну авторитардык инсандын башкаруусу, же, тескерисинче, жаңы баалуулуктарды “жалпы элдик таануунун” жарылуусу болгон ресентименттин (таарыныч) көтөрүлүшү сыяктуу кубулуштар тез тез

байкала баштайт. Өтө кедейлик, козголоңчул кыймылдар, этностук жана диний чыр-чатактар, терең коомдук экономикалык теңсиздик, баанын өнөкөт түшүшү, ири тышкы карыз, терроризм, экономикада мамлекеттин ролунун чоңдугу демократиялык өткөөлдүн негизги контекстуалдык көйгөйлөрүн түзөт. Алгач авторитаризмдин кыйрашы жарандардын арасында шайдооттукту жана толкундануну пайда кылган, бирок жаңы демократиялык өкмөттөр чечпеген же чече албаган контекстуалдык көйгөйлөр, жаңы демократиялык коомчулукка болгон иллюзиялардын жоголушуна жардам көрсөтүп, демократиялык өкмөттүн ишмердүүлүгүнө карата кайдыгерлик, үмүтсүздүк жана көңүл калгандыкка алып келген.

Диссертациялык изилдөөлөр көрсөткөндөй коомчулуктун жаңы демократиялардан күтүлгөн үмүттөрү акталбай, чечилбеген маселелердин көптүгү үчүн көңүл калуусу өткөөл мезгилдин мүнөздүү белгилери болуп эсептелет. Буга байланыштуу биринчи планга элитанын жана жарандардын демократиялык тутумдун баалуулугуна ишенүүсүнүн даражасы чыгат. Саясий маданият темасы көңүлдү жаңы демократиялык өкмөттүн натыйжалуулугу жана мыйзамдуулугунун ортосундагы өз ара байланышына басым жасайт: мыйзамдуулук жок, алар натыйжалуулукка жете албайт, натыйжалуулугу жана аткарымдуулугу жок мыйзамдуулукка жетүү мүмкүн эмес.

Авторитардык башкаруучуларды сагынуу жана демократиялык башкаруучулардан көңүл калуу демократияга өтүүнүн ажырагыс өзгөчөлүгү болуп саналат, демократиялык түзүлүштү бекемдөө жараянындагы алгачкы кадам болуп саналат. Кайсы жерде демократиялык негиздерди түзүү жараяны муундардын алмашуусунун натыйжасында ишке ашса, демократиялаштыруунун кайра калыбына келүүсүнүн ыктымалдуулугу төмөн болот; экинчи жагынан, ой-пикирлердин өзгөрүүлөрүнүн натыйжасында капысынан демократиялык өзгөрүүлөр жүрсө, демократиялашуу жараяны каршы багытта мүмкүн болушунча тез болуусунун ыктымалдуулугу жогору.

Авторитардык чагылуунун эки түрүн сүрөттөдүк. Биринчи түрү - тез экономикалык жана саясий өзгөрүшүнөн улам келип чыккан

фундаменталисттик реакция. Бул жаңылыкты тануу жана эски маданий моделдердин ырастуулугун коргоо түрүндө чагылдырылган өзгөрүүлөргө жооп кайтаруу болуп саналат. Авторитардык чагылуунун экинчи түрү - бул күчтүү лидерлердин көзүнүн агы менен тең айланып сыйынуу. Терең ишенимсиздик жана алдын ала айта билүүгө мүмкүнсүздүктө темир эркине ээ жана көйгөйлөрдү чечүүгө, тартипти калыбына келтирүү жана коопсуздукту камсыз кылууга жөндөмдүү күчтүү лидерлерге ишенүүгө даярдык жаралат. Ошентип, авторитардык чагылуу, маданияттын бир бөлүгү болуу менен, каатчылык, коомдук кайра калыбын өзгөртүү абалында болгон коомдо, келечекке ишенбөө, учурдагыдан көңүл калуу күчтүү абройлуу бийлик адамына болгон муктаждыкты, кадимки маданий жана жүрүш-туруш тажрыйбасын сактоо зарылдыгынын пайда болушуна салым кошот. Авторитардуулуктун рекциясынын пайда болушу менен бирге, өткөөл коомдордо, каатчылык мезгилинде да, кескин өзгөрүшүнө жана келечекке ишенбестик абалында ксенофобия, маданий өзгөрүштөргө жана этностук азчылыктарга карата сабырсыздык пайда боло тургандыгын белгиледик.

Авторитардык чагылууну жоюунун натыйжасында бийлик менен кадыр-барктын бардык түрүнүн маанисинин төмөндөшү, өзүн-өзү көрсөтө билүүнүн, саясий катышуунун, келечекке ишенүүнүн артыкчылыгы, ошондой эле жашоо-турмушунун бакубаттуулугунун, жашоо сапаты, жекече өзүн-өзү көрсөтө билүүнүн артыкчылыгы пайда болот. Бул багыттар демократиялаштырууга жөндөмдүк түзүшөт. Демократияны бутага алган мамлекеттердеги негизги көйгөйлөргө төмөнкүлөр кирет: жакырчылык, наразычылык кыймылдары, этностор жана диндер аралык кагылышуулар, социалдык-экономикалык теңсиздик, өнөкөткө айланган инфляция, эбегейсиз көп тышкы карыз, терроризм, экономикадагы мамлекеттин чоң ролу. Авторитаризмдин кыйрашы жарандардын арасында эйфорияны – балкыган сезимди жана энтузиазмды – шыктанууну жаратты. Бирок, жаңы пайда болгон демократиялык өкмөттөр чече албаган же чечүүгө мүмкүн болбогон өзөктүү көйгөйлөрдүн көптүгүнөн жаңы демократиялык коомго болгон ишеним жоголду, кайдыгерликке алып келди,

демократиялык өкмөттүн ишмердигинен көңүл калуу жана фрустрация – бузулуу, айнуу күчөдү.Мындай көрүнүш алгачкы жолу 1979-жылы Испанияда байкалып «el desencanto» - көңүл калуу – деп аныкталган.

4. Саясий карьерасынын алгачкы бир жылында авторитардык бийликтин пайдубалын куруп, 1993-жылы кабыл алынган демократиялык Конституцияга 1994-96-98-2003-жылдары өтө орой, ачык эле авторитардык мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү кийирүү жолу менен үй-бүлөлүк бийлигин бекемдегени башынан эле ойлонулган иш экендигин А.Акаевдин жогорудагы, 1993-жылы январда, өз өлкөсүндө эмес, чет өлкөдө, Израилге расмий сапары учурунда, жарыя кылган, кеңири кыргыз коомчулугу үчүн учурунда сыр боюнча калган, Кыргызстанда авторитаризмдин зарылчылыгы жөнүндөгү теориясы ачык-айкын далилдеп тураарын изилдөөлөр көрсөттү. Акаевдик-авторитардык режим акыры жүрүп 2002-жылы 17-марттагы кайгылуу Аксы окуяларына, 2003-жылы 31-декабрдагы Кумтор менен болгон саткын макулдашууга, анан бир жумадан кийин, 2004-жылы 9-январдагы Кыргызалтындын 17,34% акцияларынын сатылышына, 2005-жылы 27-февралдагы жана 13-марттагы Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоодогу одоно мыйзам бузууларга, экономикалык жана социалдык адилетсиздиктер 2005-жылы 24-марттагы элдик революцияга алып келген.

5. Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында орун алган саясий окуялардын тажрыйбалары көрсөткөндөй, өлкөнүн башчысы чыныгы демократ-патриот болсо, анда өзүнүн мамлекетин, Сингапур мамлекетинин премьер-министри Ли Куан Ю сыяктуу, кыска мезгилдин ичинде гүлдөтүп, тездик менен өнүктүрүп, өз элинин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, бүткүл дүйнөгө атагы чыгыщы да мүмкүн экен, же болбосо, өзүнүн акылынын тайкылыгынан, “кетмен сабындай” кекиртегинен, ач көздүгүнөн жана намысынын жоктугунан, өз элинин жакшы жашоого болгон үмүтүн уурдап, мамлекеттин көз карандысыздыгынын тамырына балта чаап, коомду бөлүп-жарып, элди бири-бири менен чабыштырып, терең саясий-экономикалык жана социалдык кризиске кабылтып коюушу да мүмкүн экен...

1990-жылдарда - А.Акаевде, 2005-жылы март окуяларынан кийин - К.Бакиевде, 2010-жылы 7-апрелдеги кандуу окуялардан кийин - Р.Отунбаева менен А.Атамбаевде, өз элинин ой-тилеги менен бирге болуп, алардын ишенимин актап, өлкөсүн алга карай жетектеп, Кыргызстандын эле эмес, дүйнөлүк тарыхта көсөм жетекчи, улуу реформатор, даанышман улуттук лидер катары кала турган мүмкүнчүлүктөрү толугу менен болгондугуна карабастан, жалпы элдин аларга карата үмүтү менен колдоосу өз учурунда ченемсиз өлчөмдө болгондугуна карабастан, алардын бири да тагдырдын чанда берилүүчү мындай ооматы менен мүмкүнчүлүктөрүн эли менен жеринин кызыкчылыктары үчүн чын дилден жана ак пейилден пайдалана алышкан эмес. Биринчи экөө өздөрүнүн саранздыгы менен ач көздүктөрүнүн айынан өз эли-жеринен безип, качкын президенттер катары тарыхта калышкан. Р.Отунбаеванын бир жарым жылга созулган президенттик миссиясы мааниси жана милдеттери жагынан башкача болуп, ачык атаандаштыкта өткөн шайлоо аркылуу ал президенттик бийликти А.Атамбаевге эгемендиктин тарыхында биринчи жолу колдон-колго тынч өткөрүп бергенге жетишкен.

6. Ааламдашуу жараяны дүйнө элдерин улам көбүрөөк өзүнө тартып турган XXI кылымдын заманбап технологиялар заманында тарыхтын орто кылымдар дооруна мүнөздүү болгон “хандык” башкарууну орноткон президент А.Акаевдин үй-бүлөлүк саясий бийлигине каршы 2005-жылы 24-марттагы элдик ыңкылаптын толкунунда бийликке келген К.Бакиев, калктын талабына ылайык коррупцияны оздуктоонун ордуна, акаевдик даяр патрон-клиент схемасын толугу менен пайдаланып жана өз балдары жана бир тууганадары менен аны андан ары күчтөнкөндөн улам 2010-жылы 7-апрелде кезектеги элдик революция болуп өткөн. Эки революцияны тең Акаевдер түзгөн, Бакиевдер уланткан үй-бүлөлүк жана кландык кылмыштуу башкарууга каршы элдик нааразычылыктардын мааниси жагынан бир, ал эми формасы жагынан эки башка көрүнүшү катары кароо методологиялык туура ыкма болуп эсептелинет.

Мыйзамдуулук гана, атка минерлердин мыйзам алдындагы толук жоопкерчилиги гана, бийликтин толук ачыктыгы менен адилеттүүлүгү гана

